66.4(0)Кыр
М 86

Мохаммед ибн Рашид ал-Мактум

# Ой учкундары



Шейх Мохаммед ибн Рашид ал-Мактум Дубайда төрөлүп, ал-Ахмадия мектебинде окуган. Ал Улуу Британиядагы Монс офицердик кадеттик мектебинде аскердик таалим алган.

Ал 1968-жылы Дубайдын полициясы менен Коргоо күчтөрүнүн башчысы, 1971-жылы Бириккен Араб Эмирликтеринин Коргоо министри болуп дайындалган. 1995-жылы Дубайдын ханзаадасы, 2006-жылы Дубайдын эмири болгон. Ошол эле жылы ал БАЭнин вице-президенти, кийин премьер-министр болуп дайындалган.

Шейх Мохаммед БАЭ өкмөтүндө системалык стратегиялык пландоонун негиздөөчүсү деп эсептелет. Көптөгөн инновациялык идеяларды коомдук жана соода тармактарында, жергиликтүү жана улуттук деңгээлде жүзөгө ашырууну да ал эң биринчи сунуштаган. Алар эки баскычтан турган БАЭнин Мамлекеттик Стратегиясынын 2008- жана 2011-жылы жүзөгө ашырыла баштаган өнүктүрүү демилгелерин, анын ичинде «БАЭ чабыты — 2021» мерчемин, перспективдүү өнүгүү жана башкаруу боюнча бир катар башка программаларды да камтыйт.

Шейх “БАЭнин экологиялык өнүгүү стратегиясы”, Мохаммед ибн Рашид атындагы “Күн кубаты паркы” жана интеллектуалдык билим берүүнү өнүктүрүү боюнча Мохаммед ибн Рашиддин Демилгелери сыяктуу ири долбоорлордун негизги кыймылдаткыч күчү болуп эсептелет.

Табиятка жана сүйүүгө сугарылган, адамдын ой учкундары менен ички сезимдерине бейкапар карабаган акын катары ал бир нече ыр жыйнактарын чыгарган.

Шейх Мохаммед аргымактарды таптоого да кызыгат жана бир нече ирет дүйнөлүк ат чабыштарда жеңишке жетишкен.

Формуляр книги
66.4(0)кыр2 484458

Шейх Мохаммед и
Дубайда төрөлүп
мектебинде окуга
Британиядагы Мо
кадеттик мектеби
таалим алган.

Ал 1968-жылы Дуб
менен Коргоо күч
1971-жылы Бирикк
Эмирликтеринин
болуп дайындалг
Дубайдын ханзаа
Дубайдын эмири
жылы ал БАЭнин
кийин премьер-м
дайындалган.

Шейх Мохаммед
системалык стра
негиздөөчүсү де
инновациялык и
жана соода тарм
жергиликтүү жа
жүзөгө ашыруун
сунуштаган. Ала
БАЭнин Мамлек
2008- жана 2011-
баштаган өнүктү
анын ичинде «Б
мерчемин, перс
жана башкаруу
башка программ

Шейх "БАЭнин
стратегиясы", М
атындагы "Күн к
интеллектуалды
өнүктүрүү боюн
Рашиддин Дем
ири долбоорло
кыймылдаткыч

Табиятка жана
адамдын ой учк
сезимдерине б
акын катары ал
жыйнактарын ч

Шейх Мохамме
таптоого да кы
ирет дүйнөлүк
жеңишке жети

# Ой
## учкундары

УДК 327(100-87)
ББК 66.4(0)
М86

المكتب التنفيذي
THE EXECUTIVE OFFICE

РОЗА ОТУНБАЕВАНЫН
ДЕМИЛГЕСИ

**Бардык укуктар корголгон.** Бул эмгектен автордун макулдугусуз кайсы бир баянды же үзүндүнү, же сүрөттөрдүн кайсы бир бөлүгүн ар кандай түрдө (фотокөчүрмө же электрондук каражаттардын жардамы менен) көчүрүп алып, жарыялоого тыюу салынат. Эмгектин кайсы бир бөлүгүн жарыялаганда, автордун кат жүзүндөгү уруксатын алуу үчүн басып чыгаруучу тарап алдын ала авторго өтүнүч кат жазып, Motivate Publishing компаниясынын дарегине жөнөтүүсү керек. 1952-жылкы Бүткүл дүйнөлүк автордук укуктар конвенциясына, ошондой эле БАЭнин 2002-жылдагы "Автордук укуктар жана аларга тиешелүү укуктар жөнүндө" №7 федерациялык мыйзамына ылайык, эгерде басып чыгарган тарап бул мыйзамдардын талаптарына жооп бербесе, анда кылмыш жоопкерчилигине тартылат жана кеткен чыгымдын ордун толтуруу үчүн ага мыйзамдын негизинде жарандык доо коюлат.

**Мохаммед ибн Рашид ал-Мактум**
М86 Ой учкундары / Англис тилинен которгон Касым Машакбай уулу Рахманкулов; жооптуу ред. Тынчтыкбек Чоротегин. — Б.: Аркус, 2021. — 152 б. («Өмүрү өрнөк инсандар» түрмөгү)

ISBN 978-9967-485-17-4

Бул китеп Бириккен Араб Эмирликтеринин (БАЭ) вице-президенти жана өкмөт башчысы, шейх Мохаммед ибн Рашид ал-Мактумдун калемине таандык. Автор БАЭнин азыркы жана болочокку өнүгүү багыттары тууралуу ойлорун алгач «Дүйнөлүк Өкмөт саммитиндеги» сүйлөгөн сөзүндө камтып, кийинчерээк андагы идеяларды ушул китебинде кеңири маалыматтар менен толуктаган.

Китеп БАЭнин заманбап реформачыл жетекчилигинин ийгиликтерине саресеп салууга көмөк кылары шексиз.

«Роза Отунбаеванын демилгеси» Эл аралык коомдук фонду тарабынан кыргызча котормо иш-чараларынын алкагында биринчи жолу жарык көргөн бул китеп, Жакынкы Чыгыштагы өрнөктүү экономикалык реформаларды жүзөгө ашырып жаткан федерациялык мамлекеттин тарыхын жана азыркы жагдайын терең үйрөнүүнү мүдөө кылган чыгыш таануучуларга, тарыхчыларга, саясат таануучуларга жана жалпы окурмандарга арналат.

**УДК 327(100-87)**
**ББК 66.4(0)**

Долбоор «Роза Отунбаеванын демилгеси» Эл аралык коомдук фонду тарабынан аткарылды. Китеп биринчи жолу кыргыз тилине которулду, басылды жана таркатылды.

Sheikh Mohammed bin Rashid Al Maktoum. Flashes of Thought / Translated from English into Kyrgyz by Kasym Rakhmankulov; edited by Professor Tynchtykbek Chorotegin. — Bishkek: Arcus Publishing, 2021. — The International Public Foundation "Roza Otunbayeva Initiative".

ISBN 978-9967-485-17-4

© Улуу Урматтуу шейх Мохаммед ибн Рашид ал-Мактумдун кеңсеси, 2021
Бардык укуктар корголгон.

66.4(0)кырг
М 86

Мохаммед ибн Рашид ал-Мактум

# Ой
# учкундары

Токтогул Сатылганов
Ош облустук китепкана
ИНВ № 484458

# Алгы сөз



Мен үчүн шейх Мохаммед ибн Рашид ал-Мактумдун жүрөк толтосундагы ойлорун жана көз караштарын чагылдырган маанилүү топтом болуп саналган «Ой учкундары» китебин окурмандарга сунуштоо өзгөчө ыракат тартуулайт.

Мен шейх Мохаммеддин «Дүйнөлүк Өкмөт саммитиндеги» сүйлөгөн сөзүн өзгөчө ыракаттануу менен уктум. Анын ошондогу сөзү колуңуздардагы китепти жазууга шыктандырды. Кийинки беттерде айгинеленгендей, шейх Мохаммед ошол күнү жарыя кылган көз караштарын кеңейтип берет жана болочокко карата жаңыча идеялар камтылган жаңы материалдарды да кошумчалайт. Бул анын өзүнүн лидерлик жана турмуш жаатындагы жекече



идеялары менен тажрыйбасы бири-бирине ширетилген көп тарамдуу китеп.

Мен бул китептин алгачкы сомоло вариантын окуп, өзгөчө канааттандым. Шейх Мохаммед, [БАЭнин] башка өкүмдарлары жана мен өзүм, өкмөт жаатында анын мыкты сапатка умтулуусу, анын болочогу жана коомдогу ролу жаатында бирдиктүү көз карашты карманабыз. Биз өз мамлекетибиздин негиздөөчүсү болгон аталарыбыздын осуяттарын бир туугандарча тааныйбыз жана урматтайбыз.

Шейх Мохаммед мындайча түшүндүрөт: «Өкмөт элдин жыргалчылыгы үчүн иштеши керек. Өкмөт элге үстөмдүк кылчу бийлик болуп саналбастан, эл кызматын аркалаган бийлик болуп эсептелет».

«Дүйнөлүк Өкмөт саммитине» жыйылган 30дан ашуун өлкөнүн өкүлдөрүн кол жайып тосуп алуу жана бардык жарандар үчүн өкмөттүк кызмат эмне экенин айырмалоо жана жетекчиликке алуу максатында чогуу-чаран жол табуу БАЭ үчүн өзгөчө ыракат тартуулаган иш болду.

Биз башкалардын тажрыйбаларын өздөштүрүү, башкалар менен билимдерибизди алмашуу жана өз идеяларыбызды башкалар менен үлөшүү аракеттерин улантууга тийишпиз. Баарынан да, өнүгүүгө өзгөчө көңүл буруу аркылуу, андан башкага алагды болбостон, мамлекет ырааттуу бакубаттыкты камсыз кыла алышы мүмкүн. Өнүгүү — бул жыргалчылык менен телегейи тегиздиктин кыймылдаткычы. БАЭде 41 жылдан ашуун мезгилден бери биз дал ушул жобону назар тутуп келебиз.

Менин үмүтүмдө, бардык окурмандар бул китептен пайда табат. Маселен, жаштарыбызга жана өкмөттүк кызматкерлерибизге мындай деп кайрылар элем: узак мөөнөттүк тажрыйбасы бар байсалдуу араб лидеринен үйрөнүп калуу үчүн ушул удулду пайдаланыңыздар. Кудай жалгап, бизге бул китепте камтылган жүрөк толтосундагы ойлор жалпы мамлекетибиздин кызыкчылыгында жана ар бир жарандын бакубаттыгы үчүн кызмат кылышына күбө болуу насиби тийсин.

**Халифа ибн Зайид Аал Нахйан**
БАЭнин президенти

# Киришүү

2013-жылы февралда БАЭде «Дүйнөлүк Өкмөт саммити» өттү. Ал өкмөттөр өз кызматын кантип азыркыдан да натыйжалуураак, таасирдүүрөөк жана жарандарды көбүрөөк көңүл чордонуна алгандай жүзөгө ашыруусу керектиги тууралуу жаратмандык ойлорун бөлүшүү үчүн дүйнөнүн чартарабынан келген расмий жетекчилер менен адистерди баш коштурду.

Бул саммиттин алкагында мен жандуу түрдөгү суроо-жооп отурумун алып бардым. Ал шыктандырчу баарлашуу болду. Анда башкаруу ыкмалары жана жетекчи болуудан тартып жекече турмуш, ийгилик жана анын кыймылдаткыч күчү сыяктуу суроолорго чейинки кеңири тематиканы камтыган көйгөйлөргө ой чабыт жасалды.

Бул талкуу түшүндүрүү менен ой толгоонун мүмкүнчүлүгүн ыроолоду. Кандайдыр бир деңгээлде бул отурум бир катар олуттуу идеялар үчүн, анын ичинде, мамлекетибизге карата биздин көз карашыбыздын чордонун түзгөн идеяларды аныктоочу учур болуп калды. Ал ушунчалык маанилүү болгондуктан, иш жүзүндө бул баарлашууну дарекке айлантып жана кеңири баяндап, бир китеп жазууну ниет кылдым.

Бул китеп, аны жазууга түрткү болгон [«Дүйнөлүк Өкмөт саммитинин»] отурумундагыдай эле, көйгөйлөрдү кеңири камтыйт. Мында мен ошол жыйын күнү убакыттын чектелүү болгондугунан улам, талкууланышы мүмкүн болбогон темаларды да киргиздим, ошондой эле өзүмдүн ошондогу айрым жоопторумду да толуктап өттүм.

Акырында бир маанилүү нерсени кошумчалай кетсем, мен өзүм окумуштуу эмес экендигимди баса белгилешим керек. Өзүмдү акылман ойчул катары да санабайм. Бул китеп тек гана менин кыска-нуска каттарымдын, тажрыйбамдын, идеяларымдын жана ой толгоолорумдун топтому болуп саналат; анын көзгө басар мүдөөсү мамлекетибизге кызмат кылуу жана мекендештерибизге тиешелүү бакубаттык жаратуу болуп саналат.

Биз ылайым өлкөбүзгө жана элибизге байсалдуу кызмат кылсак экен деп, улук Алла таалага табынабыз.

**Мохаммед ибн Рашид ал-Мактум**

# Мазмуну


Алгы сөз (Халифа ибн Заиид Аал Нахйан) .......... 4
Киришүү (Мохаммед ибн Рашид ал-Мактум) .......... 6

1 Жыргалчылыкты камсыздоо — биздин мүдөөбүз .......... 12
2 Болочоктун өкмөтү .......... 16
3 Жагымдуу кубат жана жаркын маанайдагы ой жүгүртүү .......... 20
4 БАЭнин өнүгүүдөгү артыкчылыктуу багыттары .......... 24
5 Жеңиш белгиси .......... 28
6 «Бурж Халифа» мунарасы .......... 32
7 Биримдиктин руху .......... 36
8 Турмушумдун бир күнү .......... 40
9 Биринчи орунда .......... 42
10 Аялдардын макамын чыңдоо .......... 44
11 Ат чабыш, поэзия жана лидерлик .......... 48
12 Булуң байгеси .......... 52
13 Чыдамкайлык .......... 54
14 Менин өрнөгүм .......... 58
15 Убакытты башкаруу .......... 62
16 «Араб жазы» .......... 64
17 «Араб жазы» жана капиталдык салымдар .......... 68
18 Идеялар жана салымдар .......... 70
19 «БАЭ чабыты — 2021» .......... 72
20 Тобокелчиликке бел байлоо .......... 82
21 Чакырыктар .......... 86
22 Мүмкүн эмес .......... 90
23 Ишкерлер чөйрөсү менен жыйын .......... 92
24 Өкмөт ишинин сапатына байкоо жүргүзүү .......... 96
25 Кызматка киришкен күн .......... 100
26 БАЭнин ийгилиги .......... 104
27 Дүйнө жүзүнө көмөк .......... 108
28 Кызматкерлерден күткөндөрүбүз .......... 112
29 Жумушчу топторду шыктандыруу .......... 116
30 Бир мамлекет .......... 120
31 Убакытты текке кетирбөө .......... 124
32 Үй-бүлөлүк туризм .......... 128
33 Лидерликтин жаңы аныктамасы .......... 132
34 Өкмөттү жаңыртуу .......... 136
35 Баланын кыялы .......... 140
36 Чымыр денеде — чыныгы лидер .......... 142

Автордун жарык көргөн башка эмгектери .......... 145
Кыскача түшүндүрмө сөздүк (Т.К. Чоротегин) .......... 146


الريادة في الخدمات الحكومية
LEADING GOVERNMENT SERVICES

# Жыргалчы… ыз … ин мүдөөбүз

1

Мен «Дүйнөлүк Өкмөт саммитинин» алкагындагы жандуу баарлашуу отурумумдун башталыш бөлүмүндө чогулгандарга төмөнкүдөй суроолор менен кайрылдым: «Эмне үчүн биз азыр бул жерде отурабыз? Бул сыяктуу жыйындар менен жолугушуулардын максаты эмнеде? Биздин өкмөттүк кызматты жакшыртуу далалаттарыбыздын маңызы эмнеде?» Мен мамлекеттик кызматкер катары иштеген ар бир кишинин чоң бир көйгөйгө сарасеп салуусун каалагандым: «Деги өкмөттүн жумушу эмнеде?»

Менин жообум жөнөкөй жана айдан ачык болчу: «Өкмөттүн иши элдин жыргалчылык турмушун камсыз кылууда турат».

Албетте, биздин күндөлүк ишибиздин бардыгы, чынында да, элдин жыргалчылык турмушуна жетишүүгө байланган.

Өкмөттөр калайыктын турмушун жакшыртуу үчүн өз кызматтарын жаратып жана өнүктүрүп жатып, кишилердин ыракаты жана бактысы үчүн салым кошот. Өкмөттөр калайык үчүн мүмкүнчүлүктөр жараткан чакта, алар бул үчүн өздөрүн бактылуу сезишет. Өкмөттөр мыкты билим берүүнү сунуш кылган чакта, алар жаштарды өзүнүн жаркын болочогун куруу жана өз бактысын табуу үчүн зарыл жабдууга ээ кылат. Өкмөттөр мыкты саламаттык сактоону камсыз кылган чакта, бейтаптар канааттанбай коё албайт. Өкмөт инфраструктураны өнүктүргөн чакта, жолду кезгенде бошко кетчү убакыт көлөмү кыскартылат, а мунун өзү, шексиз түрдө калайыктын бактылуулугуна жана ыракатына салым кошот. Ал эми адилеттүүлүк камсыз кылынган чакта, жалпы коом канааттанат жана ишеним менен жашайт.

Кишилердин жүрөгүндө шаттык маанайды пайда кылуудан жакшы эч нерсе жок. Биздин максатыбыз — тейлөө кызматтарын өнүктүрүүдө, жыйындарды уюштурууда жана өкмөттүк мыкты тажрыйбаларды иликтеп табууда турат. Биз элди бактылуу кылгыбыз келет жана Алла тааладан өзүбүздүн ушул нуктагы изденүүбүзгө көмөк көрсөтүүсүн суранабыз.

Ар кандай эле расмий жетекчи дал ушул максатка дилин берген чакта, анын күндөрү, чечимдери, долбоорлору, ал түгүл, анын кишилер менен дидарлашкандагы жүрүм-турумунан бери кескин өзгөрүүгө учурайт. Ал түгүл, ал миңдеген кишилердин бактылуу турмушуна огожо болуп жатканын аңдаган чакта, анын өзүнө өзү канааттануусу алда канча бекемделет.

Дал ушуну биз [мамлекетибизди] негиздеген бабаларыбыздан үйрөнгөнбүз. Бабаларыбыздын бир гана санааркоосу — бул өз элин мүшкүл турмуштан ыракаттуу жана бакубат жаңы турмушка жетектеп келүү болгон.

Сиз 40 жылдын ичинде эле БАЭнин жалпы дүң кирешеси 190 эсеге өскөнүн элестете аласызбы? Дагы бир өңүт: 1971-жылы БАЭде болгону 74 өкмөттүк жана жеке менчик мектептер болгонун элестетсеңиз? Азыркы тапта бизде 1200дөн ашуун мектеп бар. 1971-жылы БАЭде оорукананын саны жетиден ашкан эмес. Азыр өкмөттүк жана жеке менчик тармактарга таандык 90 оорукана жана 2000ден ашык саламаттык сактоо борборлору иштеп жатат.

**«Өкмөттүн иши —**
**элдин жыргалчылык турмушун**
**камсыз кылууда турат».**

1971-жылы өлкөдө ЖОЖду аяктагандардын саны 40ка жете берчү эмес, ал тургай бир да университет жок болчу. Ошол эле учурда миңдеген жумуш орундары жогорку билимдүүлөргө зар болуп жаткан. Эми бизде бир нече он миңдеген студент окуткан 73 коллеж менен университет бар. Мына ушул сыяктуу мисалдар көп.

Арийне, биздин [мамлекетти] негиздөөчү аталарыбыздын кажыбас мээнеттеринин кыймылдаткыч күчү болуп, элдин көңүлүн табууга жана аларга ыракат жаратууга умтулуусу болгондугу анык. Бул жагынан алганда, биздин лидерлерибиз мамлекетти байсалдуу түптөөгө жетише алышты, ал эми башка жактарда болсо эчак калыптанган мамлекеттер башка артыкчылыктарды көздөгөн лидерлер тарабынан ойрон болуп калып жатпадыбы. Биздин лидерлерибиз ар дайым элдин тилин табууну жана алардын бакубаттыгын арттыруу үчүн салым кошууну көздөп келишкен жана бул жаатта алар ийгиликке жетише алышты. Дал ошондуктан, эл аларды жакшы көрүп, сый-урматын билдирип келет.

Биздин жарандарыбыз артыкчылыктар жаатында биринчи, экинчи жана үчүнчү орундардын бардыгын ээлейт! Биздин президентибиз, Улуу урматтуу шейх Халифа ибн Зайид Аал Нахйан өкмөтүбүз үчүн дал ушул багытты түзгөн жана ал өз элинин ыракаты, канааттануусу, туруктуулугу жана бак-таалайы үчүн ыраатуу мээнет кылып келе жатат.

**«Биз бул өкмөттү коомдун жигердүү бөлүгү катары таанийбыз, аны эч качан коомдон жиктелген же обочодо калган кандайдыр бир нерсе катары кабылдабайбыз».**



Биз бакытты биздин көптөгөн идеяларыбыз менен саясий багыттарыбыздын пайдубалы деп карашыбыз деле мүмкүн болчу. Чынында да, ал түгүл жакында кээ бир эл аралык мекемелер жарандык бактылуулук сезимин жана канааттангандыкты өнүгүүнүн илимий көрсөткүчү катары кабыл алышкан.

Биз өкмөттү коомдун жигердүү бөлүгү катары таанийбыз, аны эч качан коомдон жиктелген жана обочодо калган кандайдыр бир нерсе катары кабылдабайбыз. Өкмөт эл үчүн иштейт, өз максаттарына эл аркылуу жетишет жана өз ийгилигин калайыктын канааттануусу аркылуу өлчөйт. Өкмөт — бул бийлик, бирок ал элге үстөмдүк кылбастан, эл кызматын аркалаган бийлик. Анын милдети — элге жагуу жана эл-журттун балдары үчүн жаркын келечекти камсыз кылуу.

**«Биздин жарандарыбыз артыкчылыктар жаатында биринчи, экинчи жана үчүнчү орундардын бардыгын ээлейт! Өкмөтүбүз үчүн бул чыйырды шейх Халифа ибн Зайид Аал Нахйан чаап берген».**

# Болочоктун өкмөт

## 2

Бул бап болочокку өкмөт жаатындагы көз карашыбызды чагылдырат. Бул темага сүңгүп кирер алдында мен муну баса белгилегим келет: биз болочокку өкмөт тууралуу кеп козгогондо анын саясий түзүлүшү жаатын эмес, тейлөө кызматы жаатын көңүл чордонунда тутабыз. Ар башка өлкөлөр айырмалуу мамлекеттик башкаруу түрлөрүнө ээгедер. Бирок алардын бардыгы тең бир гана мүдөөнү — жарандардын кызматын аркалоо мүдөөсүн көздөп иш-аракет кылат.

Деги өкмөт канткенде өз элине жакыныраак болуп, өз кызматтарын калкына ыкчамыраак, мыктыраак жана сезимталыраак деңгээлде сунуштай алат? Мына ушул менин биринчи кезектеги эң башкы түйшүгүм жана ушул суроо БАЭдеги өнүгүү жаатындагы биздин бардык иш-аракеттерибиздин көңүл чордонунда турат.

Бир канча убакыт мурда биз Жапония өкмөтүнүн делегациясын кабыл алган элек. Алар биздин өкмөтүбүздүн конкреттүү бир тейлөө кызматындагы жер тилкесин жана кыймылсыз мүлктү каттоо ишиндеги тажрыйбасын үйрөнүүгө кызыкдар болушту. Айрым өлкөлөрдө бул иш бир нече айлап жана ал түгүл жылдарга созула турган татаал жүрүм болуп саналат. Мен бир кесиптешиме бул иш сапар тууралуу айтып калсам, ал Жапония сыяктуу өнүккөн өлкөлөрдөн бери туурагысы келгендей деңгээлде натыйжалуу уюштурулган бул системаны түзгөн жетишкендигибизге таасирленди. «Менин оюмча, сиздер марага жеткен турбайсыздарбы, Улуу урматтуум! — деп айтты. — Сиздин эмгек жамаатыңыз эми бул сыяктуу көз тайгылткандай ийгиликтен соң жөн гана сайран куруп, ыракаттана эс алышы керек экен».

Мен буга каршы пикир билдирдим. Ийгиликке жетүүдөгү менин рецептим — ар дайым өз максатыбызды жүзөгө ашырган сайын ырааттуу түрдө мүдөө мерчемин жогорулата берүү. Албетте, мындай ийгиликтерге сыймыктануунун өзү туура иш, бирок биз эч качан канааттануу сезимине алдырбашыбыз керек. Өз дымагыбызды бекемдөөбүз жана телегейи тегиз серепге жетүү үчүн, биз ар дайым улам жогорураак баскычка чыгууну көздөшүбүз ылайым. Ошондуктан мен мындай жооп узаттым: (б. 18) «Ийгилик





Шейх Мохаммед 2011-жылы өткөрүлгөн GITEX технологиялык көргөзмөсү маалында манжа тийгизип, башкарылчу акылдуу тактаны басууда.

Ош ... китепкана
ИНВ № 484458

тууралуу биздин аныктамабыз өзгөрүүгө учурады. Биз эми келечекке — өкмөттөрдүн болочокку муунуна карай көз чаптырышыбыз керек».

Ошентип, болочокку замананын өкмөтү кандай сапатка ээ болууга тийиш?

- Болочокку өкмөт жылы бою, 24/7 [б.а. аптанын ар күнү 24 саат ичинде. – Ред.], тейлөө кызматын аркалоо үчүн ачык болот. Жеке менчик тармак ишкердик үчүн ачык болуп жаткан соң, мамлекеттик кызмат неге мындай шартта иштебеши керек? Биз өкмөтүбүздүн аба жолдору компаниясы сыяктуу эле күн-түн дебей элди тейлеп турушун каалайбыз.
- Болочокку өкмөт тейлөө кызматынын сапаты жагынан жеке менчик тармагы менен атаандашат жана андан озуп өтөт. Биз өкмөтүбүздөн кардарларды конок үйлөрдөгүгө караганда алда канча жогорку кесипкөйлүк менен жагымдуу тосуп алуусун каалайбыз; биз өкмөтүбүздөн иш жүрүмдөрүн банктарга салыштырмалуу алда канча мыкты башкаруусун каалайбыз.
- Болочокку өкмөт тыгыз байланышты камсыздайт. Жарандар өкмөт менен болгон ар кандай келишимдик чараны өкмөттүк ар кандай тейлөө борборунда жыйынтыктоого мүмкүндүк алууга тийиш. Көп багыттар ширетилген тейлөө борборлору жарандарды бир мекемеден экинчисине кайра узак убакытты алчу сапарлардан куткарып калат.
- Болочокку өкмөт бардык жерде тейлөөгө даяр турат. Кардарлар уюкфон тиркемелерин колдонуу менен өздөрүнө ыңгайлуу мезгилде келишимдик чараларын каттап жана андан ары жүзөгө ашырылышын көзөмөлдөй алышы үчүн, биз өкмөттүк тейлөө кызматтарын уюкфондорго көчүрөбүз.
- Болочокку өкмөт саамалыкчыл (инновациячыл) болуп саналат жана жаңы идеяларды иштеп чыгууга ар дайым жарамдуу. 2012-жылы БАЭнин өкмөтү өзүнүн тейлөө кызматтарын жеңилдетүү жана жакшыртуу максатында 20 миңден ашуун жаңы идеяны иштеп чыгууга үлгүрдү. Биздин максатыбыз — саамалыктык идеяларды иштеп чыгууга, жүзөгө ашырууга жана алардын натыйжалуулугун ар дайым өлчөп турууга калайыкты шыктандыра тургандай жагымдуу чөйрөнү жаратуу. Саамалыкчылдык — бул болочоктун капиталдык салымы.
- Болочокку өкмөт — бул бири-бирине ширелген жана натыйжалуу техникалык системаларга ээ болгон мамлекеттик башкаруу жүзөгө ашырылган акылдуу өкмөт.



Ал эми акылдуу өкмөт болсо, келишимдик чаралардын ар кыл түрлөрүн жүзөгө ашырууну жыйынтыктоодо мурдагылардан алда канча ыкчамыраак иштейт.

Биз ушул сыяктуу идеялардын бир тобунун үстүндө эчак эле иштей баштаган элек; ал эми жакынкы жылдарда калайык демейдеги турмуш-тиричилигинде анын пайдалуу жактарын сезе баштамакчы. Ошол чекитке жеткенде, биз мамлекеттик тейлөө кызматтарын сунуш кылуудагы ийгиликтин жаңыча аныктамасын караштыра баштамакчыбыз.

**«Болочокку өкмөт жылы бою, 24/7 (б.а. аптанын ар күнү 24 саат ичинде), тейлөө кызматын аркалоо үчүн ачык болот».**

# Жагымдуу кубат жана жаркын маанайдагы ой жүгүртүү

## 3

Жолугушууларымдын маалында мен ар дайым жагымдуу кубат, анын турмушубузга жана канчалык деңгээлде байсалдуулукка жетишерлигибизге карата таасири жөнүндө кеп салып келем. Бул тууралуу мен мурдагы «Менин ой чабытым» аттуу китебимде да сөз кылган элем.

Менин ишенимимде, биздин бардык иш-аракеттерибиз менен жетишкендиктерибиз тек гана жүрөк толтобузда сакталгандардын чагылдырылышы болуп саналат. Көтөрүңкү көңүл ыргагы жана келечекке ишенүү бизге жашоодогу бардык кыйынчылыктарды жеңүүгө, ал турмак эң оор милдеттерди жүзөгө ашырууга жардам берет деп эсептейм. Ошондой эле көтөрүңкү көңүл ыргагы жугуштуу деп ойлойм: биз аны башка кишилерге да жугуза алабыз. Анын сыңарындай, биз өзүбүз да тез-тез эле башка кишилердин жакшы өрнөгүнө же жаман кесепетине таасирленишибиз ажеп эмес.

Менин узакка созулган иш тажрыйбамда кулк-мүнөзүн өзүм эч өзгөртө албай койгон терс касиеттүү көптөгөн кесиптештерим менен досторду учураттым. Мен кандайдыр бир долбоор сунуш кылсам эле, алар муну ишке ашырууга болбойт же өтө татаал деп кыйлага кан ыйлап жатып калышчу; кандай гана демилгени сунуштабайын, алар: «Бул ишке ашпайт», — дей беришчү. Ал тургай мен «күн чакчайып тийип турат» десем да, алар аны көрбөй тургандыгын айтышчу; эгерде мен аларды «сыртка чыгып көргүлөчү» десем, алар чыга албастыгын айтып, жооп узатышчу. Албетте, мындай терс жана көңүл чөгөрчү маанайдагы азганактай кишилер менен да көрүштүм. Өз тагдырымда мен андайларды алда канча оптимист, дилгир жана көтөрүңкү маанайдагы кишилерди издөө аркылуу алмаштыра алдым.

Мен өзүмдүн кесипкөйлүк жолумда көптөгөн кыйынчылыктарга туш болдум, бирок эч качан ал кыйынчылыктардын төө бастысында калган жокмун. Аккан суу ташка урунган чакта токтоп калчу беле? Албетте, токтобойт. Суу таштын сол же оң жагынан айланып өтөт да, өз жолун улай берет.



Мунун сыңарындай, ак эдил мырза же айым өз максатына жетүүдө ага эч нерсе тоскоол кыла албастыгына ишенет.

Ар бир күнүңөрдү ар дайым жаркын маанайда жана ишенимдүү баштагыла, жакшы нерселер жөнүндө гана ойлонуп, жөндөмүңөр жаатында келечекке ишенимдүү карагыла. Бул силердин жүзүңөрдөн, жылмаюуңардан, тегерегиңердегилер менен мамиле түзүүңөрдөн, күнүмдүк кыйынчылыктарды кантип жеңе билүүңөрдөн көрүнүп турмакчы. Оптимисттер дайыма жайдары күлүп, жүздөрү ажарданып жана татына рухка чайынып жүрүшөрүн байкадыңыздар беле? Экинчи жагынан алганда, терс маанайдагы кишилер өз убактысын чакырыктардан жалт берүүгө коротушат жана турмуштан жамандыкты эле күтө беришет.

Жагымдуу маанай кубаты оптимизмден жаралган. Биздин динибиз эгерде оптимист болсоңуз, анда өз эңсегениңизди таба аласыз деп тастыктайт.

**«Аккан суу ташка урунган чакта токтоп калчу беле? Албетте, токтобойт. Суу таштын сол же оң жагынан айланып өтөт да, өз жолун улай берет. Мунун сыңарындай, ак эдил мырза же айым өз максатына жетүүдө ага эч нерсе тоскоол кыла албастыгына ишенет».**

Эгерде сиз айланаңыздан жалаң гана бактысыздык, мүшкүл, санааркоо жана кайгыны гана көрө берсеңиз, анда ошого кабыласыз. Экинчи жагынан алсак, эгерде бул дүйнөнү толгон-токой мүмкүнчүлүктөр, укмуштуу окуялар, бакты-таалай, жыргал жана жетишкендиктерге мол деп карасаңыз, анда ушулар өз жолу менен келет. Сиздин акыл-эсиңиз менен ой жүгүртүү нугуңуз өзүңүздүн турмушуздун чындыгын жаратып берет. Ошондуктан жашооңузду жаркын маанайда жашап өтөсүзбү же кейип-кепчип жүрүп өмүр кечиресизби — муну өзүңүз тандайсыз.

Жаркын маанай мүшкүл мезгилдерди керемет көз ирмемдерге, кыйынчылыктарды башкарылчу көйгөйлөргө айлантып коёт, ал эми «таптакыр мүмкүн эмес» деген нерселер демейдеги айтыла жүрчү сөз же пикирге айланып калат. Жаркын маанай сиздерге өмүрүңүздөрдөгү эң татынакай келечектин капкасын ачат, ийгиликтерге жетүү үчүн сиздерге көксөө, күч-кубат жана дем-шык берет.

Мен бардыгыңыздарга жаркын маанай менен жүрүңүздөр, аны өз жамаатыңыздардын моралдык рухун чыңдоого жумшаңыздар деп кеңеш берер элем, анткени жамааттык топко эң чоң таасирди анын лидери берет эмеспи. Өз жамааттык тобуңуздардын моралдык жагдайын пессимизм же ыргылжыңдык маанай аркылуу түшүрүп албаңыздар. Аскердин ийгилиги курал-жарак жана ок-дары менен камсыз кылууга көбүрөөк көз каранды; моралдын жогорку деңгээли жеңиштин ачкычы болуп саналат, анын сыңарындай, төмөнкү кужурмөн рух жеңилүүгө тете. Эгерде моралдык рух күчтүү болсо, калайык өз лидеринин же лидер айымынын көз карашын оңой эле кабыл алат, анын тапшырмаларын жазгырбай аткарып, ал айткан жолдон тайбайт. Эгерде кужурмөн рух төмөн болуп, начар натыйжага алып келсе, мында күнөө, шексиз түрдө, түздөн-түз жетекчиге гана таандык. Демек, Сиздер өз жамааттык тобуңуздарга оптимизм жана жагымдуу маанай тартууласаңыздар, ошондо алар сиздерге жетишкендик жана жаратмандык түрүндө жооп кайтарышат.

**«Жаркын маанай сиздерге өмүрүңүздөрдөгү эң татынакай келечектин капкасын ачат, ийгиликтерге жетүү үчүн сиздерге көксөө, күч-кубат жана дем-шык берет».**





Шейх Мохаммед 2012-жылы Дубайдагы Ат чабыш боюнча Бүткүл дүйнөлүк мелдеште өз аргымагы марага биринчи озуп келген соң, шаттанып жаткан калайыкты тилектештик ишаарасы менен колдоду.

# БАЭнин өнүгүүдөгү артыкчылыктуу багыттары

## 4

Бир журналист менден БАЭнин өнүгүүсүнүн артыкчылыктуу багыттары жөнүндө түшүндүрүп айтып берүүмдү суранды. Мен ага үч нерсени атап жооп узаттым: укуктарды кеңейтүү, билим берүү жана эмиратташтыруу.

- Укуктарды кеңейтүү биздин президентибиз шейх Халифанын көз карашынын чордондук жобосу болуп эсептелет. Азыркы мезгилде биз укуктарды кеңейтүү баскычын баштан кечирип, өз жарандарыбызга көбүрөөк укук берип жатабыз. Адамзаттын өнүгүүсү — бул ырааттуу улантылып жаткан изденүү, бирок биз бүгүнкү күндө бийлик мекемелери менен органдары аркылуу жарандарыбыздын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө өзөккү маани берип жатабыз. БАЭнин жарандары бардыгын калчай алган дилгир кишилер. Биз аларга толук ишенебиз. Алар өз тагдырларына өздөрү кожоюн.
- Билим берүү — мамлекетибиздин башкы артыкчылык багыты; ошондуктан биз бул тармакта бир катар демилгелер менен долбоорлорду баштадык. Биз жетишилген ийгиликтерге азырынча толук канааттана элекпиз, ошондуктан билим берүү системасы ишмердүүлүгүбүздүн өзөккү багыты бойдон кала берет.
- Эмиратташтыруу — бул БАЭнин жарандарын шыктандырууда жана аларга иш орундарында кеңейтилген укуктарды камсыз кылуудагы биздин кыймылдаткыч күчүбүз; бул өнүт биздин президентибиз, өкмөтүбүз жана бардык эмираттыктар менен алардын жергиликтүү бийликтери үчүн дагы бир артыкчылыктуу багыт. БАЭнин 25 000 жаранын иш менен камсыз кылуу максатында президент бир нече олуттуу демилгелердин түрмөгүн сунуштады. Биз 2013-жылды «эмиратташтыруу жылы» деп жарыяладык; бул жылы ушул чөйрө боюнча жаңы эрежелер менен программалар киргизилмекчи. Мен өз өлкөсүнүн айкөлдүгүнөн баар таап жаткан жеке менчик тармагындагы кесиптештеримден «эмиратташтыруу» аракеттерине өз салымдарын кошууларын жана мунун аркасында БАЭни өнүктүрүүгө катышуусун өтүнөр элем.

Бул БАЭни өнүктүрүүнүн эң омоктуу артыкчылыктары. Булар ошондой эле «БАЭнин 2021-жылга карата ой чабыты»





Шейх Мохаммед 2012-жылы өзү демилгелеген «Акылдуу таалим» долбоорунун бет ачар аземинде бир мектеп окуучусу менен бирге iPad аспабын колдонууда.

деп аталган элибиздин узак мезгилдүү максаттарын аныктаган стратегиябызда да даана көрсөтүлгөн. Бул долбоордо мамлекеттин турмушундагы ар бир тармак үчүн чыйыр белгиленген жана биз ар бир тармакка өзүбүздүн конкреттүү максаттарыбыз жана күтүлчү натыйжаларыбыз тууралуу маалымдап жаткан чагыбызда, бул концепциялык долбоор бул чыйырды маанилүү мерчем кылып көрсөтүп турат. Ошондуктан мен китептин 19-бабын «БАЭнин 2021-жылга карата ой чабыты» долбооруна арнадым.

**«БАЭнин жарандары — бул бардыгын калчай алган дилгир кишилер. Биз аларга толук ишенебиз. Алар өз тагдырларына өздөрү кожоюн».**




Шейх Мохаммед 2013-жылкы «Дүйнөлүк Өкмөт саммитиндеги» интерактивдүү баарлашуу отуруму маалында чыгып сүйлөөдө.

# Жеңиш белгиси

5

Кишилер менден көп учурда сурап калчу нерсе — бул, баардыгына маалым болгондой, чыдамкайлыкты талап кылчу ат чабыш сыяктуу окуяларда жекече жеңишти камсыз кылган учурларымда колум менен жасап келчү адаттан тышкаркы ишааранын сыры. Демейдегидей эки манжа менен жеңиштин ишаарасын билдирген «V» деген белгинин ордуна, мен өз ишаарамды ойлоп таап, баш бармак, сөөмөй жана ортонумду бириктирип, үч манжамды чогуу көтөрүү менен салтанаттуу саламдашып коём.

Жеңиштин жалпы кабыл алган «V» деген белгиси дүйнө жүзүнүн башка жактарында салтка айланган, бирок бизде, араб дүйнөсүндө, мындай ишаара кабыл алынган эмес. Өзүмө бир кылт этип ой келди: «Эмне үчүн биз дайым эле өз кубанычыбызды бөтөн тилде билдире беришибиз керек? Биз, арабдар, тамыры терең цивилизацияга, бай тилге жана эбегейсиз зор жаратмандык дараметке ээ элбиз го».

Ушундан улам мен жеңиш белгисин өзүм ойлоп таптым. Мен үч манжамды көтөрүү менен үч нерсени билдиргим келет: «ийгилик» жана «жеңиш» (булар араб тилинде үч тамгадан турган сөз менен билдирилет), ошондой эле «мен сени сүйөм» деген сүйлөм дагы үч сөздөн турат эмеспи.

**«Балким, биз кылымдар бою жашабайт чыгарбыз, бирок биздин жаратмандыгыбыздын мөмөсү өмүрүбүз өткөндөн кийин узак мезгилдер бою мураска калышы ажеп эмес».**





Шейх Мохаммед 2013-жылкы «Дүйнөлүк Өкмөт саммитинде» өзүнө мүнөздүү жеңиш белгисин туюнткан үч манжа ишаарасын жасоодо.

Менин жеңиш белгим жупуну, бирок мазмундуу. Ал өзүбүздүн жеке инсандык өзгөчөлүккө ээ болушубуздун зарылдыгына жана өз тилибиз менен мурасыбыз үчүн сыймыктанышыбыз керектигине ишаара кылат. Чыгармачыл мамиле биз жасап жаткан иштерибиздин бардыгына ширелип турушу абзел. Эгерде биз телегейи тегиз серени көксөчү болсок, анда жаратмандык биздин жекече бейнебиздин ажырагыс бир бөлүгү болуп калышы керек.

Эсимде, мындан 12 жыл мурда мамлекеттик кыймылсыз мүлк менен алектенген ачык акционердик компаниянын жумушчу тобу деңизде арал куруу тууралуу жаңы саамалыкты көтөрүп чыкты. Таңсыктыктын айынан деңиз жээгиндеги кыймылсыз мүлккө суроо-талап күч эле, ошондуктан мен бул долбоорду колдоого алдым. Бир аз мезгил өткөндөн кийин алар мага тегерек шекилдеги аралдын долбоору менен чиймелерин көрсөтүштү. Мен эмне үчүн ушундай шекилди тандашканын сурап калдым. Алар: «Бул эң ыңгайлуу жана тиричилик үчүн ылайык шекил болуп саналат жана аны адистер сунуш кылышты», — деп жооп беришти. Мен аларга төмөнкүдөй түшүндүрдүм: эгерде бул ушунчалык эле залкар долбоор болуп жатса, дүйнөдө адамзат колу менен жасалган эң залкар арал болуп жатса, анда биз аны көзгө басар кылып жасоо жолун табышыбыз керек го. Ал демейдеги шекилде болбоого тийиш. Мен, тескерисинче, аралды пальма шекилинде курууну сунуштадым. Бул шекил биздин мурасыбыздын символу болуп чектелбестен, ошондой эле өз журтубуздагы турмушубуздун олуттуу чен-өлчөмүн күбөлөндүрүп турат.

**«Жаратман болуу — бул турмуштун тек гана жармач бөлүгүнө айланбастан, турмушка кандайдыр бир саамалык киргизүү дегендик».**



Бүгүнкү күнү Пальма аралдары — биз жөнүндө кандайдыр бир маанилүү нерсени билдирип, бүткүл дүйнөгө даңазасы чыккан ажайып жай. Көлөмүнүн эбегейсиз чоңдугунун аркасында космостон да көрүнгөн бул аралдар биздин дымагыбыздын, жаркын көз карашыбыздын жана көксөгөнүбүзгө жеткирчү жөндөмүбүздүн символу болуп калды. Бул аралдардын көзгө басар жана айырмалуу шекили биздин жаратмандык рухубузду, саамалыкчылдыгыбызды жана мурасыбызды өзгөчө шардана кылып турат.

Ошондуктан мен кесиптештериме мындайча айтам: эгерде сиздер майда нерселерге да чыгармачыл мамиле жасоону үйрөнсөңүздөр, анда чоңураак деңгээлдеги жаратмандык өзү эле келет. Чыгармачылык — бул кишинин табияты менен ой чабыт нугунун ажырагыс бөлүгү. Жаратман болуу — бул турмуштун тек гана жармач бөлүгүнө айланбастан, турмушка кандайдыр бир саамалык киргизүү дегендик. Балким, биз кылымдар бою жашабайт чыгарбыз, бирок биздин жаратмандыгыбыздын мөмөсү өмүрүбүз өткөндөн кийин да узак мезгилдер бою мураска калышы ажеп эмес.

**«Эгерде сиздер майда нерселерге да чыгармачыл мамиле жасоону үйрөнсөңүздөр, анда чоңураак деңгээлдеги жаратмандык өзү эле келет».**

# «Бурж Халифа» мунарасы

## 6

Бир өспүрүм кыз менден дүйнө жүзүндөгү эң бийик имарат болгон «Бурж Халифа» мунарасынын таржымалын айтып берүүмдү суранды. Бул имарат чынында эле жөн-жай курулуш долбоору дегенден алда канча зор нерсе. Мунара — бул миңдеген кишилер өз салымын кошкон баян жана улутубуздун илгериге карай өркүндөшүнүн кубаттуу символу.

Менин колума тийген биринчи сомоло чиймелерде сексен кабаттуу мунара чагылдырылып, анын айланасында азганактай азыраак кабаттуу үйлөр, бакчалар жана жашылданган жер тилкелери тартылган болчу. Мен долбоорлоочу топ менен алгачкы кеңешмени бул долбоор тууралуу эч бир пикиримди билдирбестен жыйынтыктадым да, мындан улам долбоорлоочу топ мындан алда канча жакшы сунуш күтүлгөндүгүн аңдашты. Бир айдан соң алар жаңы чиймелерди алып келишти, бирок анысы деле коошпой турду.

Аларга мен мындай деп кайрылдым: «Мен бул жерден адам баласы качандыр бир кезде курган имараттардын эң бийигин көргүм келет. Биз ал имараттын эң бийик жана мыкты болушун каалайбыз; ал ажайып бак-шактуу, фонтандары атырылган, эң ажайып мейманканалары, дүкөндөрү да эбегейсиз чоң жана мыкты болушу зарыл. Биз адамзаты буга чейин биле электей залкар конуш курууну каалайбыз».

Бүгүн «Бурж Халифа» шаар чордону — шаардын жүрөгүндө жайгашкан өзүнчө шаарга айланды. Ал дүйнө жүзүндө өзгөчө татына деп саналган бактуу даңгыр көчө менен курчалган. Бул чордондо дүйнөдөгү эң ири соода борбору жана эң бийик фонтан бар. Бул жерде залкар конок үйлөрү, асем ресторандар жана миңдеген кишилер байырлаган конуш жайлар камтылган. «Бурж Халифа» шаар чордону Дубайга жана БАЭге келген коноктордун бардыгынын туристтик зыярат жайына айланды.

Бул мунара чынында эле залкар жана ажайып болду, ошондуктан биз аны өзүбүздүн президентибиз шейх Халифанын урматына улуу ишмерибиздин ысымы менен «Бурж Халифа» («Халифанын мунарасы») деп атадык.

Чет элдик расмий өкүлдөр менен медиа өкүлдөрү кээде биз эмне үчүн эң бийик имарат курууга бел байлаганыбыз жаатында сурагı калышат. Алар жалпы баасы 20 миллиард



АКШ долларын түзгөн долбоордун алкагында 1,5 миллиарддан ашык АКШ долларын түзгөн акчага курулган мунаранын курулушу өзүн актадыбы деп кызыгышат. Аларга жооп иретинде мен төмөнкү үч нерсенин башын ачып бергим келет:

Биринчиден, Жер жүзүндөгү эң бийик мунаранын курулушу — бул улуттук жетишкендик, тарыхый бурулуш доор жана экономика үчүн башкы бурулуш болду. Бул БАЭнин жарандары үчүн гана эмес, бардык арабдар үчүн сыймыктандырган нерсе. Төрт миң жыл мурдагы адамзатка белгилүү эң бийик курулуштар дал ушул биздин чөлкөмдө жайгашкан: Египет пирамидалары сыймыктануу булагы жана цивилизациянын илгерилешинин символу болуп калган. Булар Улуу Британияда цивилизациянын жаңы доорунун башталышы деп эсептелген Линкольн христиандык жалпы сыйынуу үйү өз бийиктиги менен озуп чыкканга чейин, миңдеген жылдар бою теңдеши жок курулуштар болгон. Менин үмүтүмдө, бүгүн «Бурж Халифа» мунарасы турмушта өкүм сүрүп жаткан дүйнөлүк жаңы өзгөрүүлөрдү: Чыгыш менен Батыш дидарлашкан, цивилизация очоктору жуурулушкан, адамзаттын жаратмандыгы эч кандай географиялык, этностук же диний чектерге жиктелүүгө муктаж болбостон, үстөмдүк кылган жаңы дүйнөнү туюнтуп турат.

Миңдеген инженерлер, жумушчулар, кеңеш берүүчүлөр жана башка кишилер дүйнөнүн чартарабынан келип, көз жоосун алган бул имаратты биргелешип тургузушту; ушунчалык бийиктикке жетүү үчүн, таптакыр колдонула элек жаңы технологиялык аргалар алгачкы ирет колдонулду. Бул — Бириккен Араб Эмираттары; ал — залкар кыялдарды жүзөгө ашыруу үчүн дүйнөнүн мыкты даанышмандары агылып келип баш кошкон дүйнөлүк жаңы чордон. Жакынкы жылдарда БАЭ дүйнө картасында уламдан-улам атагы таш жарган жайга айланат, себеби биз дүйнөгө жаңы доордун таңы аткандыгын эң жакшы түшүнөбүз. Болочок ээлери — кыялдануудан жүрөксүнбөгөндөр жана өз кыялын турмушка ашырууда каармандыгын көрсөтө алгандар.

**«БАЭ дүйнөлүк экономикада жаңы караан болуп чыга келип, „Бурж Халифа“ мунарасынын эгизиндей заңкайып тамыр жайды».**

Экинчиден, биз түздөн-түз ушул имараттан ири экономикалык пайда көрүүгө умтулбайбыз. Андан көрө андан түшкөн кирешелер жалпы экономикалык натыйжа бергени жакшы. «Бурж Халифа» өзүнчө алганда Дубайдын, ал эми жалпы алганда бүткүл БАЭнин беделин чыңдады да, атыбызды дүйнөгө жайылтууга чыгымдалчу миллиондогон долларды үнөмдөдү. Эми биз баарына таанымал туристтик зыярат жайга ээ ич ара ширелишкен шаарга ээбиз, аны дүйнөнүн чартарабынан келген кишилер сейилдеп көрүп жатышат. 2012-жылы шаардын «Бурж Халифа» чордонунун бөлүгү болгон «Дубай Молл» дүр-дүйнө дүкөндөр жайына 65 миллиондон ашуун конок келип кетти. Дагы деле ыргылжың болуп жүргөндөргө айтарыбыз: эң чоң тобокелчилик — бул тобокелчиликтен жалтайлоо.

Үчүнчүдөн, «Бурж Халифанын» курулушу — бул элибизге жана бүткүл дүйнөгө жиберилген кайрылуубуз. Биз элжуртубузга көп нерселерге жетише ала тургандыгыбызды; ар кыл тармактарда дүйнөдөгү биринчиликти ээлешибиз мүмкүн экендигин; ошондой эле бүткүл дүйнөнү таң калтыра аларыбызды билдиребиз. Биз тарых менен цивилизацияга чоочун эмеспиз; биз өз жөндөмүбүзгө жана өз элибизге карата ишеничибизди тебелегиси келгендерге эч кандай көңүл бурбайбыз. Ал эми бүткүл дүйнөгө айтачыбыз: БАЭ дүйнөлүк экономикада жаңы караан болуп чыга келип, «Бурж Халифа» мунарасынын эгизиндей заңкайып тамыр жайды.

**«Болочок ээлери — кыялдануудан жүрөксүнбөгөндөр жана өз кыялын турмушка ашырууда каармандыгын көрсөтө алгандар».**



«Бурж Халифа» мунарасы жалпы шаардын «Бурж Халифа» чордонунда жайгашкан Дубай фонтанынын үстү жагында көк мелжип турат.



# Биримдиктин руху

7

«Биримдиктин руху» — БАЭнин Улуттук күнүн белгилөөнүн
расмий бренди. Анын эн белгиси — улутубуз пайда бол-
гон 1971-жылдын 2-декабрь күнү ийиндешип чогуу турган
негиздөөчү жети атабыздын даңазалуу сүрөтүнүн неги-
зинде шөкөттөлгөн тулкуларынын карааны. Аны ар жылы
дал ушул күнү бүт өлкө боюнча зор сыймыктануу менен
көрсөтүшөт.

Мен үчүн бул сүрөт жана «Биримдиктин руху» деген
сөз айкашы чоң мааниге ээ. «Рух» идеясы орток кимдик
өзгөчөлүгүбүз, жалпы максаттар жана патриоттук бирим-
дик үчүн өзөккү түшүнүк жана ал бизди өзүнө ишенимдүү
жана ынтымактуу улут катары ырааттуу кармап жана шык-
тандырып келет.

БАЭ — азыркы доордогу араб тарыхындагы эң ийгилик-
түү биримдик. 41 жыл мурда түзүлгөн бул улуттун ийги-
ликтери аны үйрөнгүсү келгендер үчүн маанилүү тарыхый
сабактарды тартуулайт. Эң баалуу сабактардын бири —
бул кандай гана биримдик түзүлбөсүн, анын руху болушу
керектиги. Кандай гана биримдик түзүлбөсүн, эгерде ал
жалаң гана заттык кызыкчылыктарга таянса, анда ал гүл-
дөп өнүкпөйт. Биз компанияларды бириктирбейбиз; биз
элди бириктиребиз.

Биримдиктеги элди бир туу астында ынтымакка чакыруу
үчүн патриоттук да сезим болууга тийиш. Орток келечекти
куруу үчүн бирдиктүү топтук рух да пайдубал болушу
ылаазым. Биримдикке жана анын жарандарына карата
толук берилгендик болгону талап кылынат. Биздин негиз-
дөөчү аталарыбыз мына ушул туура өңүттөрдү башаттык
доордон тартып эле камсыз кыла алышты: алар биздин
биримдигибиз жана андагы бардык жарандарыбыз үчүн
кажыбас мээнет терин төгүшкөн.

Алла тааланын көмөгү менен, бул өлкөнүн эли жалпыга таан-
дык асыл-нарктарды жана өз улутуна карата чексиз сүйүүнү
калыптандырып келди, ал эми булар жамы журттун жаркын
келечеги үчүн мээнет кылууга түрткү болуп калды.

Символдуулуктан алып караганда, мен үчүн «Биримдиктин
руху» төмөнкү төрт өзөккү бөлүктөн турат: биздин жерибиз,
жумушчу топторубуз, туубуз жана президентибиз — шейх
Халифа. Башкача айтканда, жумушчу топторубуз бирдиктүү
туунун жана бир президенттин жетекчилиги астында өз
өлкөсүн берилип сүйгөндүктөн гана бел чечип иштейт.





2012-жылы «Улуттук күн» майрамы учурунда шейх Мохаммед шейх Халифага эки калемден турган белекти тартуу кылды. Алардын аталары шейх Зайид менен шейх Рашид 1971-жылы дал ушул калемдер менен кол тамгаларын коюп, Биримдикти түптөшкөн эле.

Символикалуу көз караштан алганда, «Биримдиктин руху»
төмөнкү төрт өзөккү бөлүктөн турат: биздин жерибиз, биз-
дин элибиз, биздин туубуз жана биздин президентибиз —
шейх Халифа. Башкача айтканда, адамдарыбыз өз өлкөсүн
берилип сүйгөндүктөн, бирдиктүү туунун жана бир прези-
денттин жетекчилиги астында гана иштешет.

Менин ар кандай лидерге кеңешим, ал өлкөнү, компа-
нияны, иш тобун же башканы жетектээрине карабастан,
иш-аракеттерди бириктирүүдөн оболу жүрөктөрдү бирик-
тирүү абзел, бир жайды куруудан оболу рухту сезүү зарыл.
Ылайым Алла таалам Бириккен Араб Эмирликтерин жана
анын элин жалгасын!

**«„Биримдиктин руху“ төмөнкү төрт өзөккү бөлүктөн турат: биздин жерибиз, биздин элибиз, биздин туубуз жана биздин президентибиз — шейх Халифа».**



2012-жылдагы «Улуттук күн» майрамы, БАЭ Министрлер кеңешинин отуруму БАЭ төрөлгөн жайда, Биримдик үйүндө өткөрүлдү.

# Турмушумдун бир күнү

## 8

Бир мекендешим менден: «Улуттук лидерлердин бири болбогон шартта демейдеги бир күнүңүздү кантип өткөрөсүз?» — деп сурап калды. Мен ага өтө жупуну тиричилик өткөрөрүмдү айттым.

Эс алуу күндөрүмдү таңкы намаздан баштайм. Бул адатты өзгөчө сунуштаар элем. Эгерде көнүп алса, таңында ойгонуу кишиге анчалык деле кыйын эмес; бул өзүңүздү денеңиздин ойготчу сааты өзүнчө эле ойготуп жатканга барабар. Намаз окугандан кийин үй-бүлөмдүн кашында саардык ичемин, андан соң кумарланган иштеримдин кайсы бири менен алектенем. Мен велосипед тебем же чөлдө атчан сейилдейм. Жапайы бугуларга же коёндорго көз салуу менин жан дүйнөмдү эс алдырат.

Мен досторумдун үйлөрүнө баш багам, биз жакын жердеги ресторандан түштөнөбүз же жөн гана деңиз жээктеп сейилдейбиз. Кээде конокко барабыз же чогулуп алып аңчылыкка чыгабыз. Менин күнүм турмушум сыяктуу эле жөнөкөй келет, бирок мен ошого ыраазымын.

Өмүр өзү жөнөкөй эле жаралган, демек, аны карапайымдык менен кечирүү өтө маанилүү. Карапайымдык табияттан келген нерсе: ал кишинин жан дүйнөсүн эс алдырат жана мемиретет. Мага бардыгын татаалдаштыра бергендик таптакыр жакпайт, менин жакындарым муну жакшы билишет.

**«Өмүр өзү жөнөкөй эле жаралган, демек, аны карапайымдык менен кечирүү өтө маанилүү».**



Биз, Эмираттын жарандары, биздин шаарчаларыбыз менен шаарларыбыздан айгинеленгендей, улам тез өнүгүүлөр жана заманага шайкеш жаңылануулар орун алып жаткандыгына карабастан, деңизди жана чөлдү ушунчалык жакшы көрөбүз.

Саргыч тарткан кумдуу дөңсөөлөргө мемиреп тийген күндүн илебинен, айлуу асмандан, нөшөрлөгөн жамгырдан, түздүктөр менен өрөөндөрдө жайкалып өскөн жашыл ыраңдан, достор жана сүйүктүүлөр менен жарпың жазылган жолугушуулардан жашоонун кереметы сезилет. Мен туяк кере чуркаган аргымактардын ажайып көрүнүшүнө сүктанам да, кудуреттүү Алланын: «Деги алар төөлөр кантип жаралды экен деп аларга көз чаптырышпайбы?» — деген сөздөрүнө тынымсыз ой калчайм.

Жашоо ушунчалык керемет, бирок көптөгөн кишилер санааркоого, түйшүктөнүүгө жана кабак чытууга берилип, өз турмушун убайымда кечиришет. Баланын күлкүсүнөн, эненин мээриминен, курдаштык жылмаюудан же мээримдүү аялыңыздын сүйүүсүнөн жашоонун керемет экенин оңой эле сезсеңиз болот.

Биздин негиздөөчү атабыз шейх Зайид, Алла анын рухун жалгасын, дүйнөдөгү мен билип үлгүргөн бардык лидерлердин ичинен эң эле жупунусу болчу. Ошол эле мезгилде андан ашкан, жүзүнөн күлкү төгүлгөн жана шаттыкка баткан киши жок эле.

Ал жашоонун ажайыптыгын сүйчү жана иш убактысынын тыгыздыгына жана өз милдеттеринин оордугуна карабастан, бул кооздукту поэзия менен кургак сөздөн, кургак жерден жана деңиз тереңинен иликтээр эле.

Менин жамы калайыкка айтар кеңешим: жөнөкөй жашоо кечиргиле. Карапайымдык жүрөктөн башталат, терс көйгөйлөр менен маанайы пастыктан алыс турат.

**«Шейх Зайид дүйнөдөгү мен билип үлгүргөн бардык лидерлердин ичинен эң эле жупунусу болчу».**

# Биринчи орунда

9

Бардык тармактарда тең биринчи орунда келүүгө жетишүүнүн мүшкүлүнө карабастан, дал ошол орунга ырааттуу тырыша бергендигим жаатында сурап калышкан чакта, мен куйрук улаш артта калгандарды эч ким деле эстеп калбайт эмеспи деп жооп узатам. Эверест чокусуна чыккан экинчи кишинин атын ким эстей алат? Айга аягы тийген экинчи астронавттын атычы? Чын-чынында, марага экинчи болуп жеткендерди ким эстей алат? Жообу бирөө гана: эч ким эстебейт.

Ойлоп көрсөңөр: сен марага бир секунддан кийин экинчи болуп келсең да, сени ким эстеп калат? Эч ким.

Биз биринчи орунга гана татыктуубуз. Кимде-ким өзүн «биринчи болууга татыктуу эмесмин» деп ынандырып алса, анда ал «чү» дегенде эле өзүн-өзү майнапсыздыкка кириптер кылганына тете. Менин элим жана өзүм биринчиликти ээлегенди жактырабыз.

Бул мүнөздүн жаңы белгиси эмес, биз аны негиз салган аталарыбыздан мурастап келебиз. Шейх Зайид менен шейх Рашид экөө тең биринчи келүүнү жактырышчу жана өз эли да биринчи болушун эңсешчү. Башаттык мезгилинен бери эле алар БАЭнин туу чокуга көтөрүлүүсүн самашчу жана алардын мураскору, биздин президентибиз дагы, Алла таала аны жалгасын, бул бабаларыбыздын чыйырын улантып келет.

Биринчи орунда болууну эңсегендерден мен жалгыз эмесмин. Мисалы, Абу-Даби атаандаш отун-кубат жаатында дүйнөлүк лидерликке умтулган эмеспи. Инвестиция жана инновациялардын аркасы менен Абу-Даби кайра калыбына келтирилчү кубат булактары боюнча эл аралык агенттиктин (IRENA) баш кеңсесинин ордосу болуп тандалды. Дал ушул Абу-Даби жергесинде экологиялык туруктуу технологияны көңүл чордонуна койгон Масдар шаары негизделди. Натыйжада Абу-Даби отун-кубатты калыбына келтирүү багытында алектенген компаниялар менен илимий изилдөө борборлорун өзүнө тарткан магнитке айланды жана саамалыктар чордону болуп калды.

Мындан сырткары, Абу-Даби дүйнөнүн маданий борбору да болгусу келди. Ошондуктан мында музейлер курулуп, маданий иш-чаралар өткөрүлүп, көркөм өнөрдүн



дүйнөдөгү мыкты чыгармалары топтолгон. Демек, ким биринчи орунду гана ээлегиси келсе, ал үчүн дал ушундай далалат нугу күтүп турат.

Бизде биринчи болуудан башка жол жок. «Мүмкүн эмес» деген сөздү БАЭнин сөздүгүнөн эч таба албайсыз.

Ар дайым биринчи орунга умтулуу эмне үчүн маанилүү экендигин түшүндүрүп берүүгө уруксат этиңиздер. Эгерде сиз бир чакырым аралыкты чуркап өткүнүз келсе, балким, марага жеткенде чаалыккан сезимге батарсыз. Бирок эгерде сиз он чакырымдай аралыкты чуркап өтөм деп белендениp алган болсоңуз, анда бир, эки, балким, үч чакырымды чуркап койгондон кийин деле кымындай да чарчоону сезбейсиз. Сиздин мүдөө үчүн чечкиндүүлүгүңүз менен кубатыңыз өз максатыңызга шайкеш үлөштүрүлөт. Ошондуктан сиздер максаттарды бийик коюшуңуздар керек жана эң мыкты натыйжадан башка чечимге алдырбаңыздар. Эгерде сиз азыраагына көнө койбосоңуз, анда сиз эң мыкты натыйжадан башкага татыбайсыз.

Өзүңүздөрдүн жөндөмдүүлүгүңүздөрдөн эч качан шек санабаңыздар жана эч качан өзүңүздөрдүн мүмкүнчүлүктөрүңүздөрдү төмөн баалабаңыздар. Алдыга койгон максаттан эч тайбаңыздар. Дайыма биринчиликке умтулуңуздар жана Алла таалага ишениңиздер, анткени Жараткан ийгилик багыштап берет.

Бүгүнкү күндө БАЭ инфраструктура, коомдук өнүгүү, технологиялык өнүгүү, билимге таянган экономика, жарандардын жыргалчылыгы жана канааттануусу, калыбына келүүчү отун-кубат, эсенчилик, коопсуздук, соода, туризм жана башка толуп жаткан чөйрөлөрдө Жакынкы Чыгыштын биринчи орундагы өлкөсү болуп саналат. Биз бардык тармактарда дүйнөлүк деңгээлде толук телегейи тегиз болууга умтула беришибиз керек, анткени биз биринчи орундан төмөнкүнү эч кабыл албай турган улутпуз.

**«„Мүмкүн эмес“ деген сөздү БАЭнин сөздүгүнөн эч таба албайсыз».**

# Аялдардын мака
# чыңдоо

## 10

Айрым кишилер биздин коомубуздагы аялдардын укук-
тук макамына дагы эле кызыгышат. Бул тууравсында
көбүнчө чет өлкөлөрдөн суроолор узатылып келет. Менин
жообум мындай: биз аялдардын укуктук макамын чың-
доо баскычынан илгери кеттик. Албетте, биз азыр коом-
дун өзүнүн макамын андагы аялдардын көмөгү аркылуу
чыңдап келебиз; биз экономикабызды аялдардын ролун
күчтөндүрүү менен чыңап жатабыз; аялдарды жетекчи
кызматтарга дайындап, мамлекеттик башкаруу система-
сын өркүндөтүүдөбүз; өнүгүү боюнча долбоорлорду аял-
дардын жетекчилиги астында жүзөгө ашырып жатабыз;
инфраструктурабызды, саламаттык сактоо жана билим
берүү кызматтарын, ал түгүл куралдуу күчтөрүбүздү да бул
чөйрөлөрдө аялдардын ролуна басым кылуу аркылуу жак-
шыртып жатабыз.

Аялдарды бул чөйрөлөргө жигердүү аралаштыруу —
бул университеттерибиздин бүтүрүүчүлөрүнүн дээрлик
70 пайыздайы айымдар экендигинен эле табигый түрдө
келип чыкты. Демек, ушунун өзү айымдардын коомдогу
ролунун күчөп бараткан тынымсыз жүрүмүн чагылдырат.
Балким, дал ошондуктан биз эл аралык баяндамаларга
ылайык гендердик теңчилик жагынан чөлкөмдөгү эң
жогорку середе турган өлкө болуп жатабыз го дейм.

БАЭдеги мамлекеттик кызматкерлердин 65 пайыздан
ашуунун аялдар түзөт; алар өлкөдөгү жетекчи кызматтар-
дын 30 пайыздан ашыгын ээлейт. Жеке мен өзүм күнүмдүк
жумуштарымды аялдардын көмөгүсүз аткара алмак эмес-
мин, себеби менин жеке жумушчу тобумдун 85 пайызы
аялдардан турат.

Албетте, аялдардын коомубузга кошкон чыгаан салымда-
рынын бири — ар дайым өз өлкөсүн берилип сүйгөн,
улам жаңы чакырыктарга төшүн тоскон, курулуш жана
өнүктүрүү жүрүмдөрүн уланткан күчтүү жана билимдүү
жаш муундарды тарбиялоодогу аялдардын жетекчилик
ролуна таандык.



Аялдар — бул өлкөнүн жаны жана руху деп бир канча
убакыт мурда айтканымда, мен ар бир сөздүн маңызын
талдагам. Аялзат сезими күчтүү, жүрөгү мээримге толо,
акылы курч, дымагы бийик жана болочогу сергек жан
келет. Көп кишилердин түшүнүгүнүн тескерисинче, эми-
раттагы турмуш жана коомубуздун түзүлүшү үчүн аялзаты-
нын орду алда канча маанилүүрөөк. Деги ар кандай инсан
энеси же эже-карындашы жок жашай алабы? Кызы же
жубайы жок үй мээримге балкый алабы? Деги ар кандай
коом өзүнүн мыкты жарымы жок алдыга карай адымдай
алабы?

Аялдар — биздин өлкөбүздүн жүрөк толтосу. Эгерде
бизге берилген, өзүнө өзү ишенген, максатка умтулган,
дайыма телегейи тегиздикке жана илгерилөөгө умтулган,
бекем эрк жана жана чечкиндүүлүк менен куралданган
эже-карындаштарыбыздын салымы болбогондо, анда биз
азыркыдай абалга эч качан жетмек эмеспиз.

Мен эмираттык айымдарга ушунчалык зор ишенич артам
жана алардын мүмкүнчүлүктөрүнө да терең ишеничте-
мин. Алардын ийгиликтери бардык шектенүүлөрдү жокко
чыгарып, алар кимдер экендигин өзүнөн өзү тастыктап
турат. Жакында министрлер кабинети аялдарды өлкөнүн
бардык компанияларынын директордук кеңештерине
жана мамлекеттик органдарга киргизүү жөнүндө буйрук
чыгарды. Менден кишилер ушул тууралуу сурашканда,
мен мындайча жооп узаттым: аялдар бул мекемелердеги
кызматкерлердин жарымынан көбүн, бул компаниялар-
дын кардарларынын жарымын түзөт; ошондой эле бул
мамлекеттик органдардын жүргүзүп жаткан саясатынын
таасири астында калган коомдун жартысы — аялдардан
турат. Демек, биз, эркектер, бул саналып өткөн институт-
тардагы чечимдердин бардыгын аялдардын атынан чыга-
рып турсак, анда акыйкаттык болор беле?

**«Мен үнүмдү бийик чыгарып жана таасын айттым: абайлагыла, эркектер, бүткүл өлкө боюнча бардык жетекчи орундарда аялдар силерди алмаштырып жүрүшпөсүн!»**

Байыркы тарыхтан деле, соңку жаңы тарыхтан деле биз өз энелери билим берген көптөгөн залкар ишмерлер жөнүндө, ошондой эле тарыхта өчпөс из калтырган көптөгөн чыгаан аялдар тууралуу да окуп келдик. Иште болсун, үйдө болсун, аялдардын улуулугун тааныйбыз. Чыгаан лидерлерди тарбиялаган аялдын өзү да залкар лидер болуп саналат. Аялдар эбегейсиз зор деңгээлде айкөлдүк, берешендик жана боорукерлик касиеттерине ээ.

Жамгыр жөнүндө накыл кеп бар: ал кайсы жерге жаабасын, молчулукту жаратат. Биздин милдетибиз — аялдарга өздөрүнүн эң жогорку мүмкүнчүлүктөрүн жүзөгө ашырууга жетиши үчүн ыңгайлуу шарттарды жараткан чөйрөнү камсыз кылуу. Башкача айтканда, биз аларга ушул жамгырдан кийин эң бай түшүм бере турган кыртышты даярдап беришибиз керек. Биздин милдетибиз — аялзатынын мүмкүнчүлүктөрүн, алардын сыймыгын жана аялдык касиетин коргой турган, алардын тагдырындагы зарыл тең салмактуулукту жаратууга өздөрүнө көмөк кыла турган, алардын таланты менен жөндөмүн кадырлап, баалай турган мүмкүнчүлүктөрдү, толук ачып бере турган жагымдуу чөйрөнү камсыз кылуу. Эгерде аларга ушундай чөйрөнү түзүп бере алсак, анда аялдар кереметке тете иштерди жүзөгө ашырарына бөркүмдөй ишенем.

**«Биз аялдардын укуктук макамын чыңдоо баскычынан илгери кеттик. Албетте, биз азыр коомдун өзүнүн макамын андагы аялдардын көмөгү аркылуу чыңдап келебиз».**




Шейх Мохаммед эмираттык кесипкөй кыз-келиндер тобу менен баарлашып жатат. Бул жаш адис айымдар 2012-жылкы өкмөттүк демилгенин алкагында өз карьераларын баштоодо.

**«Биздин милдетибиз — аялдарга өз мүмкүнчүлүктөрүн ачкандай чөйрөнү камсыз кылуу. Ушуга жетишсек, анда аялдар кереметке тете иштерди жасарына мен ишенем».**

# Ат чабыш, поэзия жана лидерлик

## 11

Мага ат минүү, поэзия жана лидерлик жөнүндө жана булардын ортосунда байланыш барбы? деген даана суроо узатышты. Албетте, бар.

Ат минүү — бул сыймык, баатыр мүнөздүк, ар-намыс жана кадырмандык сөздөрүнө маанилеш; булардын бардыгы жетекчи үчүн ажырагыс сапаттар. Мен ат мингенден жана жылкыдан көп нерселерге каныктым.

Мен аргымактарымды, алар болсо мени жакшы көрөт. Аргымак минүү — бул керемет дүйнө. Бул кереметти ким өзүнө ача алса, ага ашык болот да, эч качан андан четтеп кете албай калат.

Жылкычылыкка жана ат чабышка биздин сүйүүбүз — биздин араб тегибизден кайнап чыккан экинчи табигый касиетибиз. Дагы кошумчалай кетсем, ат чабыштын өзү, асыресе, 160 чакырымдай аралыкты камтыган ат чабыш, зирек камылганы, чыдамкайлыкты жана өзгөчө көзөмөлдү ар бир лидерге зарыл болгон сапаттардын бардыгын талап кылат.

Поэзия — бул башка бир дүйнө. Акындын көзү анын жүрөгү менен тутумдаш. Акындын ой чабыты жана жан дүйнөсү башкалардыкынан айырмаланып турат. Акын өзгөлөр көрбөгөн нерсени көрө билет. Ал асманга, деңизге жана чөлгө жайбаракат көз салып, элесин кареге көчүрүп алат. Анын көз карашы кумарга ширелген; ал өзүн курчаган дүйнөнүн керемет кооздугун өзүнө сиңирип алат.

**«Ар бир лидер жашоо кумарына ээ болушу керек жана бул ышкы анын көсөмдүк ишмердигине тереңдик, көзгө басар өзгөчөлүк жана айырмалуу кылык кошуп турат».**



Анын жүрөгү өтө сезимтал. Ал өз коомун жакшы билет, коом мүчөлөрүнүн кубанычтары менен санааркоолорун өзүнүн жан дүйнөсүнөн өткөрүп, кийин аларды ак дилден чыккан эмоцияларга жана поэзиялык сезимдерге толук ширелген ырларга айлантат. Арабдардын тарыхына көз чаптырып көрүңүздөр: өзүбүздүн тарыхый баяндарыбызды биз поэзиялык усулда жазып жана урпактарга мурастап келдик. Кийин бизге ырасталгандай, ыр менен айтылган тарыхый баяндар жөн гана кара сөз баянга салыштырмалуу алда канча чын ыкыласта туюлуп, алда канча чындыкка жакын саналат тура.

Бул аркылуу туюнткум келип жатканы — акындын өз коому тууралуу билими аны өз коомуна кайсы бир лидер сыяктуу эле жакындатат. Өзүн курчаган турмуштун эстетикасын акындын кабылдоосу дагы анын лидер катары чечимдери менен тандоолорунда чагылдырып турат. Ал түгүл, акындын долбоорлору, өз тегерегинде жүргөн кишилерден жөн гана обочодо кала берген копол долбоорлордун тескерисинче, башка кишилерге үн катып, эки тараптуу баарлашууга өтчү жандуу боёк сүрөткө айланат.

Ат чабыш, поэзия жана лидерлик — бири-бири менен жагымдуу маанайда өз ара айкалышып турган, сизди мыктыраак чабандес, мыктыраак акын жана мыктыраак жетекчи кыла турган үчилтик. Албетте, мен ар бир лидер акын же ат чабыш устаты болууга тийиш деп айтып жаткан жокмун; бирок ар бир лидер жашоо кумарына ээ болушу керек жана бул ышкы анын көсөмдүк ишмердигине тереңдик, көзгө басар өзгөчөлүк жана айырмалуу кылык кошуп турат.

**«Акындын ой чабыты менен жан дүйнөсү башка кишилердикинен айырмаланып турат».**



Шейх Мохаммед 2012-жылы декабрда Дубайдагы «Аялдар музейинин» ачылыш аземи учурунда БАЭдеги көрүнүктүү акын айымдын ыр саптарын талдап ойго батууда.

# Булуң байгеси

## 12

Мен досторум менен бирге тез-тез эле футболдук беттешүүлөрдү көрүп турам. Быйыл биздин курамабыз Перс булуңунун улуттук футбол байгесинин эң соңку айлампасына чыкты; аба ырайы жыл ичиндеги эң сонун учурга таандык болуп тургандыктан, биз беттешүүнү короодо чогуу отуруп көрдүк. Таймаш өтө татаал болду жана БАЭнин бардык калайыгы бул мелдешке кылдат көз салып турушту.

Мен өзүм да футбол ойноп жүрчү элем, ошондуктан оюн талаасындагы ар бир кыймылга күйүп-бышып олтурдум. Андан тышкары, мен колбашчы да эмесминби, ошондуктан футболчуларга жоокер катары да мамиле кыла карап жаттым; ал эми колбашчы өзүнүн жоокерлерин майдан талаасынан көрүп турганда, албетте, кан башына тээп чыккандай сезимге бөлөнөт. Толкундануу бир топ олуттуу эле болду, нерв кылдай чыңалып турду.

Жеңишти камсыз кылган топ дарбазага киргизилген чакта, мен ордумдан ыргып тура калып, столго урундум да, бутумдун баш бармагын сындырып алдым.

Мен ар дайым жаракатты талаада эле алышат ко деп ойлоп жүрчүмүн, эми болсо талаадан сырткары жакта эле өзүмдү кокустатып алып жүрбөймүнбү. Бирок жеңиш өз жаракатыңды да унуттуруп коёт тура.

Жеңиштен кийин биздин курамабыз мага келген кезде, мен аларга алган жаракатым жөнүндө айтып берип, алар сынган баш бармагымды көрүштү.

Кошумчалап айта кетким келет: «Булуң байгесинде» же башка ар кандай чемпиондукта жеңишти камсыз кылуу — бул биз үчүн кубанычыбызды жана өзүбүзгө бекем ишенимибизди жаңыртуубуз, ошондой эле орток шаттыкта ынтымак курушубуз үчүн кезектеги удул болуп саналат. Мөрөй алуу бизге топтук рухтун маанилүүлүгүн баамдатат жана күч-аракеттерибизди бириктиргенде гана ийгиликке жетерибизди эскертип турат. Бул жеңиш бизди мындан кийинки жеңишке үмүт артуубузга жана бардык күчүбүздү сарптообузга шыктандырат. Мен улуттук курама тобубузга келечекте мындан да чоң ийгиликтерге жетишүүсүн каалайм.



Шейх Мохаммед 2012-жылдагы «Булуң байгесиндеги» БАЭнин футбол курамасынын жеңишин бул топ менен бирге майрамдоодо. Анын уулу, Дубай канзаадасы, шейх Хамдан менен кызы, шейх айым Шамма да сүрөткө чогуу түшкөн.



**«Спорттогу чемпиондук — бул биз үчүн кубанычыбызды жана өзүбүзгө бекем ишенимибизди жаңыртуубуз, ошондой эле орток шаттыкта ынтымак курушубуз үчүн кезектеги удул».**

# Чыдамкайлык

13

«Дүйнөлүк Өкмөт саммитинин» алкагындагы баарлашуу
отурумунда 2012-жылкы «Дүйнөлүк чыдамкайлык чемпион-
дугу» деп аталган жана ошол жылы Улуу Британияда
өткөрүлгөн ат чабышта жетишкен ийгилигимдин сыры
тууралуу сурап калышты. Бул мөрөй мен үчүн чоң сыймык
болгонун айтып жооп узаттым да, ушул мүмкүнчүлүктөн
пайдаланып, бул тажрыйбадан өзүмө кандай сабак алга-
нымды түшүндүрүп өтүүнү чечтим.

Узак аралыкка мерчемделген ат чабыш бул өлкөнүн
түндүгүндө, аба ырайынын туруксуздугунун шартында
өткөрүлгөн. Катышуучулар дүйнөнүн чар тарабынан: АКШ,
Улуу Британия, Австралия, Жапония, Ортоңку Чыгыш,
Жакынкы Чыгыштан, ошондой эле бир катар европа-
лык өлкөлөрдөн келишти. Бардыгы болуп 38 өлкөдөн
150 атчабар (чабандес) болду. Аргымактар эң күлүк
жана эң күчтүү эле. Чабандестер өз убактысын толук ат
чабышка арнаган атчабарлар менен саяпкерлер болчу.
Ушунун баары кырдаалды чыңалткан жагдай болду, ант-
кени, өзгөчө алганда, мен өзүм убактысын бүт бойдон
ат чабышка короткон кесипкөй атчабар эмесмин жана
бул спорт түрү менен жеке ышкым катары гана алекте-
нип келет эмесминби. Эмнеси болсо да, мен ат чапканды
жанымдай көрөмүн, аргымагымды жана анын мүмкүн-
чүлүктөрүн жакшы билчүмүн.

Мен биротоло тандаардан оболу төрт күлүктү иргеп
алдым. Ал эми тандаганым — буга чейин мындай чоң ара-
лыктагы ат чабышка түшө элек аргымак болду. Аны алты
жыл мурда чакан дыйкан чарбадан салыштырмалуу арзан
эле акчага сатып алган элем. Бир ай мурдараак аны Ита-
лиядагы бир чакан ат чабышта сынап көргөм жана дал
ошондо ал аргымактын кудуретин ачыктай алган элем.
Мен дал ушул аргымакка үмүт арта аларымды билген-
мин, анткени ат чабыш өтө турган алиги майдан дөңсөөгө
чыгып жана андан түшүү үчүн зор чеберчиликти талап
кылган жер тилкеси эле. Мелдештин башталышында аба
ырайы өзгөчө туруксуз болуп, андан улам биз нөшөргө,
ичиркенткен суукка жана шамалга туруштук кылууга маж-
бур болдук.

Чыдамкайлык талап кылынган ат чабышта сиз, башка-
ларды озуп кетпегендей кармоо менен катар эле, өз
күлүгүңүздүн жөндөмүнө карата, ошондой эле кыртыш-



тын мүнөзүнө жана жарыштын узактыгына ылайык, өз
планыңызды ыраттуу түрдө ыңгайлаштырып өзгөртүп
турууга тийишсиз. Күлүктү ашыкча шаштырып темин-
сеңиз, ал эрте чаалыгып калышы ыктымал, бирок тизгин
тартып, анын ыргагын азайта түшсөңүз, анда куйрук улаш
артка сүрүлүп калышыңыз ажеп эмес. Эгерде алды жакта
дөңсөө тоо болсо, анда аны ашардан оболу атыңызды
тынуктырып алышыңыз керек. Ал эми түздүккө туш бол-
соңуз, анда удулдан пайдаланып, тездетип чабыңыз ж.у.с.
ыкмалар бар. Ушуга окшогон бардык жагдайларды ыгы
менен айкалыштырып колдоно билүүнүн өзүн чыныгы
сыноо десе болот! Сыноонун маңызы — бул чеберчилик-
тин бардык ыкмаларын тең салмактап колдоно билүүдө,
бирок мен Алла тааланын көмөгү менен ушул эл аралык
ат чабышта марага биринчи болуп жетип келүүгө арзы-
дым жана муну менен өз өлкөмдүн беделин көтөрүп,
үйүмө алтын медалды ала келдим.

Өзүмдүн жупуну тажрыйбама назар бурдуруу менен мен
спорттун кайсы түрү болбосун, дүйнө чемпиону болууга
умтулгандарга айрым кеңештеримди айткым келет. Ант-
кени өзгөлөрдү үйрөтүп жатып, өзүң да бир нерсе
үйрөнөсүң деген накыл кеп бар эмеспи.

Менин алгачкы кеңешим — билимге ээ болуу. Сиз билим
жагынан башкалардан озуп чыгышыңыз керек, анткени
билим — жеңишке жетелечү эң кыска жол; ал түгүл спортто
да ушундай. Өз мүмкүнчүлүктөрүңүздү билиңиз. Тулпа-
рыңыздын мүмкүнчүлүгүн да үйрөнүңүз. Өз атаандаштары-
ңыздын мүмкүнчүлүктөрүн да үйрөнүп, текшериңиз. Ат
майдандын жер кыртышын билиңиз. Анын бардык майда-
бараттарын дилиңизди коюп өздөштүрүңүз. Аргымагыңыз-
дын тулкусунун, дене мүчөлөрүнүн чоо-жайын жана ал ат
майданга канчалык көнүгүшүп жаткандыгын үйрөнүңүз.
Сиз билим жаатында атаандаштарыңыздан канчалык озуп
кетсеңиз, аларды марага жетерде артта калтырууга ошон-
чолук жакындай бермекчисиз.

**«Машыгуу сиздин талылуу жактарыңызды өзүңүзгө айгинелетет, өзүңүзгө ишенимиңизди курчутат жана жеңишке жетүүңүзгө бир кадам жакындатат».**

Ат чабыш — салгылашуунун кудум өзү. Мен ушул жерде аскердик өнөргө арналган «Согуш өнөрү» аттуу трактаттын автору, даңазалуу кытайлык ойчул Сун Цзынын сөзүнө шилтеме келтирейин: «Эгерде сиз өз душманыңызды жана өзүңүздү үйрөнгөн болсоңуз, анда сиз жүз салгылашууда эч бир коркунучка кабылбайсыз; эгерде сиз өзүңүздү билсеңиз, бирок душманыңыздан кабардар болбой калсаңыз, анда сиз бир салгылашууну утасыз да, экинчисинде утуласыз; эгерде сиз өзүңүздү да, душманыңызды да эч билбей жатсаңыз, анда сиз ар бир салгылашууда коркунучка кириптер болуп кала бересиз». Мен буга мындайча кошуп койгум келет: «Өзүңдүн уруш талааңды билип алгын, анткени жөндөмгө караганда билим алда канча маанилүү».

Менин экинчи кеңешим — машыгуу, машыгуу жана да көбүрөөк машыгуу. Мен күнү бою алектенген кесипкөй спортчу эмесмин, бирок бул ат чабышка кылдат даярдык көрдүм. Ат майданда көнүгүү жасап жаттым. Аргымагымды да кажыбас кылып таптадым. Марага жетүү үчүн ар түрдүү стратегиялык жолдорду издеп машыгып жаттым. Машыгуу сиздин талылуу жактарыңызды өзүңүзгө айгинелетет, өзүңүзгө ишенимиңизди курчутат жана жеңишке жетүүңүзгө бир кадам жакындатат.

Менин үчүнчү кеңешим — Алла таалага жана өзүңүздөргө ишениңиздер, жаркын маанайда болуңуздар. Балким, бул психологиялык өңүттөр бардыгынан маанилүүдүр, анткени бул өңүттөр сизди атаандаштарыңыздын ичинен айырмалап турат. Өзүңүздөргө ишениңиздер, бирок текебердик сезимге алдырбаңыздар жана өз атаандашыңызды төмөнсүнтүп баалап албаңыздар. Оптимист болуңуздар, бирок өз жеңишиңиздерди камсыз кылышы мүмкүн болчу майда-барат нерселерди да көз кырынан чыгарып салбаңыздар. Эң башкысы: Алла таалага ишениңиздер, анткени Алла таала — ийгилик ыроолочу күч!

Албетте, Жараткан өзү бардык нерселер жөнүндө мыкты билет. Бирок өзүмдүн спорттогу жупуну тажрыйбамдан чыккан анча-мынча кеп-кеңешим спортчу мекендештеримдин керегине жарап калгысы бардыр деп чын ыкыласымдан үмүт артам.




Шейх Мохаммед 2012-жылы Улуу Британияда өткөрүлгөн «Дүйнөлүк чыдамкайлык чемпиондугунда» марага биринчи болуп жакындоодо.

**«Билим — жеңишке карай эң кыска жол, ал түгүл спортто да ушундай. Билим жөндөмгө караганда алда канча маанилүү».**

# Менин өрнөгүм

14

Менден «Дүйнөлүк Өкмөт саммити» маалында өзүм тууроо үчүн өрнөк болгон инсанды аныктап берүүмдү өтүнүштү. Мен бул инсан — Мухаммед пайгамбар — бейпилдик ага жар болсун! — экендигин айттым. Ал эми мени дээрлик бардык нерселерге үйрөткөн лидерлерге келсек, албетте, шексиз түрдө, алар — улут атасы, шейх Зайид жана менин өз атам, шейх Рашид — Алла таала алардын рухуна берекет берсин! — дедим.

Мен алты жашымдан тартып атам каякка барса да, жанында жүрдүм. Ал барган ар бир европалык же америкалык шаар болобу, аны жандап жүрдүм. Аны менен бирге саякаттоо мен үчүн окуу, тажрыйбага ээ болуу жана турмушту таанып-билүү менен барабар болду.

Мен, биздин биримдигибиз негизделгенден кийин, шейх Зайидди анын бардык сапарлары маалында коштоп жүрүү сыймыгына ээ болдум. Бул сапарлар мага өз жашоомдун өнөрү, жетекчилик жана мамлекеттик башкаруу усулдары жаатында үйрөтчү тез окутулчу курстарга көбүрөөк окшошуп кетер эле. Ал мени талкууларга аралаштырып, мисалдарды келтирип, курулай сөз менен эмес, суроолор аркылуу такшалтып үйрөттү. Мен көбүнчө анын иш-аракетине, жүргөн-турганына, окуяларга кантип мамиле кылып, калайык менен кантип иш алып барып жаткандыгына жөн гана байкоо салып турар элем. Биз эң мыкты мектептер менен коллеждерде таалим алдык, бирок мен шейх Зайидден ашкан залкар билим булагын эч качан тапкан жокмун. Ал лидерлердин лидери болчу.

Шейх Зайиддин өз көз карашы бар эле, анын милдеттерди чечүү жаатында өз нугу жана кырдаалга карата турумду иштеп чыгууда өзүнө таандык ыкмасы бар эле. Ал саясат жүргүзүүнү жана саясатчылар менен карым-катнашты да өз ыкмасы менен жүзөгө ашырчу. Анын бийик баалуулуктары менен принциптери, ошондой эле бекем турмуштук туруму бар болчу. Мисалы, Египеттин мурдагы президенти Анвар Садат Израилге сапарлап барганда, арабдар аны менен жолугушуудан баш тартып, ага бойкот жарыялап, Египетти калган араб дүйнөсүнөн жиктеп салышкан. Ошол убакта мен шейх Зайидди араб



мамлекет башчыларынын кеңешмесине коштоп барып калдым да, ал жыйында биз Сириянын ошол учурдагы президенти Хафез Асад менен кездешкенбиз.

Хафез Асад Египетти ынтымактан чыгарып салууну көшөрүп талап кылып туруп алды, бирок шейх Зайид Египетти арабдардын жамаатына кайра кошуу зарыл деген жүйөсүн айтты. Асад айтканынан кайтпай, бул маселеде бардык арабдар бир пикирде болуш керек деп талап кылганда, шейх Зайид өз турумунан кайткан жок. Ал мындайча жооп узатты: «Сиз бардык арабдар Сиз менен бирге деп ойлойсузбу? Жок, эч ким Сиз менен эмес. Биз Египетти кайрадан кучак жайып тосуп алышыбыз абзел». Акыры дал ушундай болуп чечилди.

Араб дүйнөсүнүн кызыкчылыктары жаатында шейх Зайиддин өзүнүн терең саясий көз карашы болгон. Анын мындай көйгөйлөргө карата мамилесинде дайыма даанышмандыктын, жүйөнүн жана биримдиктин салмагы артыкчылык кылып турчу.

Мен «Булуң Кызматташтык Кеңешинин» (GCC, кыргызча БКК) мамлекет башчыларынын жолугушуусунда орун алган жаңжалдуу окуя тууралуу бир кызыктуу азилди эскерип өткүм келет. Жыйын болордун алдыңкы күнү кечкурун биз шейх Зайид менен олтургандбыз, өтө кеч болуп калган. Мен шейх Мохаммед ибн Зайид менен отурган элем (ал шейх Зайиддин уулу, кийин Абу-Дабинин мураскор канзаадасы). Биз уламдан-улам акырын чыгып кетүүгө далалат кылып жаттык, бирок шейх Зайид улам эле бизди артка чакырып алып жатты. Биз түндүн бир оокумуна чейин аны менен чогуу отуруп калдык. Акыры, ал саал алаксый түшкөндө, биз сыртка жылт койдук.

**«Менин өмүрлүк эң залкар өрнөгүм — бул Мухаммед пайгамбар — бейпилдик ага жар болсун!»**

Кийинки күнү эртең менен мен адаттагыдай эле шейх Зайидге саарлык учурунда биринчи болуп кошулдум. Ал биздин өткөн түндөгү кылыгыбыз жөнүндө көлөмдүү ыр жазып койгонун көрдүм. Бул биздин кантип жылт коюп качып кеткенибизди чымчылаган курч жана азилге шөкөттөлгөн ыр экен.

Тамактангандан кийин мен дагы жооп иретинде шейх Зайиддин ырына уйкаштыгы жана усулу жагынан шайкеш келген жеңил азил камтылган ырымды жазып, аны өзүнө окуп бердим. Менин көлөмдүү ырым саал орунсуз жана кополураак болуп калды.

Ушул окуя шейх Зайиддин мүнөзүндөгү кандайдыр бир өзөккү нерсени чагылдырып турат. Ал өзүнүн насаатчы устаттык ролун терең мээрим, тамашакөйлүк, берилгендик жана баарлашууга жеңил сапаты менен аткарган. Ыр саптарын чиймелей коюп, бизди азилге алуу — анын чыгармачыл жана шайдоот жан дүйнөсүнө мүнөздүү нерсе эле.

Шейх Зайид менен шейх Рашиддин жаткан жерлери жайлуу болсун жана Алла таала алардын рухуна берекетин берсин! Алардын даанышмандык мектебинин көп сандаган бүтүрүүчүлөрүнүн арасында мен да болдум. Биздин лидерлердин азыркы мууну — бул алардын түйшүктүү мээнети менен таалиминин мөмөсү. Чыныгы лидер — бул залкар көсөмдөрдүн сересинен андан ары илгерилей берчү инсан.

**«Биз эң мыкты мектептер менен колледжерде таалим алдык, бирок мен шейх Зайидден ашкан залкар билим булагын эч качан тапкан жокмун».**



Балким, биздин алардан алган эң маанилүү сабагыбыз — бул «лидер кантип өз элинин атасы болуусу керек?» дегенде болушу ыктымал. Албетте, шейх Зайид менен шейх Рашид эмираттыктарды ар дайым өз балдарындай көрүшчү; күнү бүгүнкүгө чейин дал ушул үй-бүлөлүк рух өлкөбүздүн кан тамырында жүгүрүп келет.

**«Балким, биздин шейх Зайид менен шейх Рашидден алган эң маанилүү сабагыбыз — бул „лидер кантип өз элинин атасы болуусу керек?“ дегендедир».**

# Убакытты башкаруу

15

«Дүйнөлүк Өкмөт саммитинин» баарлашуу отуруму маалында ушунчалык көп жумуштарды бүткөрүүгө жетишүү үчүн убактымды кандай башкарып жаткандыгым тууралуу менден сурап калышты. Биздин жетишкендиктерибиздин артында миңдеген мээнеткеч топтор бар экендигин таасын айтып койгум келет. Мен болгону алардын жетекчисимин.

Ал эми убакыт жөнүндө айтсам, баарыбыздын бир суткада болгону 24 эле саатыбыз бар. Маселе биз убактыбызды кандай башкарганыбызда эмес, биз убакытты кайсы жумуштарга капиталдык салым кыларыбыз жөнүндө го дейм. Биринчиден, салыштырмалуу аз эле убакыттын ичинде жүзөгө ашырыла турган чачтан көп милдеттер бар. Мисалы, үч сааттык жолугушууда узак сөзгө алынчу нерсени жарым саатта эле жыйынтыктаса болот да. Бир ай коротула турган ишти бир аптада деле бүтүрүп койсо болот. Кыска убакыттын ичинде көп иш жасагыңыз келсе, дал ушундай чеберчилик өзгөчө зарыл.

Экинчи жагынан алганда, убакытты башкаруу өзгөчө тең салмактуу болушу зарыл, анткени убактыңызды теңдештирип бөлүштүрүү — жашооңуздун тең салмактуу болушуна алып келет. Сиздин убактыңыз үй-бүлөгө, жумушка, өзүңүзгө, өз кызыгууларыңызга, өзүңүздү өркүндөтүүгө ж.б. үчүн да жеткидей болушу керек.

**«Убактыңызды башкарыңыз, артыкчылыктарыңызды аныктаңыз, турмуштун жыргалына батып, өз изиңизди калтырыңыз».**



Убакыт — бул жашоо жана аны кампага топтоп же убактылуу токтото турууга болбойт. Убакыт аккан дарыядай: бир эле суудан сиз эки жолу кечип өтө албайсыз. Менин турмуштук принциптеримдин бири: биздин жашообуздун ар бир мүнөтү — жетишкендик, бакты-таалай жана жакшы иштерге толтурууга татыктуу. Эгерде сиз бир нерсеге жетишкиңиз келсе, өз жашооңуздун ар бир мүнөтүнөн эң көп пайда алгыдай болуңуз. Иштөөдөн, ойлонуудан, саамалык жасоодон жана ар бир көз ирмемден ыракат алуудан эч качан токтобоңуздар, ушунун баары сөзсүз өз мөмөсүн берери бышык.

Ар бир аткан таң жаңы мүмкүнчүлүктөрдү алып келет. Ар бир көз ирмемдин, ар бир саат же күндүн кадырын билбегендер өз өмүрүн да баалай билишпейт. Көп убактысын кофеканаларда, көгүлтүр экранга тирмийип же видео оюндарды ойноого коротуп жаткан азыркы жаштарды көргөндө капаланам, анткени алардын убактылары — өлкөбүздүн, коомубуздун, үй-бүлө жана муундардын өнүгүүсү жана гүлдөшү үчүн чексиз байлык.

Айрымдар бир жылды 365 күнгө маанилеш деп гана көрөт. Эмне десем, мен үчүн бир жыл — бул өзүңүзгө, өз үй-бүлөңүзгө, коомуңузга жана өзүңүздүн руханий турмушуңузга салым киргизген күндөрүңүздүн жалпы саны. Бул күндөр өзүңүздүн өмүр таржымалыңызды жаза келгенде чындап эсепке алына турган күндөрүңүздү гана камтыйт. Ошондуктан ушундай күндөр көп болуусуна жетишиңиз, убактыңызды туура башкарыңыз, артыкчылыктуу багыттарыңызды үйрөнүңүз, жашоо жыргалчылыгына батыңыз, өз изиңизди калтырыңыз. Эң маанилүүсү — эч кимге, эч качан убактыңызды уурдатпаңыз, ага жол берүү — алардын сиздин өмүрүңүздү уурдап кеткенине тете иш.

**«Убакыт аккан дарыядай: бир эле суудан сиз эки жолу кечип өтө албайсыз».**

# «Араб жазы»

16

Азыркы тапта «Араб жазы» жана анын чөлкөм үчүн кесепеттери — ар бир жолугушуунун жана ар бир саммиттин кызуу талкууланчу темасы. Бирок бул көйгөйлөр бир эле түндө жарала калган жок. Жаңыча өзгөрүүлөрдүн ушул толкунун жараткан наразылык менен канааттанбоочулуктун жалпы маанайы узак жылдардан бери эле сезилип келген.

2004-жылдагы «Араб стратегиясы шеринесинде» мен араб өлкөлөрүнүн лидерлерине доошумду бекем чыгара жана таасын айткан элем: эгерде алар жарандарга сезилерлик пайда бере турган кескин реформаларды жүргүзбөй турган болсо, анда өз эли алардан жүзүн үйрүп калат да, тарых аларды катаал жазага тартат. Мен аларга: «Өзгөрүүлөргө жетишкиле, болбосо өзүңөр алмаштырылып каларыңарды моюнга алгыла», — деп кеңеш бердим.

Мен көрүнбөс нерсени алдын ала көрүү мене алектенип жаткан жокмун, анткени Алла таала өзү гана болочокто бизди эмне күтүп турарын билет. Мен тек гана тарыхыбыздын сабактарына таяндым, бул сабактар болсо алдыдагы эмне болуп кетерине даана ишаара кылып турган. Анткени ар бир иш-аракет үчүн айрыкча мамиле жасалат жана ар бир жаңжал өзүнүн кесепетин жаратат.

Эсимде, мен айрым лидерлерге иш сапар менен келип, аларга эмне окуя болуп кетиши ыктымалдыгын көзүнө эле айтып салар элем. Айрымдары ачууланып, өздөрү буга чейин мындай натыйжа күтүлөрү тууралуу эч бир кыска баяндаманы албагандыктарын билдире жооп кайтарышчу. Ошондо мен аларга минтип айтчумун: «Сиздин көйгөйүңүз — сизге сунушталган кыска баяндамада. Бул кеңеш — менин сизге ак дилден айткан сөзүм, аны эч кандай жаман ниет менен ортого салбадым». Менин жүрөгүмдө араб элдеринин кызыкчылыктарына өзгөчө топ келчү ой гана бар эле.

Мен ошондой эле башка лидерлерди да акыл-эстүүлүккө чакыргам: «Сиздер ыңкылаптын аркасында бийликке келдиңер, эми ыңкылапты өз жарандарыңыздар үчүн жүзөгө ашыруунун кезеги келди. Сиздер аларга кандайдыр бир нерсе беришиңиздер керек да. Элиңиздер акыры-түбү сыймыктуу жашоого жетүүнү көксөп жатышат да; демек, сиздер колуңуздарда бар нерсенин бардыгын алар үчүн жумшап, аргаңыздардын жетишинче аларга бар нерсеңиздерди бериңиздер». Ал учурда алар кол жайып «эчтекебиз жок» деп шылтоо айтар эле, бирок жеке өздөрү колунда жок кишилерге эч жатпастыгын толук аңдашчу.

Алар өз эли дагы эле өздөрүнө ыраатту ишеним арта берет ко деп ойлошкон. Элге бир жыл, балким эки жыл калп айтсаңыз болот, бирок, албетте, өмүр бою анте албайсыз. Эң чоң көйгөй — бул өздөрү айткан калпка өздөрү ишенип алышкандыгы жана жамааттык маалымат каражаттарын өлкөдө түзүлгөн жагдайды оң маанайда гана чагылдырууга мажбурлашкандыгы эле. Алар акыры өздөрү бул баяндарга ишенип алышып, көздөрүн туман басып, эч кандай көйгөй жок деп калышкан. Социалдык медианын таасири күчөй берди, көптөгөн акыйкат маалыматтар ачыкка чыгарылды, натыйжада калайыктын чыдамы азайгандан азайды. Жарылуунун чыгышына эч күмөн калбай калды.

Менин бул өлкөлөрдүн мурдагы же жаңы өкмөттөрүн сындоого акым жок; демек, алардын элине же ыңкылаптарына эч кандай сын тага да албайм. Менин бир гана каалаарым — эл туруктуулукка, коопсуздукка, тынчтыкка жана илгерилөөгө жетишсе гана болду. Ушинтип айтуу менен бирге, мен бардык арабдарга карата өз өлкөмдүн үмүт, тилек, ак ниетин гана шардана кылып жатам.

**«Тарых шейх Зайид менен шейх Рашидди кандайча баалайт? Мен өзүм шейх Зайид менен шейх Рашидди эскергенде, көздөрүнөн жашы кылгырган көптөгөн кишилерди жекече тааныйм. Тарыхтын баасы дал ушундай».**



Шейх Мохаммед 2013-жылкы «Дүйнөлүк Өкмөт саммитинин» алкагындагы баарлашуу отурумунда чыгып сүйлөөдө.



Калайык эң мыкты медициналык тейлөө, билим берүү, турак жай, адилеттик жана коопсуздукту камсыз кылган мамлекеттик бийликти көксөйт. Кишилер реалдуу экономикалык өнүгүүнү каалашат. Бул өзүбүз мамлекеттик кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө лидерликти камсыз кылууга умтулуп жаткан чагыбызда биздин көңүл чордонубузга алынчу жападан-жалгыз мерчем. Бардык өкмөттөр ушундай принциптерге күч-кубатын арнап калышканга чейин тополоңдор менен кризистер дүйнөбүздү титиретүүсүн уланта бермекчи.

Мен бул китептин башында эскерткенимдей, ар кандай өкмөт өз элинин жыргалчылыгы үчүн иштөөгө милдеттүү. Биздин мамлекетибизге негиз салган атапарыбыз — шейх Зайид менен шейх Рашид — өз элин бактылуу кылуу жана бакубаттыкка жетүүсүн камсыз кылуу мүдөөсүн көздөшкөн эле. Бул максатка жетүү үчүн алар кажыбас мээнет тер төгүштү. Деги тарых шейх Зайид менен шейх Рашидди кандайча баалайт? Деги аларды азыркыга чейин эстеп жатышабы? Албетте! Мен өзүм шейх Зайид менен шейх Рашидди эскергенде, көздөрүнөн жашы кылгырган көптөгөн кишилерди жекече тааныйм. Тарыхтын баасы дал ушундай.

**«Менин бул өлкөлөрдүн мурдагы же жаңы өкмөттөрүн, алардын элин же ыңкылаптарын сындоого акым жок. Менин бир гана каалаарым — эл туруктуулукка, коопсуздукка, тынчтыкка жана илгерилөөгө жетишсе гана болду».**

# «Араб жазы» жана капиталдык салымдар

## 17

БАЭ узак жылдардан бери Жакынкы Чыгыштагы туруктуулуктун тирөөчү катары белгилүү. Биздин аймактын инвестиция үчүн коопсуз өлкө деген макамы анын ишкерликтин чөлкөмдүк борбору жана экономикалык ачык дарбазасы деген ролу менен байланыштуу. Кийинки мезгилдерде бизден тополоңдордон жабыр тарткан «араб жазынын» өлкөлөрүнөн агылган корлордон канчалык пайда таап жатканыбыз жөнүндө сурашчу болду.

Мен араб ЖМКларында БАЭ башка өлкөлөрдөгү «тополоңдордон пайда таап жатат» деген пикирлерге кабатырмын. Ушундай билдирүүлөрдүн артында эч кандай далилдер жоктугу мени ого бетер тынчсыздандырат. БАЭни, ал тургай, башка өлкөлөрдөгү, биз үчүн өтө кымбат болгон жана аларга өзүбүз туруктуулукту гана каалап жаткан өлкөлөрдөгү чыңалуулардын эсебинен мите сымал жашап жаткандай сыпаттап жиберишти.

Биринчиден, мен доошумду бийик чыгарып жана таасын шардана кылгым келет: БАЭ андай ыкманы жаратпайт. Башка мамлекеттердин туруктуулук, бакубаттык жана өнүгүүсүнө жетишүүсүнө көмөк кылуу маселесине келгенде, биз өлкөлөрдүн алдыңкы сабында турабыз. Биз тышкы жардамдарды көрсөтүүнүн улуттук кирешедеги пайыздык катышын алып караганда да, дүйнө өлкөлөрүнүн эң алдыңкы сабындабыз.

Экинчиден, БАЭнин экономикасы бекем пайдубалга негизделген. Биз чөлкөмдөгү чыңалуунун эсебинен күн көрчү убактылуу өнүгүү жолун эмес, туруктуу өнүгүүгө жетишүүнүн үлгүсүн иштеп чыгуудабыз. Биздин өлкөбүз 200 этностун өкүлдөрүн камтыйт; алардын бардыгы эмгектенип, капиталдык салым кошуп, алына жараша эң мыкты нерсесин сунуштап келишет. Биз ар жылы дүйнөнүн чартарабынан 10 миллиондон ашуун туристтерди кабыл алабыз.

Биздин стратегиялык шериктерибиздин ичинде «араб жазынын» эч бир өлкөсү жок. Албетте, Сауд Арабстан падышалыгын эске албаганда, биздин башкы он шерик өлкөлөрүбүздүн арасында бир дагы араб мамлекети жок. БАЭге агылып жаткан инвестициялар дүйнөнүн чартарабынан түшүүдө жана алардын баары ачык жарыяланып турат. 2012-жылы сырттан келген капиталдык салымдардын жалпы көлөмү 30 миллиард дирхамды (8 миллиардга жакын АКШ долларын) түздү. БАЭге дүйнөлүк инвестициялар «араб жазынан» мурда эле келип жаткан. Инвестициялар дагы эле келип жатат жана агылып келе бермекчи.

Үчүнчүдөн, БАЭнин компаниялары тарабынан «араб жазынын» өлкөлөрүнө кыймылсыз мүлк жана инвестициялардын башка түрлөрү боюнча киргизилген салымдар ал өлкөлөрдөн бизге келген капиталдык салымдарга салыштырмалуу алда канча арбын.

Мен «БАЭ чөлкөмдөгү тополоңдордон пайда көрүп жатат» деп айткандарга, эгерде чөлкөм туруктуу жана ар кандай чыңалуудан алыс болчу болсо, анда БАЭ азыркыдан эки же үч эсе көбүрөөк пайда көрмөк, деп кескин түрдө жооп берем.

**«Чөлкөм туруктуу жана бейпил болсо, анда БАЭ эки же үч эсе көбүрөөк пайда көрмөк».**

# Идеялар жана салымдар

## 18

«Дүйнөлүк Өкмөт саммитинде» мага «ушунчалык көптөгөн жаңы идеялар менен чыгармачыл демилгелер булагын кантип таап жатасыз?» — деген суроо узатышты. Учурдан пайдаланып, мен өкмөттөгү саамалыктардын олуттуу маанисин жөнүндө баяндап берүүнү эп көрдүм.

Өкмөттөгү тынымсыз илгери өнүгүүнүн жандантуучусу болгон жаңыча ой чабыт дайым эле борбордон жана жогорку жактан келип турбайт, ал чартараптан жана тамыр түбүнөн да жаралып турат. Катардагы кызматкерлерге да саамалыктарды жаратуу булагынын мүмкүнчүлүгүн ыйгаруу керек. Жаратмандык идеялар — жетекчилер менен алардын жумушчу топторунун өз ара чыгармачыл кызматташтыгынын мөмөсү.

Колбашчылык макам мага командир да өз жоокерлерине кулак салышы керектиги жөнүндө сабак берди. Кеңешүү жана бири-бири менен кызматташуу — маданиятыбыздын кыртышына тамыр жайган сапаттар. Чыныгы көсөмдүн эң мыкты өрнөгү катары өзүбүздүн Пайгамбарыбыздан — Алла таала ага бейпилдик ыроолосун — ар дайым өзүнүн шериктеринин көз караштарын да назарында тута алган Пайгамбарыбыздан артыгыраак ким чыкмак эле?

Идеялар ар түрдүү кишилерден: өлкөнүн жарандарынан жана келгиндерден, балдардан жана чоңдордон, аткаминерлерден жана кызматкерлерден чыгышы мүмкүн. Сунуштун жөнөкөй же татаалдыгына карабастан, аны ар кандай киши ортого сала алат. Менин бир көнүмүш адатым бар: өзүмө кезиккен ар кимден эле жалпы өнүгүүбүзгө салым кошо тургандай жаңы идеялары менен бөлүшүүсүн сурана берем.

Эми бир аз чегинүү жасап, жаратмандыктын олуттуу маанисин баса белгилей кетелик. Жаратмандык — бул ар кандай мамлекеттик мекеменин өзгөчө баага арзыган байлыгы. Ансыз сиз эч качан өткөн чактагы ийгиликтериңизди жаңы мүдөө аркылуу жеңип кете албайсыз, өзүңүздүн учурдагы кырдаалыңызды өзгөртө албайсыз же өзгөлөрдөн аша албайсыз.

Прогрессивдүү өлкөлөр жаратмандыкка таянат. Ал — тейлөө кызматын жакшыртуу, элибизди улам жогорку серепге чыгаруу, өлкөбүздү өнүктүрүү үчүн умтулуубузга мүрөктүн суудай эле керек. Жаратман өкмөт — бул тынбай өсүп-өнүкчү



жандуу система. 2012-жылы БАЭнин өкмөтү 20000ден ашуун жаңы идеяларды жана сунушту ортого сала алды. Биздин айрым аткаминерлер чыгармачыл мамиле туурасында көп эле сөз кылышат да, өз мекемелерине сунуштар үчүн атайын кутуларды койдуруп коюшат жана мунун аркасында жаратмандык кылдым го деп санашат. Кайда-ан! Жаратмандык чыныгы олуттуу жана натыйжалуу өзгөрүүлөргө жетүү үчүн, ички ширелтилген системасы бар, пайдубалы бекем маданий турмушка айланышы керек.

Жаратмандык билим алууга жана билимди жайылтууга артыкчылык бере албаган ар кандай мекемелик чөйрөдө эч качан бүчүр байлай албайт. Ал, ошондой эле өзгөрүүлөргө каршылык көрсөткөн, же болбосо идеялар менен көз караштар таасын жана айкындуулук шартында алмашылуусуна шыктандыруудан жалтайлаган кайсы бир мекемеде да эч тамыр жая албайт. Мен чыгармачыл мамиленин аркасында өз кирешелерин 100 миллион дирхамга (болжол менен 27 миллион АКШ доллары) жогорулатып жана чыгымдарын 240 миллион дирхамга (болжол менен 64 миллион АКШ доллары) азайта алган бир мекемени билем. Бул жетишкендикке төмөнкү жагдай ачкыч болгон: бул мекеме өз кызматкерлерине алардын чыгармачыл саамалыктарына жараша сыйлык ыйгара баштаган.

Бир ирет менден «канткенде киши жаратман боло алат?» деп сурап калышты. Мен мындайча жооп кайтардым: «Биз көнүмүш адат чидерине кабылбоону көнүмүш адатка айлантышыбыз керек». Эгерде сиз кайсы бир кырдаалга көнө түшсөңүз, жагымдуу шартка ээ болосуз, ал эми өзгөрүү — карандай мээнетти жана ыңгайлаша түшкөн чөйрөңүздөн чыгып кетүүнү талап кылат. Демейде, кишилер өзгөрүүнү жактыра беришпейт жана өзгөрөлү дегенлерге кырды бычак болушат, анткени өзгөрүү алардан көнүмүш адаттан чыгууну талап кылат эмеспи. Ошондуктан мен бардык чыгармачыл инсандарга кайрылам: сиздер ар дайым жаңы идеяларыңыздарга каршы күрөшкөн кимдир бирөөгө кабыласыздар. Мунун өзү — сиздер туура чыйырда экениңиздердин алгачкы ишаарасы. Бардык расмий жетекчилерге кайрыларым: өзгөрүүлөргө бөгөт койбой, кучак жая тосуп алыңыздар.

**«Биз көнүмүш адат чидерине кабылбоону көнүмүш адатка айлантышыбыз керек».**

# «БАЭ чабыты — 2021»

19

Бул бапта 2021-жылга — биздин мамлекетибиздин алтын мааракеси белгилене турган жылга карата БАЭнин өзгөчө олуттуу улуттук мүдөө мерчемдери тууралуу баяндалат.

Эки жыл мурда мен Лива (Liwa) өрөөнүндөгү «Касру ал-Сараб Дезерт Резорт» (Qasr Al Sarab Desert Resort) конок үйүндө БАЭнин узак мөөнөттүк өнүгүү жобосун талкуу кылуу үчүн кесиптеш министрлерим менен жолугушуу өткөрдүм. Биз өзүбүздүн башкы улуттук артыкчылыктарыбыз тууралуу талкуу кылдык да, өлкөнүн өнүгүүсүнүн дал ушул баскычы үчүн «жол картасын» чийдик. «БАЭ чабыты — 2021» деп аталган маанилүү стратегиялык документ жаралды; ал жарандын кызыкчылыктарын мамлекеттин өнүгүүсүнүн жүрөк толтосуна жайгаштырган жана президент шейх Халифа тарабынан иштелип чыккан улуттук программага негизделген болчу.

Андан соң, мен эмирликтердин өкүмдарлары жана көптөгөн жогорку мартабалуу расмий жетекчилер жолугушуулар түрмөгүн өткөрдүм. Биз «БАЭ чабытын» чогуу талкуулап, коюлган милдеттерге жетүү үчүн өз пландарыбыз менен стратегияларыбызды айкалыштырууга макулдаштык. Алдыбызга бир гана өзөккү максат коюуну макулдаштык: бул — 2021-жылга карата БАЭни дүйнөнүн мамлекеттеринин алдыңкы сабына алып чыгуу.

Биз дүйнө жүзүндөгү эң бейсалдуу өлкөлөрдүн бири боло алабыз деп кыялданууга толук акыбыз бар. Арийне, биз жөн гана каалоо менен чектелбей турганыбызды билебиз жана өз дымагыбызды турмушка ашыруу үчүн эң мыкты аракеттенүүгө олуттуу мамиле кылабыз.

Биз башка эч бир өлкөдөн кем эмеспиз. Биздин мүмкүнчүлүктөрүбүз да башка элдердикинен эч кем калышпайт. Биздин ата журтка карата сүйүүбүз деле башкалардын өз өлкөсүнө карата сүйүүсүнөн эч кандай бөксө эмес. Анан калса, өз дымагыбызды турмушка ашыруу үчүн бизде ресурстарыбыз жетиштүү.

Мен бардык мамлекеттик расмий жетекчилерге кайталай бергенден тажабайм: өзүңүздөргө жана жумушчу тобуңуздарга ишениңиздер жана дүйнөнүн мамлекеттеринин алдыңкы сабында боло алабыз деген тилекке ишеничте болуңуздар.

Мындан кийинки баптарда мен «БАЭ чабытын» турмушка ашырууга багытталган өзгөчө маанилүү улуттук максаттарды шардана кылып, биз дүйнөдө эң алдыңкы өлкө болууга умтулуп жаткан мамлекеттик кызматтык тейлөөлөр жаатын жетектөөнүн башкы тармактарына айрыкча басым жасамакчымын. Биздин бул ой чабытыбыз www.vision2021.ae. Интернет барагында кеңири чагылдырылган жана ал аркылуу калайыкка ачык жарыяланган.

## Эң мыкты сапаттагы билим берүү

Байыркы жана жаңы тарыхтын экөөнөн тең алынган негизги сабактардын бири — бул өлкөлөрдүн, элдердин жана цивилизациялардын өнүгүүсү билим берүүдөн башат алгандыгында. Улуттардын келечеги мектептен башталат.

Билим берүү — бул өзүнчө ышкы; муну мен биздин президентибиз шейх Халифа, эмирликтердин өкүмдарлары жана шейх Мохаммед ибн Зайид (Абу-Дабинин мураскор канзаадасы) менен тең бөлүшөм. Мыкты билим берүү системасы жок шартта БАЭ эч кандай илгерилөөгө мүмкүнчүлүк ала албастыгын биз бардыгыбыз орток андагандыгыбыз дал ушул ышкыны жаратат. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу — бул аягы бүтпөгөн тынымсыз жүрүм, анткени дүйнө ар дайым өзгөрө берет эмеспи. Илимий тармактар ар күнү кеңейип баратат жана ар күнү ар түркүн өнүттөр жана аспаптар ойлоп табылууда. Биз бүтпөс бир жарыштын катышуучуларыбыз жана Алла таала кааласа, биз алга карай жыла бермекчибиз.

**«Биз дүйнөдөгү эң бейсалдуу өлкөлөрдөн болобуз деп кыялданууга толук акылуубуз».**

Соңку кырк жыл аралыгында БАЭдеги билим берүү системасынын өнүгүүсүнө көз салган ким гана болбосун, биз жетишкен опол тоодой илгерилөөнү көрбөй коё албайт. Бардык кишилер билим алууга укуктуу жана бул укук Баш мыйзамда кепилденген. Биздин мамлекетибиз жаралган 1971-жылдан бери өлкөдөгү мектептердин саны 16 эсе, студенттердин саны 25 эсе өстү, БАЭ аялдарга билим берүү чөйрөсүндө дүйнөлүк лидер катары даңазаланып калды.

Кийинки жылдары биз жарандар каерде жашагандыгына жана жашы канчада экендигине карабастан, алардын бардыгын окутуу үчүн мектептер менен университеттерди курууга зор маани берип жатабыз. Алдыдагы жылдары биздин окуучуларыбыз заманбап техникалык жөндөм жана турмуштук тажрыйбага бирдей деңгээлде ээ болуусуна жетишүүсү үчүн жарамдуу таалим берүүнү көңүл чордонунда тутмакчыбыз.

Биздин эмираттык студенттерге карата максатыбыз — табигый илимдер, математика жана гуманитардык илимдердин деңгээли боюнча алдыңкы жыйырма өлкөнүн катарына кирүүсү. Мен биздин балдарга жана алардын жөндөмдөрүнө өзгөчө ишенем. Себеби аларда да башкалардан эч кем эмес жөндөм бар. Тубаса түрдө алардан да жөндөмдүү болчу эч ким жок.

Биз, ошондой эле билим берүү чөйрөсүндө да кызмат көрсөтүү стандарты боюнча эл аралык деңгээлге чыгууну мүдөө кылабыз. Биз бардык мамлекеттик жана жеке менчик мектептерибиздин дүйнөлүк баага расмий жетишин каалайбыз. Акырында айтылса да, мааниси зор нерсе: биз өлкөбүздүн мугалимдеринин ар бирин эң жогорку эл аралык стандарттарга ылайык күбөлөндүрүү багытында иш жүргүзүп жатабыз. Булар билим берүү чөйрөсүндөгү өзгөчө артыкчылыктуу багыттарыбыз.

**«Өлкөлөрдүн, элдердин жана цивилизациялардын өнүгүүсү билим берүүдөн башат алат. Улуттун келечеги анын мектептеринен башталат».**



## Дүйнөлүк мыкты деңгээлдеги саламаттык сактоо системасы

Эми «БАЭ чабыты — 2021» мерчеминин тиричилик үчүн өзгөчө маанилүү тармактарынын бири — саламаттык сактоо тармагына келүүгө ракым этиңиздер.

Биз өлкөбүздүн бардык аймактарында мамлекеттик саламаттык сактоодогу тейлөөнү 100 пайызга камсыздайбыз. Демек, биз үчүн чакырык — бул тек гана медициналык тейлөө менен камсыз кылууда эмес, мындай тейлөөнүн сапатын жогорулатууда.

Эгерде биз саламаттык сактоодо жогорку сапаттагы тейлөө кызматтарын көксөй турган болсок, анда биз таасын болгон стандарттарды гана иштеп чыгып тим болбостон, ошол эле учурда мамлекеттик жана жеке менчик тармактардагы кызматкерлердин ушундай стандартка ылайык иштөөсүнө жетишүүбүз зарыл. Биз башка нерселер менен биргеликте, медициналык кызматкерлер, медициналык тейлөө кызматтары, дары-дармектер, профилактикалык медицина жана ооруканаларды башкаруу сыяктуулар камтылган жогорку стандарттарды иштеп чыкмакчыбыз.

Бул багытта биз 2021-жылга карата өлкөбүздөгү бардык ооруканаларды дүйнөлүк эң жогорку талаптарга ылайык аккредитациядан өткөрүү үчүн мээнеттенмекчибиз.

### Кишини өнүктүрүү

Биз билим берүү, саламаттык сактоо, социалдык камсыздандыруу жана маданият тармактарынын бардык чөйрөсүндө кишини өнүктүрүү мыкты даражада жүргөн коомду куруу ой чабытына ээбиз. Биз БАЭни кишинин өнүгүүсүнүн дүйнөлүк көрсөткүчүндө эң жогорку 10 саптагы турган өлкөлөрдүн катарынан көргүбүз келет. Биз бактылуу үй-бүлөлөрдү түзүп, жамааттарды ынтымакташтырып жана алардын мүчөлөрүнүн ортосунда байланыштарды чыңдоо аркылуу, БАЭнин бактылуулуктун дүйнөлүк көрсөткүчүндө эң жогорку сапта турган өлкөлөрдөн болушун күтөбүз.

### Атаандаш билим экономикасы

Биздин өлкөбүз ушул чөйрөнү өнүктүрүүгө өзгөчө кызыкдар, ошондой эле бул жаатта эл аралык көрсөткүчүбүз мыкты болушуна да кызыкдарбыз. Анын себеби — тек гана өз элибизге камсыз кылууну эңсеген сыймыктуу турмуш үчүн дүркүрөп өнүгүп жаткан экономика өзгөчө мааниге ээ болоруна бекем ишенебиз. Өкмөттүн негизги кызматы болуп элинин бакубаттыкка жетишин камсыздоо эсептелет; ал эми андай сереге жарандардын татыктуу турмуш деңгээлин камсыз кылуу аркылуу гана көтөрүлүүгө мүмкүн.




Шейх Мохаммед өз өкмөтүнүн «БАЭ чабыты — 2021» деп аталган узак мөөнөттүк планына арналган семинарды алып баруруда.

Татыктуу турмуш деңгээлинин түркүктөрүнүн бири — бул дурус киреше; ал улуттук экономиканын натыйжалуулугу менен түздөн-түз байланышта.

Биздин экономикалык системабыз киреше булактарынын кеңири түрлөрү менен мүнөздөлөт. Бул экономиканын бир гана секторуна көз каранды болуусун азайтууну каалаган мунай өндүрүүчү көптөгөн өлкөлөр үчүн өрнөк боло ала тургандай жана биз баштапкы эле баскычта турмушка байсалдуу киргизүүгө үлгүргөн стратегия.

Биздин мамлекетибиздин биринчи кезектеги милдети — дүйнөлүк базардагы атаандаштык үчүн болгон мүмкүнчүлүгүбүздү тездетип чыңдоо. Тынымсыз өсүү жана өнүгүүнү камсыз кылуу үчүн дүйнөнүн башка бөлүгүнө атаандаштык рух менен назар салуу өзгөчө мааниге ээ, анткени ушул рухтан кол жууган күнүбүз — биздин артка чегине баштаганыбыздын белгисин туюнтат. Биздин мүдөөлүк мерчемибиз — атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн дүйнөлүк көрсөткүчүнө жана ишкердикке жеңилдик кылуу көрсөткүчүнө ылайык дүйнөдөгү алдыңкы он өлкөнүн сабынан орун алуу.

Экинчи экономикалык милдетибиз — бул чакан жана орто ишканаларды колдоо аркылуу ишкерлик чөйрөнү жакшыртуу, анткени биз өздөрүнүн демилгесине, жаратмандыгына жана өзүнө өзү ишенгендикке таянган жарандарыбыздын өз ишкерлигин баштоосуна түрткү болууну каалайбыз. Эң маанилүү нерсе: биз мектеп менен университеттин алкагынан тартып эле ишкерлик жүргүзүү маданиятын бапестеп калыптандыра беришибиз зарыл. Биз тоону томкорор каармандыгы жана дымагы бар, ошондой эле жоопкерчиликти да сезе билген мээнеткеч жана чыгармачыл дараметтүү жаш ишкерлердин муунун өстүрүүнү көздөйбүз. Биз жаштарыбызга каалаган нерсенин бардыгы ушул — алар тапкан пайдаларын өздөрү жана өз үй-бүлөсү үчүн жумшап, бакубатыкка балкышсын.

**«Дүйнөнүн башка бөлүгүнө атаандаштык рух менен назар салуу өзгөчө мааниге ээ, анткени ушул рухтан кол жууган күнүбүз — биздин артка чегине баштаганыбыздын белгиси».**



Биздин мүдөөлүк мерчемибиз — дүйнөлүк ишкерлик жана өнүгүү көрсөткүчүнө (GEDI) ылайык, өлкөбүздү дүйнө жүзүндөгү алдыңкы он өлкөнүн сабына чыгаруу. Эмираттын көпчүлүк жарандары маяналуу кызматтарда иштөөнү артык көрөрү, ар ким эле өзүнүн жеке ишкердигин баштоо үчүн көнгөн калыптан баш тарта бербестиги жөнүндө биз дурус кабардарбыз. Ошондуктан биз жеке менчик тармактарда эмиратташтыруу багытын удаа жүргүзүп келебиз. Мунун өзү өз жарандарыбыз үчүн жылына 100 000ден ашуун иш орундарын түзүп берүү дегендикти туюнтат.

2013-жылды биз «эмиратташтыруу» жылы деп жарыяладык. Биз 2021-жылга карата жеке менчик тармагында эмираттыктардын ээлеген үлүшүн 10 эсеге көбөйтөлү деп максат койдук. Иш менен камсыздоо кепилдиги — биздин өкмөтүбүз үчүн акыркы сапта калчу маселе эмес, бул башкы улуттук артыкчылыктардын бири.

### Туруктуу чөйрө жана ич ара шиерелтилген инфраструктура

Соңку жылдарда биз дүйнөлүк стандарттарга чындап шайкеш болгон инфраструктурабызды өнүктүрө алдык. Бул өтө аз убакыттын ичинде жүзөгө ашырылды; анын себебинин бир жагы мындайча: заттык өнүгүү деген адатта киши өнүгүүсүнө салыштырмалуу азыраак убакытты алат эмеспи.

Дүйнөдөгү атаандаштык шарттары жаатындагы эң соңку баяндамага ылайык, БАЭ инфраструктуралык сапат көрсөткүчү боюнча дүйнө жүзүндөгү өлкөлөрдүн ичинен алдыңкы 6-орунду ээледи. Биз аба майдандары, порттор, автоунаа жолдору, уюкфондор, электр жабдуу инфраструктурасы камтылган тармактарда эң жогорку упайларга татыдык. Эми алдыдагы жылдар үчүн биздин мерчемибиз дүйнөлүк инфраструктуралык сапат көрсөткүчү боюнча биринчи орунга жетишүү болуп саналат.

**«Кишинин өмүрүнөн артык эч нерсе жок».**

Эсенчиликтеги, адилет жана коопсуз улут

Сот адилеттиги башкаруунун негизи болуп саналат; БАЭдеги биздин турумубуз жана бир эле мезгилде бабаларыбыз калтырган мурасыбыз дал ушундай. Сот системасынын алкагындагы сот адилеттиги калыс чечим чыгарууда гана эмес, мыйзамдык амалдарынын жөнөкөйлүгү менен айкындуулугунан жана сот өндүрүшүнүн ыкчамдыгынан да келип чыгат. Бул үчүн ишти уюштурууну өркүндөтүү, сотторго жаңы технологияларды тартуу жана чечимдерди кабыл алуунун ачык-айкындыгы жана жоопкерчилиги боюнча эң жогорку стандарттарды жүзөгө ашыруу зарыл.

Биз өз мамлекетибизди негиздеген аталарыбыз жарыялап кеткен көз карандысыздык, исламга шайкештик жана адамзаттык адеп-ахлактык талаптарын аң-сезимдүүлүк менен сактоо принциптерине таянган БАЭнин сот системасын андан ары өнүктүрүшүбүз керек.

БАЭнин жарандарынын коопсуздук жана эсенчилик өнүттөрүнө келсек, Эмираттардын жүздөгөн жаш жарандарынын өмүрүн кырчын кезинен кыйып жаткан унаа кырсыктарынын саны мени өзгөчө кабатырлантат. Биз автожолдордун, көпүрөлөр менен туннелдердин эң жакшы тармагын курууга жетиштик жана өлкөбүздө жаштарыбыздын басымдуу бөлүгү эсенчиликти мыкты эске алчу автоунааларды айдап жүрүшөт. Демек, ушундай кырсыктардын келип чыгышынын башкы себеби — жогорку ылдамдык жана унаа айдап баратканда тийиштүү дыкаттыктын аздыгы. Биз унаа кырсыктарынын кесепетинен каза болгондордун төмөнкү көрсөткүчү жаатында дүйнө жүзүндөгү алдыңкы 10 мамлекеттин сабына кирүүнү көздөп келебиз, анткени кишинин өмүрүнөн да артыгыраак эч нерсе болбойт жана ага кайдыгерликке орун жок.

**«Өнүгүүнүн жоопкерчилиги өтө оор; жолубуз ачык; саат чыкылдап турат; ал эми өлкөбүз болсо, биздин иш-аракеттерибизге күбө болмокчу».**



Мен «БАЭ чабыты — 2021» мерчеминин улут үчүн өзгөчө омоктуу мүдөөлөрүнө кыскача сереп сала кеттим. Албетте, ушунчалык терең катмарлуу дың болгон теманы колуңуздардагыдай китепте сыпаттагандыгым үчүн кечирим сурайм, бирок мен атуулдар өздөрүнүн өлкөсүнүн жол картасын, мүдөө мерчемдерин жана артыкчылыктарын билүүгө акылуу деген жобого чындап ишенгендерге кирем. Дал ушул мүдөө мерчемдерин ачыктоо аркылуу биз аларды жүзөгө ашырууга жакындай баштайт эмеспизби.

Өкмөт алдына койгон милдеттерин өз күчү менен ишке ашыра албайт, бул үчүн ал коому, жеке менчик тармактары жана коомдогу бардык катмарлар менен бирге ашарга чыгышы керек. Жалпы өнүгүү жоопкерчилиги коомдун ар бир мүчөсүнө да жүктөлөт. Бул оор жүк. Жолубуз ачык; саат чыкылдап турат; ал эми өлкөбүз болсо биздин иш-аракеттерибизге күбө болмокчу.

Балким, биздин өлкөбүз чакандыр, бирок элибиз — керемет, биздин жетишкендиктерибиздин сереси абдан сонун. Бизде болочогубузга карай бир гана жол бар: ал — ынтымакта аракеттенип, чогуу-чаран иштөө. Ошондуктан, келиңиздер, өлкөбүздү жана муундарыбызды алда канча айкын жана алда канча бакубат келечекти көздөй чогуу жетектейлик!

**«Балким, биздин өлкөбүз чакандыр, бирок элибиз — керемет, биздин жетишкендиктерибиздин сереси абдан сонун».**

# Тобокелчиликк… байлоо

# 20

Бүткүл дүйнөгө БАЭ укмуштуудай тездикте өнүгүүсү менен таанылды. Калайык ушунчалык деңгээлдеги дымак менен курулушту көргөндө, алар дүйнөлүк экономикалык чакырыктардын жана чөлкөмдүк туруксуздуктун кырдаалында да башкы долбоорлорубузга жана пландарыбызга шымалана киришип жатканыбызга күбө болгон чакта, дал ушундай суроону көп узатышат: «Муну өтө эле тобокелдик деп сезип жатканыңыз жокпу?»

Мен аларга тобокелчилик менен коштолбой турган эч бир жаңы долбоор болбойт деп жооп берем. Ар бир иштин белгилүү бир деңгээлде тобокелчилиги бар. Анан эмне, өмүрүбүзгө да, ишибизге да чекит коюшубуз керекпи? Ал түгүл кардарлар өз акчасын ишенип салып жаткан банктар да тобокелдикке барышат. Андай болсо, банктардын бардыгынын амалдарын токтотуп салууга тийиштпизби? Ишке автоунаа менен жөнөп жатып да биз тобокелдикке салабыз. Учакта саякаттоо аркылуу да тобокелдикке барып жатабыз. Демек, биз ишке жөнөөдөн жана саякатка чыгуудан баш тартышыбыз керекпи?

Албетте, анте албайбыз. Жашоо тобокелчиликтерге толтура. Эгерде биз эгерим акыл-эс калчаган тобокелчиликтер менен коштолчу жаңы долбоорлорубузду баштоого батына албасак, анда кантип өз мерчемдерибизге жетмекпиз, кантип экономикабыздын ыкчам өнүгүүсүн камсыз кылып, элибиздин бакубаттыгын камсыз кыла алмакпыз?

Чакырыктар бардык жакта орун алат, тобокелдик да ошондой. Кимде-ким өз максатына жетүүгө көшөрүп аракет кылса, анда ал сөзсүз түрдө муратына жетет. Кимде-ким өнүгүүгө бөгөт кылчу шылтоолорду издей берчү болсо, анда анын мындай шылтоолору чексиз чыга берет.

Биз кандайдыр бир долбоор же идеяны жүзөгө ашыра баштабайлык, менден дайыма тобокелчилик жаатын сурашат. Мен дайыма кайталап жооп узатып келем: бардыгынан олуттуу тобокелчилик — бул эч кандай тобокелчиликке барбагандык. Чындык болсо мындай: биз алдын ала кылдат сыноодон өткөрүп, изилдөө жүргүзмөйүнчө, эч кандай долбоорду баштабайбыз; арийне, биз өз маанайыбызга да, өз жумушчу тобубузга да коркуу сезимин тануулоодон баш тартабыз.



Биз ыктымалдуу тобокелчиликтерди көбүртүп-жабыртпайбыз. Ал түгүл БАЭнин тегерегинде чыңалуулар, тополоңдор жана согуш аракеттери орун алып жатканына карабастан, биз иштөө, куруу жана өсө берүү жүрүмүнөн алагды болуудан баш тарттык. Соңку отуз жыл аралыгында биздин чөлкөмүбүз олуттуу үч согушту баштан кечирди. Эгерде биз өзүбүздүн ири долбоорлорубузду баштоодон оболу туруктуулуктун калыбына келтирилишин күтүп жүрө берген болсок, анда азыркы тапта кайсы жакта кала бермек элек?

Аймактагы чыңалууга жана дүйнөлүк экономикадагы чакырыктарга карата мыкты жооп — бул мурдагыдан тезирээк иштөө жана алда канча ири долбоорлорду соңуна чыгаруу. Өнүгүү туруктуулукту сүйөт. Эгерде экономика кыйла туруксуз болуп жатса, анда чоң долбоорлор аркылуу чарбаны чыңдап, алдыга сүйрөп чыгууга мүмкүн.

Биздин чөлкөмүбүз жана анын элдери араб дүйнөсүндөгү байсалдуу өрнөккө өтө муктаж; бул өрнөк аларга үмүт аркалатып, көңүл чордонуна согушту эмес, гүлдөп-өсүүнү коюу алда канча мыкты экенин, согуштук ракеталарды учурганга караганда, долбоорлорду ишке ашыруу алда канча пайдалуу болорун, ал эми келечекти мунаса, элдешүү жана топтук рух аркылуу гана курууга мүмкүндүгүн тастыктап берет.

Ар бир мамлекет өз жарандарынын күч-кубатын тизгиндеп, же оптимизм жана үмүттү жандандырчу конструктивдүү нукка бурушу мүмкүн, же болбосо чыңалуу, башаламандык жана согушка карай бура алат.

Арабдар акылдуу эл эмеспи, андыктан мен чөлкөмдөгү азыркы тапта болуп жаткан бардык чыңалууларга карабастан, аймактын болочогуна жаркын үмүт менен карайм.

**«Тобокелге салып, майнапсыз болуу — майнапсыздык эмес. Чыныгы майнапсыздык — бул ар кандай тобокелчиликтен жалтайлоо».**

Тобокелчилик жөнүндөгү сөзүбүздү эми башка өңүткө, жекече тобокелчиликке бургум келет.

Өз жашоосунда тобокелчиликтен качкан адам кыйынчылыктардан, көйгөйлөрдөн жана жоготуулардан кыйгап өтүшү мүмкүн; бирок ал эч качан чыныгы жетилүүнү баштан кечире албайт жана жаңы нерсени үйрөнө албайт. Ал эч качан өзгөрбөйт. Ал турмак сүйүп көрүүгө да даай албайт. Сөздүн кыскасы, андай киши чыныгы жашоону эч баштан кечире албайт. «Эгерде деңиз жээгин көз кырындан жоготуп алуу каармандыгына ээ болбосоң, анда жаңы мухиттерди эч качан ача албайсың», — деген накыл кеп бар. Турмуш — тажрыйбаларга, кишилерге, кезчү жерлерге жана укмуштуу окуяларга жык-жыйма; тобокелчиликтен качуу аркылуу сиз ушулардын бардыгынан кол жууп калышыңыз ажеп эмес.

Көп учурда биз бирдей эле кыртыштан чыккан, бирдей таалим алган жана акыл-эси бирдей эле деңгээлде болгон эки башка кишиге жолугуп калабыз, бирок алардын бири экинчисинен көбүрөөк жолдуу чыгат. Эмне үчүн ушундай? Көрсө, алардын бири өз идеяларын турмушка ашырууга, өзүнүн саамалыкчыл жагын улам сыноого, өз турмушун өзгөртүүгө даап бара алат экен, ал эми экинчиси мынчалык каармандыкка ээ эмес экен.

Тобокелге салып, майнапсыз болуу — майнапсыздык эмес. Чыныгы майнапсыздык — бул ар кандай тобокелчиликтен жалтайлоо.

**«Ар бир иштин белгилүү бир деңгээлде тобокелчилиги бар. Анан эмне, өмүрүбүзгө да, ишибизге да чекит коюшубуз керекпи?»**





Шейх Мохаммед ибн Рашид ал-Мактум менен шейх Мохаммед ибн Зайид (Абу-Дабинин мураскор канзаадасы) Фужайра эмирлигинде бир долбоордун пайдубалына алгачкы таш төшөө аземине катышууда. Сүрөттө шейх Хамдан ибн Мохаммед ибн Рашид ал-Мактум (Дубайдын мураскор канзаадасы) жана Улуу Урматтуу Мохаммед ал-Мурр (Федерациялык улуттук кеңештин, б.а. БАЭнин парламентинин төрагасы) да камтылган.

**«Эгерде биз өзүбүздүн ири долбоорлорубузду баштоодон оболу чөлкөмдөгү туруктуулуктун калыбына келтирилишин күтүп жүрө берген болсок, анда азыркы тапта кайсы жакта кала бермек элек?»**

# Чакырыктар

## 21

Жашоо бизге дайыма чакырыктарын сунуштап турат. Биздин ата-бабаларыбыздын, өзүбүздүн турмушубуз, деги эле БАЭ негизделгенден берки доор чакырыктар менен коштолуп келди. Жөнөкөй гана өлкөдөн биз дүйнөлүк деңгээлде таанылган мамлекетке өсүп чыгуу чакырыктарсыз жүзөгө ашырылмак эмес болчу. Эгерде биз бул чакырыктарды кабыл алууну токтотуп койгондо, анда өлкөбүз илгери карай адымын токтотуп салмак болчу.

Бизде, БАЭде, жолубузга бөгөт туудурган ар кандай чакырыктарга тике карап басууда үлгү ала тургандай эң залкар эки өрнөгүбүз бар: алар — мамлекетти негиздеген аталарыбыз шейх Зайид менен шейх Рашид. Шейх Зайид өмүр бою бир да жолу чакырыктардан жалтанган эмес. Чакырык канчалык эбегейсиз зор болсо, ал ошончолук өзгөчө чечкиндүүлүк көрсөткөн. Дал ушундай батылдыктын аркасында, биз алдыбыздан бөгөт болгон ар кандай жана ар бир чакырыкты жеңе алдык. Биз эч качан жөн жерден эле багынып отуруп калбайбыз.

Менин жеке тагдырымдагы эбегейсиз чоң чакырык — бул өз жумушчу тобумду ой чабытыма ынандыруу жана өзүм умтулуп жаткан өзгөрүүлөрдүн керектигине алардын ишеничин жаратуу болуп келди. Жөн гана сөздөр мында жетишсиз болот; туура жолдо бара жатканыңызга калайыкты ынандыруу жана өз ой чабытыңызды кабыл алууларына көздөрү жетүүсү үчүн бир аз да болсо ийгиликти камсыз кылышың зарыл.

**«Жеңил турмуш кишини чыйралтпайт, улутту да калыптандырбайт. Чакырыктар кишини чыйрак кылат, мындай чыйрак кишилер улуттарды жаратат».**



Чыгаан кишилер өздөрү төшү менен тоскон чакырыктар аркылуу аныкталат. Жеке инсандын кубатын жана жөндөмүн, ал кайсы бир чакырыкка туш келмейинче, жеке өзүн баалай албайт, анткени чакырыктар инсандын мыкты жана начар жактарын айгинелеп турат. Чакырыктар иш тобун тазалап алуу үчүн да мыкты каражат. Жогорку даражадагы температура алтынды кирден тазалап берген сыяктуу эле, чакырыктар аларды төшү менен тоскондордун жөндөмү менен кубатын аруулантып берет.

1971-жылы негизделгенден тартып, БАЭ көптөгөн ички да, тышкы да чакырыктарга дуушар болду; бирок, бактыга жараша, Алла таала бизге аларды чече алган, өз эли үчүн өрнөк көрсөтө алган кубаттуу жана кеменгер жолбашчыларды ыроолоду.

Ар бир чакырык — сабак алуу мүмкүнчүлүгү, өз жөндөмдөрүбүздү жана билимибизди, ошондой эле жаныбыздагы калайыктын кулк-мүнөзүн сыноонун удулу.

**«Ар бир чакырык — сабак алуу мүмкүнчүлүгү, өз жөндөмдөрүбүздү жана билимибизди сыноонун удулу».**


Шейх Мохаммед 2013-жылдагы «Дүйнөлүк Өкмөт саммитиндеги» баарлашуу отурумунда чыгып сүйлөөдө.



Чыныгы тажрыйба биз иштеген жылдардын саны менен эмес, биз төш тосуп кабыл алган чакырыктардын саны менен ченелет. Айрым учурларда мен эч кандай академиктик даражасы болбогон, бирок кеменгерликке жана терең ой чабытка ээ жана башкалардыкына салыштырмалуу куржунунда көптөгөн жетишкендиктердин мөмөсү бар кишилер менен кездешип келем. Байсалдуулук себеби — алар башкаларга караганда көбүрөөк чакырыктар менен жүздөшүп келишкен; алардын эрдиктери буга күбө.

Жеңил турмуш кишини чыйралтпайт, улутту да калыптандырбайт. Чакырыктар кишини чыйрак кылат, мындай чыйрак кишилер улуттарды жаратат.

**«Шейх Зайид өмүр бою бир да жолу чакырыктардан жалтанган эмес. Чакырык канчалык эбегейсиз зор болсо, ал ошончолук өзгөчө чечкиндүүлүк көрсөткөн».**

# Мүмкүн эмес

## 22

«„Мүмкүн эмес“ — бул мээнеттенгиси келбегендердин, же тагыраак айтканда, биздин дагы мээнет кылышыбызды каалабай тургандардын басса-турса айтар сөзү. БАЭнин сөздүктөрүнөн „мүмкүн эмес“ деген сөздү бир да жерден таба албайсыз. Бул сөздү улуу нерселер жөнүндө кыялдануудан жүрөксүнгөн кишилер колдонушат. Бул сөз адамды эч бура бастырбай, төмөн матап салган чынжыр сыяктуу. Бул сөз инсанды терең зындан сымал эркиндигинен ажыратып, анын кыймыл-аракетине, турмуш кечирүүсүнө, жогорку серелерге чыгуусуна бөгөт болот».

Бизге мээ кайнаткан ысык чөлдө туризм өнөр жайын өнүктүрүү эч мүмкүн эмес деп айтышар эле; бирок биз азыркы тапта ар жылы 10 миллиондон ашуун туристтерди кабыл алып келебиз. Бизге деңизге асман мелжиген мунараларды курууга болбойт деп айтышчу; азыр болсо биз миңдеген кишилерге турак болуп жаткан жүздөгөн асман мелжиген имараттары бар дүйнөдөгү эң ири аралды киши колу менен жарата алдык. Бизге өз чөлкөмүбүз чыңалуудан улам кооптуу болуп калды, ошондуктан соодабыз гүлдөп өсө албайт деп айтышкан; ушул тапта биз дүйнөлүк экономиканын эң маанилүү өкүлдөрү үчүн Жакынкы Чыгыштагы эң ири шерикке айландык. Бизге арабдардын ынтымагына жетишүүгө эч мүмкүн эмес деп келишчү; азыркы тапта БАЭнин өзү мурда эч болуп көрбөгөндөй ийгиликтерди жарата алган биримдик катары өзүн далилдеп келет.

**«Улуу нерселер жөнүндө кыялдануудан жүрөксүнгөн айрым кишилер „мүмкүн эмес“ сөзүн колдонуп келишет».**



Мүмкүн эместей болуп көрүнгөн нерселер биздин күчүбүздү жана мүмкүнчүлүктөрүбүздү ченей турган аспап эмес, бирок алар биздин өзүбүзгө өзүбүздүн ишеничибизди, өз жөндөмүбүзгө ишеним артуубузду жана өз диний ишенимибизди ченей алат. Эгерим «мүмкүн эмес» деген сөздү турмуштук тажрыйбага жолото көрбөңүз, анткени бул сөз сиздин өзүңүздү же сиздин айланаңыздагыларды жармач катары туюнтуп калышы ыктымал. Арийне, чындыкты айтсак, деги эле кубаттуу же жармач пенде деген болбойт, киши ынтызар же көңүлү жок болушу күтүлөт.

«Мүмкүн эмес» деген сөздү ким ойлоп тапканы жөнүндө эч кабарым жок, бирок эмнеси болсо да, жеңил турмушту, уйку-соодогу жана жалкоолук жашоону көксөгөн бирөө тапты го дейм. Биз бул сөзгө эч качан ишеним артпадык. Азыркы тапта «мүмкүнчүлүк чегинен сырткары» деген түшүнүктү да кулагым чала калып жүрөт. Кишилердин айтымында, турмушта үч мүмкүн эместик учурайт экен: биринчиден, эч качан конбостон, учуп жүрө берчү уламыштагы алпкаракуш; ал учуп барып, көктөгү бир чекитте жумурткалайт; жумурткалары ылдыйлап келе жатканда, балапандары тешип чыгышат да, эч качан жерге түшүп калбайт; экинчиден, киши жегич дөө; бул укмуштун деле эч бир изин эч качан көрбөдүк, анткени ал деле уламыш мөмөсү; үчүнчүдөн, чыныгы ишенимдүү дос. Эсиңиздерге сала кетейин, бул сөздөр мага таандык эмес; дагы далай кишилер өздөрүнүн бекем көз карашына ылайык, бул тизмеге өздөрү ылайык көргөн башка да «мүмкүн эместиктерди» чаптап келишти.

Акырында айтылса да, олуттуу мааниге ээ жагдай: тырышчаактык жана терең ишеним орногон жерге «мүмкүн эместик» сыйлыгышпайт. Турмушта ишке ашпай турган эч нерсе жок.

**«Тырышчаактык жана терең ишеним орногон жерге „мүмкүн эместик“ сыйлыгышпайт. Турмушта ишке ашпас эч нерсе жок».**

# Ишкерлер чөйрөсү менен жыйын

## 23

Жакында мен Дубай шаарына жыйынга катышуу үчүн келген дүйнөдөгү эң ири компаниялардын 500дөй эл аралык аткаруучу мүдүрлөрүнүн тобу менен кезигиштим. Алар менин чыгып сүйлөп берүүмдү өтүнүштү эле, мен аларга ишкерликтеги лидерлердин эң маанилүү үч сыпаттамасын жалпылаштыра турган үч окуяны эскерип өткүм келерин айттым.

Биринчи окуя 1985-жылы Дубайда орун алган. Дубай аба майданындагы аба каттамдарынын болжол менен 70 пайыздайын көзөмөлдөгөн аба жолдору компаниясы бизден «ачык асман» саясатыбызды токтотууну талап кылды. Аба мейкиндигин эркин колдонуу жаатындагы бул саясат Дубай аба майданында иш-аракет жүргүзүп жаткан ар кандай аба жолдору компаниясына тиешелүү болчу. Алиги компания өзүнүн базар экономикасындагы үлүшүн коргоого алгысы келди, ал түгүл өз талабына баш ийүү үчүн бир аз апталык мөөнөт да чектеп салды. Эгерде талабына көнбөсөк, анда ал компания аба майданынан чыгып кетерин билдирип сес көрсөттү. Мындай болгондо Дубай аба майданы өзүнө келген каттамдардын 70 пайыздайынан кол жууп калмак.

Биз бул сунуштан жөнөкөй бир себептин негизинде баш тарттык: биз өз өлкөбүз үчүн тар колдоочулукка караганда, кең атаандаштык алда канча жемиштүү деп ишенгенбиз. Ошентип, биз эки жүргүнчү учакты ижарага алып, «Эмираттар» («Emirates») деп аталган аба жолдору компаниясын негиздедик. Ток этерин айтсак, алар бизди өз аба жолдору компаниябызды түзүүгө мажбур кылышты да, эми бул компаниябыз дүйнө жүзүндө үчүнчү орунда турат.

**«Атаандаштык ар дайым сизди кубаттуураак жана мыктыраак кылат. Чабал гана атаандаштыктан жалтайлайт».**




Шейх Мохаммед Дубай эл аралык аба майданын кезүүдө. Сүрөттөгү «Үчүнчү терминал» колдонулчу жайларынын жалпы аянты боюнча дүйнөдөгү эң ири имарат болуп саналат. Мында «Emirates» аба жолдору компаниясы жайгашкан.

Өздөштүрүүгө зарыл биринчи сабак: атаандаштык ар дайым сизди кубаттуураак жана мыктыраак кылат. Чабал гана атаандаштыктан жалтайлайт. Биздин өлкөбүз мыктыраак, анткени анын эшиги атаандаштык үчүн ачык; биздин кызматкерлерибиз мыктыраак, анткени алар ар ким менен атаандаша алат; биздин көчөлөрүбүз сонунураак, анткени биз башка өлкөлөрдүн көчөлөрүнөн алардын озуп кетишин көксөйбүз. Ал түгүл, биздин өкмөттүк мекемелерибиз дагы, алдыңкы орун үчүн атаандашууну колдоо максатында айрыкча жетишкендиги үчүн деген сыйлыктарды ыйгарып калгандыгыбыздын аркасында, мурдагыдан мыктыраак болуп өзгөрдү.

Экинчи окуя 1970-жылдардын башталышында болду. Мага соодагерлердин тобу келди да, атам ишке ашырам деп жаткан көңүлүндөгү бир долбоорунан баш тартууну өтүнүп, аны көндүрүп берүүмдү суранышты. Сөз туусу үчүн менин көндүрүп берүүмдү суранышты. Сөз кайсы бир майда-барат нерсе эмес, «Жабал Али» («Али тоосу») порту долбоору жөнүндө эле. Соодагерлердин божомолунда, бул долбоордун зарылчылыгы деле жок, ал эбегейсиз чыгымдарынан улам казынаны түйшүккө салгандан башкага жарабайт. Мен атам менен учкай гана сүйлөштүм, Алла таала анын жанына береке жалгасын! Атам болсо бир саамга ойлоно калды да, болочок үчүн бир нерсе куруп жаткандыгын, болочоктогу

каражаттарыбызга биз эч качан кура албай тургандай бир нерсе куруп жаткандыгын мага айтты. Азыркы тапта «Жабал Али» порту дүйнөдөгү киши колу менен бүткөн эң ири жасалма булуң болуп кала берүүдө жана дүйнө жүзүндөгү өзгөчө кымгуут болгон жүк ташуучу 10 порттун катарында орун алып келет. Бул портто 60тан ашуун эң ири кеме токтотуу жайы жана миңдеген компанияларды камтыган эркин соода аймагы жайгашкан. Андан тышкары, бул тармактагы мол тажрыйбабыз бизге дүйнөдөгү 60тан ашуун портту жетектеп иштетүүгө мүмкүндүк ачты.

Бул окуянын насаат жагы төмөнкүдөй: биз узак мөөнөттүк ой чабыт, бийик дымак, көрөгөчтүк сапаттары менен куралданышыбыз абзел. Нук салчу ой чабытсыз жана чектелбестен бийиктей берчү дымаксыз туруп, биз эч качан болочокку муундарыбызга жаркын келечек кура албайбыз.

Үчүнчү окуя 1999-жылы — биз технологиялдык компаниялар үчүн арналган атайын ишкерлик аймакты курууга ниет кылып жаткан кезде орун алды. Биз бул долбоорду «Дубай интернет шаары» деп атадык. Капиталдык салымдардын көлөмү орточо эле болду, бирок бул идея андан ары өркүндөй берип, медиа, билим берүү тармактарындагы бир катар адистешкен аймакчалар жана башкалар камтылып калды. Азыркы тапта бул аймакчаларда 4500 компания бар жана аларда 54 000 кызматкер иштейт; натыйжада Дубай аталган чөйрөлөрдөгү жаратмандыктын чөлкөмдүк чордонуна айланды.

**«Нук салчу ой чабытсыз жана чектелбестен бийиктей берчү дымаксыз туруп, биз эч качан болочокку муундарыбызга жаркын келечек кура албайбыз».**



Крандар «Жабал Али» булуңунда жүктөрдү көчүрүүдө. 2012-жылы ушул портто 13,3 миллион контейнер тейленген.



Бул окуялар көрсөтүп тургандай, жаратмандык жана жаңы идеялар бүтүндөй өлкөлөрдү жана мекеме-уюмдарды кура алат. Келечек жаңы идеяларды жаратуучуларга таандык. Азыркы тапта БАЭ — өз чөлкөмүндө экономикасы илимге жана саамалыктарга таянган деген расмий сыпатталууга жетише алган көзгө басар мамлекет.

Биздин мүдөөбүз дүйнөнүн өтө өнүккөн өлкөлөрүнүн алдыңкы сабында болуу. Бул мүдөөбүзгө узак мөөнөттүк ой чабыт, жогорку атаандаштык, жаратмандык жана саамалыкчылдык аркылуу жете аларыбыз шексиз.

**«Жаратмандык жана идеялар бүтүндөй өлкөлөрдү жана мекемелерди кура алат. Келечек жаңы идеяларды жаратуучуларга таандык».**

# Өкмөт ишинин сапатына байкоо жүргүзүү

## 24

Иш натыйжалуулугуна байкоо жүргүзүү — байсалдуу өкмөттүн өзгөчө маанилүү түркүктөрүнүн бири. Биз өкмөттүк расмий жетекчилерге макам ыйгарабыз, аларга бийлик беребиз жана бюджетти ишенип тапшырабыз. Ошол эле учурда биз алардын ишине байкоо жүргүзүп, өз ишинин натыйжалуулугу жаатында алардан эсеп сурайбыз. Ал эми расмий жетекчи калпыстыкка жол берсе же ишенимди актабай калса эмне болот? Ага дагы канча ирет мүмкүнчүлүк бериш керек? Мен бул маселени эки өңүттөн талдап чыкмакчымын: бир жагынан — өкмөттүк бардык мекемелердин натыйжалуулугун башкаруу жана тартипке салуу боюнча биз колдонуп келе жаткан системалар жаатында болсо, экинчи жагынан — жекече катачылыктарга сабырдуу мамилени туюнткан менин жекече философиямдын негизинде сереп салам.

Байкоо жүргүзүүнүн биринчи баскычы стратегиялык планга ылайык, иш натыйжалуулугун ченөөдөн турат. Биз ар тараптуу электрондук системаны колдонобуз, ал болсо министрликтердин пландарын кантип ийгиликтүү аткарып жаткандарын өлчөө үчүн жасалган миңдеген көрсөткүчтөрдү өзүнө камтыйт. Мен дал ушул ыкма менен бул министрликтердин иш натыйжалуулугун түздөн-түз байкап тура алам. Ар бир министр өзүнө караштуу министрликтин көрсөткүчтөрүнө көз сала алат. Биз ар кандай кемчиликтер жаатында ар түркүн министрликтерге баяндама жиберебиз да, анын негизинде алар калпыстыктар кетирилер замат оңдой алышат.

Экинчи баскыч — жеринен жыйынтыктап көз салуу деңгээли; бул кардарды тейлөө кызматынын деңгээлин байкоого алуу дегенди туюнтат. Биздин жашыруун соода жасап туруучуларыбыз жана министрликтерге келип-кетип жүргөн миңдеген кардарларыбыз бар. Алар кардарларды тейлөө жаатында баяндама даярдашат, бул баяндамалар тиешелүү министрге карап чыгуу үчүн жөнөтүлөт жана ар кандай кемчиликтер байкалчу болсо, аларды оңдоо үчүн пайдаланылат.

Биз дагы ошол баяндамалардын көчүрмөлөрүн алып турабыз, бирок мен өз чечимдеримди чыгарганда, жалаң гана ошолорго негизденип отурбаймын; ошондуктан байкоо жүргүзүүнүн үчүнчү баскычы колдонулат, ал баскычта жеке өзүм мамлекеттик мекемелерге иш сапар менен барып турам. Мен алардын долбоорлорунун аткарылуу жыйынтыктарына көзөмөл кылам, айрым өкмөттүк мекемелердеги ийгиликтүү жүзөгө ашырылган өрнөктөрдү текшерип чыгам, ошондой эле экинчи жана үчүнчү саптагы башкаруучулар менен жолугушуп, алардын пикирлерин угам. Мен кабинеттен чыкпай туруп эле иш натыйжалуулугуна тийиштүү көзөмөл жасаса болот дегенге ишенбейм. Жеринде байкоо жүргүзүү — тейлөөнүн бардык баскычтарынын жана эрежелердин жүзөгө ашырылышынын өңүтүнөн төрү тууралуу толугураак элес жаратат; ошондуктан ал практикалык чечимдерди кабыл алуу үчүн маанилүү пайдубал түзүп берет.

Көзөмөлдүн төртүнчү баскычы — бул өкмөттүн түзүмүнө кирбеген мамлекеттик аудитордук башкармалык ишке ашыруучу каржылык байкоо жүргүзүү. Анын баяндамалары өкмөттө эң жогорку деңгээлде талкууланат жана ар кандай кемчиликтери бар болсо, аларды чеччетүү үчүн тийиштүү мамлекеттик органдарга жөнөтүлөт.

**«Катачылык кетирүүдөн жөнү жок көбүртүп-жабыртып корко берүү жаратмандыкка бөгөт түзөт».**

Бешинчи баскычта Федерациялык Улуттук Кеңештин жетектөөсүндөгү текшерүү жүрүмү болот. Бул көзөмөл сырттан жана таптакыр башка турумдардын негизинде жүргүзүлгөндүктөн, ал бизге жаңы пайдалуу маалыматтарды берет. Биз Кеңеш берген сунуштарды карап, алардын өзгөчө ылайыктууларын гана бекитебиз, анткени биздин максатыбыз — ишти ырааттуу жакшыртуу жана өнүктүрүү.

Эң башкысы, бардыгыбызды бир гана улуттук ой чабыт — элибиздин бакубаттыгын жана татыктуу жашоосун камсыз кылуу үчүн мээнет бириктирип турат эмеспи.

Киши болгон соң, ката кетпей койбойт. Биз бардыгыбыз кээде алдыга коюлган тапшырмаларыбызды аткара албай калабыз; эң башкысы — шалаакылыкка жана атайылап ката кетирүүгө жол бербөө. Дал ушул жобо, маселен, кайсы бир расмий жетекчи кызматынан түшүрүлүп салынганга чейин канча ирет өз кемчилигин оңдоого мүмкүндүк алышы абзел деген сыяктуу суроолорду караштырган чакта, биздин ой калчообузга багыт көрсөтүп турат.

Ар кандай киши кетирген каталардын негизинде үйрөнөт. Эгерде киши мүдүрүлүп жыгылса, ал ошол жерден эмес, андан эки-үч кадам алдыга жүткүнүп барып туруп кетет. Ушу сыңары эле, ката кетирген киши анын аркасында жаңы билимге жана тажрыйбага ээ болот. Мунун өзү катачылыктарга көз жумдулук кылышыбыз керектигин туюнтпайт, бирок ишине берилген жана мээнеткеч расмий кызматкерлерди өздөрүнө карата саал ийкемдүү мамиле жасалышына акылуу кыла алабыз, анткени, дагы бир кайталап айтайын: капыстан жаңылып калуу ар бир кишиге мүнөздүү.

Мен ката кетирип алган кишилерге жумшак болушум ыктымал, бирок эч кандай далалат жасабай койгондорду таптакыр кечире албайм. Мен катачылык кетирүүдөн жөнү жок көбүртүп-жабыртып корко берген расмий жетекчилерибизди жактыра бербейм. Коркоктуктун ушул бөөдө саксынган түрү жаратмандыкка, саамалыкчылдыкка жана өзгөрүүгө бөгөт түзөт. Иштин майын чыгара иштеп жаткан кызматкердин кетирген анча-мынча калпыстыгы жалкоолук менен саксынуунун айынан эч нерсе жасабаган кишиникине караганда алда канча аз зыян алып келет.





Шейх Мохаммед Абу-Дабидеги шейх Зайид атындагы аба кыймылын багыттоо чордонунда аба каттамдарын көзөмөлдөө системасын карап чыгууда.

**«Жеринде байкоо жүргүзүү — тейлөөнүн бардык баскычтары жана эрежелердин жүзөгө ашырылышы тууралуу толугураак элес жаратат; ошондуктан ал практикалык чечимдерди кабыл алуу үчүн маанилүү пайдубал».**

# Кызматка киришкен күн

## 25

Дубай эмирлигинде менин бийликке келген күнүм — 2006-жылдын 4-январы; эми ушул дата жыл сайын «Кызматка киришүү күнү» катары расмий белгиленип келет. Бул күнү калайык үчүн басма сөздө өздөрүнүн каалоолору менен куттуктоолорун жарыялоо, шаарлардын көчөлөрүн кооздоп коюу, өткөн жетишкендиктерди эскерүү, ошондой эле салтанаттуу кабыл алуулар, кечелер жана параддар салтка ылайык уюштурулуп турат. Мен калайыктын аруу сезимдерин жана ар жылы бир күндү ушул окуяга арноону каалагандыктарын терең баалаймын. Бирок мен салтты өзгөртүүнү жана бул теманын ордуна, бул күндү коомубуздун көңүл буруусуна жана камкордугубузга көбүрөөк муктаж катмарларына арноону туура көрдүм.

Мен өз элимди сүйөм. Менин өз элимди кантип баалаарымды жана ага кызмат кылууну, ошондой эле анын бакубаттыгын камсыз кыла турган өлкөнү курууну ак дилден эңсеп жатканымды Алла таала өзү билип турат. Мен элдин мага карата сезимине жана мен жасап жаткан иштерге карата анын баасына толук ишенемин. Бирок мен бул күнү корогон күч-кубат, убакыт жана акча коомубуздагы башка чөйрөдө алда канча натыйжалуу жумшалышы мүмкүндүгүнө да көзүм жетти. Дал ошондуктан, 2011-жылы биз менин «Кызматка киришүү күнүмдү» жетимдерге багыштоо идеясын көтөрүп чыктык да, мени жарнамалар аркылуу куттуктагысы келгендердин бардыгын ошол эле көлөмдөгү акча каражатын жетимдерге жумшоолоруна үндөп чыктык.

Мен Социалдык саясат министрлигинин кароосундагы жетимдер тобу менен жолуктум да, алар аркылуу жалпы

**«Бактылуу болууга тез жетүү жолу — бул башкалардын жүрөк толтосун бакытка бөлөө».**





Шейх Мохаммед чөлдөгү «Баб ал-Шамс» («Bab Al Shams», «Күн каалгасы») курорттук конок үйүндө жетимдер менен күнү бою чогуу болгон соң, алар менен бирге отурат.

коомубузга кайрылуу жөнөттүм: бул жетимдер — менин балдарым, шейх Халифанын балдары жана бүткүл Эмирликтердин элинин балдары. Коом биздин кайрылуубузга жооп берди да, көптөгөн уюмдар жетимдердин жашоо деңгээлин жогорулатуу үчүн мурдагыдан да көбүрөөк аракет кыла баштады. Өткөн жылы ыйык Рамазан айында жетимдер үчүн кыштак ачтык, ал жерде бардык шарттар түзүлүп, бардык ыңгайлуулуктар каралган. Бул кыштак дагы менин «Кызматка киришүү күнүмдө» пайда болгон идея болду.

2012-жылдагы «Кызматка киришүү күнүм» энелерге арналды. Мен өзүм бир катар демилгелерди сунуштадым да, энелер өз ишин энелик милдети менен мыкты айкалыштырып, кайраты жана чыдамдуулугу аркылуу өз коомуна өрнөк жаратып жаткан бир нече үй-бүлөгө бардым.

Мен расмий ыраазычылык катыма кол койдум да, ар бир баладан жана кыздан мунун көчүрмөсүн басма аспаптан чыгарып алып, өз энесине белек кылып берүүсүн сурандым. Менин интернет барагым аркылуу миллиондон ашуун ыраазычылык каты көчүрүлүптүр; ошентип биз өзүбүз ниеттенген натыйжага жетише алдык.

Бул өнөктүк мага башкаларга караганда көбүрөөк кубаныч тартуулады.

2013-жылдагы «Кызматка киришүү күнүм» жалпы эле эмгекчилерге: үй кызматкерлерине, көчө тазалагычтарга, куруучуларга, коомдук унаа айдоочуларына жана башка демейдеки тиричилигибизди ар күнү жеңилдетип жана жакшыртып, бирок мээнети кээ бир учурларда жылуу сөзгө арзыбай калып жаткан кызматчыларга арналды.

Мен калайыктын — балдар менен чоңдордун, эркектер менен аялдардын — ушул өнөктүккө жигердүү үн кошуп аралашкандыгына өзгөчө таң калдым. Бул салтанаттар бир айдан узакка созулуп, бул убакыттын аралыгында он миңдеген кызматкерлерге тийиштүү сый-урмат көрсөтүлдү. Алардын жүздөрүнөн жылмаюуну көрүү жана алардын ишин ушунчалык жогору баалап жатканыбызды, алар биздин өлкөбүз үчүн жасап жаткан иштерге биз ушунчалык ыраазы экенибизди бул эмгекчилерибизге айгинелетүү өзгөчө канааттануу сезимин жаратты.

Бул улуттук майрамдык окуяны биз ич ара социалдык жандуу баарлашуу тажрыйбасына айлантып койдук. Бул бардыгыбыз үчүн зор ийгилик болуп калды. Дубалга сүрөт илип же гезитке куттуктоо жарыялап салгандан эле чыныгы бактылуулук сезими жаралып калбайт, бирок эненин жүзүндөгү канааттанган жылмаюуну көрүү, же жетимдеги камкордукка бөлөнгөндүк сезим отунун жанганын байкоо, же болбосо бүткүл коом өзүнүн мээнет кылган эмгегин баалап жатканын эмгекчи эркек менен эмгекчи аялга тастыктоо шексиз түрдө бактылуулук сезимине балкытат.

Бактылуу болууга тез жетүү жолу — бул башкалардын жүрөк толтосун бакытка бөлөө.





Шейх Мохаммед Дубай Өкмөтүнүн «Өзгөчө мыкты программа» сыйлыгынын алкагында «баркталбай келген баатыр» наамына татыган муниципалдык кызматкерди куттуктоодо.

**«Чыныгы бакыт — эненин жүзүндөгү канааттанган жылмаюуну көрүүдөн, же жетимдеги камкордукка бөлөнгөндүк сезим отунун жанганын байкоодон, же болбосо бүткүл коом өзүнүн мээнет кылган эмгегин баалап жатканын эмгекчи эркек менен эмгекчи аялга тастыктоодон келип чыгат».**

# БАЭнин ийгилиг...

## 26

«Дүйнөлүк Өкмөт саммитинин» алкагындагы баарлашуу отуруму маалында чет өлкөлүк бир катышуучу менден БАЭнин ийгиликтеринин сыры жөнүндө сурап калды.

Ийгилик — бул жетчү мара эмес, сапардын өзү. Ар бир жолу өз сапарыңызда кайсы бир чокуга чыксаңыз, сиз андан да илгери турган башка чокуга көз чаптырышыңыз абзел. Ошондуктан менден өз өлкөмдүн ийгиликтеринин сырларын түшүндүрүп берүүмдү суранышканда, мен, биринчи кезекте, биз алиге чейин ийгиликке жетүүнүн жолунда бара жатабыз, анткени биз каалаган нерсенин бардыгына алигиче жете элекпиз деп баса белгилейм. Биз ар дайым улам залкар ийгиликке жетүүнү көздөгөн жолду арбытып келмекчибиз.

Бирок багыт алган жолубузда өтө аз убакыттын ичинде бизди кыйла алдыга секирткен сапаттарды чагылдыра кетүү ылайык. Алардын эң алдыңкы сабындагысы — бул сүйүү. Мен бул сөз аркылуу элибиздин ар бир өкүлү өз ата журтуна багыштаган сүйүүнү туюнтуп жатам. Ооба, биз БАЭни сүйөбүз.

Ар жылы мен миңдеген жарандар менен мектептерде жана өкмөттүк мекемелерде, ишкердик чөйрөдө, көчөлөрдө жана соода борборлорунда жолугам жана алардын көз караштарынан БАЭге карата сүйүүнү сезем. Мен алардын өз өлкөсүнө кызмат кылууга жана дүйнөгө анын даңкын чыгарууга болгон терең каалоолорун сезем. Ал тургай өлкөдөгү чет элдик келгиндер да, алар менен да тез-тез эле кездешип калабыз, өздөрү чын дилинен жакшы көрүп калган ушул өлкөбүздүн өнүгүүсүнө өз салымдарын кошууга ынтызар. Биздин элибиз — алар инженерлерби, докторлор, мугалимдер, аскер адамдары, соодагерлер, же болбосо мамлекеттик жана жеке менчик тармактардагы кызматкерлер болобу, БАЭге өз баласына жасагандай камкордук кылып турушат. Алар да БАЭге баласы өз ата-энесин сүйгөндөй изги мамиле кылышат жана өлкө үчүн өздөрүн курмандыкка чалууга даяр турушат. Мынчалык терең берилүү биз жүзөгө ашырып жаткан ар бир ишке, биз белсенген ар бир долбоорго жана биз умтулган ар бир өнүгүү аракеттерине таасир тийгизбей койбойт. Ушунун өзү — биздин ийгиликтерибиздин эң башкы себеби.



Экинчи себеп — бул биздин аракет тобубуздун руху. Биздин президентибиз менен өкүмдарларыбыз, Абу-Дабинин жана башка эмирликтердин мураскор канзаадалары, министрлер, федерациялык жана жергиликтүү бийлик жетекчилери — ушулардын бардыгы бирдиктүү топ катары иштешет. Ар бир киши БАЭнин жалпы келечегин курууга катышат. Биз мындай рухту негиздөөчү аталарыбыздан мурастап алганбыз жана бул рухту азыркы тапта да сактап келебиз.

Федерациялык бийликтин жергиликтүү өкмөттүк бийлик менен бир бүтүндүк катары иштөөсү оңойго турбайт. Биз жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктары борбордук бийликтикине карама-каршы келген федерациялык башкаруу түрүндөгү мамлекеттердин далайын көрүп эле жүрдүк, бирок БАЭ булардын мындайча башкаруусу үчүн чектен тыш көрүнүш экендигин ырастады.

Биздин дал ушул топтук рухубуз, өз өлкөбүзгө чексиз сүйүүбүздү ширелтүү менен катар эле, өзүбүздүн бүткүл биримдигибизге өткөрүлдү; өз кезегинде биримдик бизге кубат, демөөр жана тырышчаактык рухун кайтарды. Ал эми биз туш болуп жаткан чакырыктарга келсек, алар бизге өзүбүздүн гана эмес, болочокку муундарыбыздын да дареметине толук ишенимди аркалатат. Бул илгери умтултуп, шыктанткан жана кубанткан рух — 1971-жылы мамлекетибиз жаңыдан төрөлгөндөгү күч-аракеттерибиздин мөмөсү.

Мен бир канча убакыт мурда кайсы бир китептен окуган бир макал дагы эле жадымда турат: «Эгерде бир жылдай бакубат жашагың келсе, анда буудай эккин; эгерде он жылдай бакубат жашоону самасаң, анда бак өстүр; ал эми бир кылымдык бакубаттыкты көксөсөң, анда кишилерди өстүр».

**«Ийгилик — бул жетчү мара эмес, сапардын өзү. Ар бир жолу өз сапарыңызда кайсы бир чокуга чыксаңыз, сиз андан да илгери турган башка чокуга көз чаптырышыңыз абзел».**



Шейх Халифа «Улуттун күнү» майрамы маалында бардык жети эмирликтин улуу урматтуу өкүмдарлары жыйналган БАЭнин Жогорку Кеңешинин отурумунда төрагалык кылууда.

**«БАЭнин ийгилигине себепкер болгон сапаттардын эң башкысы — бул элибиздин ар бир өкүлү өз ата журтуна багыштаган сүйүү. Ооба, биз БАЭни сүйөбүз».**

**«Бирдиктүү топ катары иш-аракет кылуунун аркасында ар бир жаран БАЭни курууга салым кошуп келет».**

# Дүйнө жүзүнө көмөк

27

БАЭ дүйнөнүн кысымга, жакырланууга кириптер болгон, же башка өңүттө бизге салыштырмалуу анчалык жолу болбой жүргөн башка өлкөлөрүнүн элдерине жан дилден жардам көрсөтүп келген мамлекет катары сыймыктуу баага ээ. 1971-жылы түзүлгөн күнүнөн баштап, БАЭ болжол менен 160 миллиард дирхам (43 миллиард АКШ долларына жакын) өлчөмүндө эл аралык жардам көрсөттү. Биз ар жылы чет мамлекеттерге биздин ички дүң өнүмүбүздүн болжолдуу бир пайызына барабар үлүштү жардам катары беребиз. Биздин ушул көрсөткүчүбүз өлкөбүздү чет элдик жардам берүү жаатында дүйнөдөгү алдыңкы сапка чыгарып турат.

Башка адамдарга биз кантип жардам берип жатканыбызды мактаныч кылуу — биздин каада-салт менен адебибизге туура келбейт, бирок мен, расмий каттап коюу үчүн деле, башка өлкөлөр менен болочокку муундарга өрнөк катары көрсөтүү мүдөөсүндө деле, өзүбүздүн чет өлкөгө жардам маселесиндеги турумубузду жана анын тездеткич жагдайларын түшүндүрө кетүүнүн зарылдыгын сезип турам.

Шейх Зайид

Баары жоктун баары биздин элибиздин Атасынан башталды. Шейх Зайид — биздин марттыгыбыздын тамырын негиздегендиктен, анын ысымы ак дилдүү берешендиктин синоними болуп калды.

Шейх Зайид биздин тастыктоо далалатыбызга муктаж эмес, анткени Палестинанын шаарлары, Пакистандын дөңсөөлөрү, Марокконун жана Египеттин түздүктөрү, Йемендин суу сактагычтары, Бангладештин айылдары жана көптөгөн башка жайлар анын марттыгына күбө. Ал турмак, Ыйык жай болгон Иерусалим (Куддус) жана анын тегерек чети анын жакшылыктарынын күбөсү болгон.

Дал ушул шейх Зайид, Алла таала анын рухуна береке ыроолосун, биздин жүрөктөрүбүзгө боорукерлик киргизип, ак дилден берешендик кылуунун негиздерин үйрөтүп, бизди көптөгөн жакшылыктарды жасоого көнүктүрдү.



Шейх Халифа

Табиятынан айкөл жана дилинен боорукер киши — бул биздин президентибиз, шейх Халифа. Эч ким таң калбай турган жагдай: БАЭнин жыл сайын тышкы дүйнөгө көрсөтүп жаткан жардамынын жарымынан көбү бир гана булактан түшөт, ал булак — шейх Халифанын буйругу астында иш алып барган Абу-Даби Өнүктүрүү кору. Ушул кордун өзү эле бир жыл ичинде Бириккен Араб Эмираттарынын эл аралык жардам көрсөтүү амалдарына 4,9 миллиард дирхам (болжол менен 1,3 миллиард АКШ доллары) бөлүп берген. Мында биз шейх Халифага түздөн-түз баш ийип иштеп жаткан Халифа корунун жана башка кайрымдуулук уюмдарынын салымдарын санап отурган жокпуз.

Сыягы, төмөнкү ыр саптары шейх Халифаны эң мыкты сыпаттап бере алат:

«Деңизге жетсең деле кайсы убакта,
Терең жакшылыкка бөлөп турат,
Жээктери айкөлдөнүп жарданышат».

**«БАЭ — бул тек гана каржылык жана экономикалык өзөк жана туристтик өрүш жай болуп чектелбейт; ал дүйнөлүк гуманитардык ишмердиктин нерв чордону да болуп саналат».**

Адамгерчилик

БАЭ өзүнүн улуу филантроптору менен сыймыктанат, алардын катарында «Улуттун Энеси» же «Берешендик Энеси» деген ат менен белгилүү шейх айым Фатима бинт Мубарак, Алла таала ага ыракым кылсын, ошондой эле шейх Хамдан бин Зайид Аал Нахйан (Өкүмдардын Батыш дубандагы өкүлү) бар.

Биздин өлкөбүздө ошондой эле көп сандаган кайрымдуулук уюмдары жана атын атагысы келбеген кайрымдуу кишилер (алардын ысымдары Алла таалага белгилүү деңизчи) иш алып барышат. Адамгерчилик — биздин маданиятыбыздын тамыры.

Эмираттардын эли курулай салтанатта шаан-шөкөттөнүп жана дүйнөнүн башка бөлүгүнөн обочодо жашап жаткан жери жок. Тескерисинче, биз башкалардын кайгы-муңун тең бөлүшкөн өтө сезимтал элбиз. Биз алардын ооругандарынын көңүлүн сурап, муктаж болгонуна көмөк кылып, Жер жүзүндөгү жакырчылыкка, ачарчылыкка жана ооруларга каршы күрөшкө салым кошуп келебиз.

Биз жардамды маалкатпастан беребиз. 2009-жылы дүйнөлүк каржылык кризис бүт жер жүзүнө сокку урган кезде, көптөгөн өлкөлөр өздөрүнүн кайрымдуулук жана гуманитардык салымдарын кыскартып киришкен; ал эми БАЭ, тескерисинче, агымга каршы сүзүп, өзүнүн эл аралык жардамынын көлөмүн иш жүзүндө көбөйткөн болчу.

Биз марттыктын чеги жок деп ишенебиз. Акыбалы ансыз да начар өлкөлөрдүн экономикасын ого бетер мүшкүлгө киргиптер кылбас үчүн, биз өз жардамыбыздын 95 пайызын кайтарымсыз берип келебиз.

**«Табиятынан айкөл жана дилинен боорукер киши — шейх Халифа дал ушундай».**



Биз эч кандай шарт койбостон, аларга көмөк беребиз. Биздин көздөгөн жападан жалгыз максатыбыз — бул саясий тымызын ойго, географиялык чек араларга, этностук, расалык же диний кемсинтүүгө эч байланбаган гуманитардык көмөк кылуу.

Биз дүйнөнүн гуманитардык борбору, жакырчылыктын түпкүрүндө калгандарга үмүттүн нуру болгубуз келет. БАЭ — бул жөн гана каржылык жана экономикалык борбор же туристтик бейиш эмес, бул эл аралык гуманитардык ишмердүүлүктүн «жүрөгү».

Биз бир тууганларыбыз менен досторубузга, жакырлар менен бечараларга, алар кай жерде гана болбосун, жардам берип, кол сунууга дайыма даярбыз!

Бул — биздин дүйнөгө жолдогон кайрылуубуз, бул — Бириккен Араб Эмирликтери.

**«Шейх Зайид — биздин марттыгыбыздын тамырын негиздеген, ал эми анын ысымы ак дилдүү берешендиктин синоними болуп калды».**

# 28

Мамлекеттик бир кызматкер менден минтип сурады: «Сиз бизден эмнени күтөсүз?» Мен мамлекеттик кызматкерлер биздин өнүгүүбүздүн негизги кыймылдаткычтары деп жооп бердим. Алар мамлекеттин чыныгы өзөгү. Биз аларга кызматтарыбызды жакшыртуу, ой чабытыбызга жетүү, элибиз көксөгөндү камсыз кылуу жаатында үмүт артабыз. Улуу максат чыгаан иш тобу аркылуу гана турмушка ашырылышы мүмкүн.

Өкмөттүн өнүгүүсү анын кадрларынын өнүгүүсү аркылуу гана болушу мүмкүн. Жаратман кызматкерлерди тарбиялоо менен бүтүндөй өкмөт жаратман болуп калыптанат. Кызматкерлерди жаңы чеберчиликке үйрөтүү менен бүтүндөй өкмөт жаңыланат. Биздин кадрлар — өкмөтүбүз үчүн өзөккү мааниге ээ, демек, биз, өз кызматкерлерибиздин мүмкүн болушунча мыкты деңгээлге жетиши үчүн, ар дайым аларды кесиптик жактан өнүктүрүп жана машыктырып турууну жактайбыз. Өткөн жылдын өзүндө эле биз 55,000ден ашуун федерациялык кызматкерлер кесиптик деңгээлин жогорулатуусу үчүн 1,3 миллион сааттан ашуун убакытты жумшап, ири салым киргиздик.

Биз экинчи жана үчүнчү катардагы жетекчилер үчүн башкарууга үйрөтүү программасын баштадык; ал эми кызматкерлер арасында атаандашуу алардын талантын айкындоого огожо болгондуктан, биз кызматкерлерибизге «эң мыкты кызматы үчүн» деген сыйлыктарды ыйгардык. Кадрларды тандоодо жана кызматтык тепкичтер боюнча жогорулатууда «кимиси улуураак» деген эски критерийди артка калтырып, компетенттүүлүк принцибин башкы ченөлчөм катары кабыл алдык. Бүгүнкү күнү кызматкерлердин компетенттүүлүгү жана жетишкендиктери биринчи кезектеги мааниге ээ.

Менде мамлекеттик кызматкерлер үчүн үч пункттан турган кеңеш бар.

Биринчиден, лидер катары иш-аракет кылыңыздар, анткени чыныгы жолбашчы кайсы бир кызмат орду менен эмес, лидерлик ой чабыты жана иш-аракети менен аныкталат; бул лидердин мерчеми менен максатынын залкарлыгына байланыштуу. Чыныгы лидер элине кызмат кылат, алардын кызыкчылыктарына төп иш-аракет кылат жана алардын бак-таалайы үчүн мээнет тер төгөт. Чыныгы лидерге анын өз ишине берилгендигине, максатка жетишүүсүнө жана саамалыктарды киргизишине жетишүү үчүн сырттан көзөмөл кылуунун муктаждыгы болбойт. Мындай жолбашчы биринчи орундан эч кандай төмөн болбой тургандай мүдөөнү көздөтчү жан дүйнөсүнүн ички түрткүсүнө ээ болот.

Чыныгы лидер өз бийлигин кызмат абалынын негизинде эмес, өзүнүн адеп-ахлактык турумунун, элдин ага болгон урматынын, ошондой эле өзүнүн билими, таалими, өз тармагындагы мыкты сереге жеткендиги сыяктуу сапаттарынын негизинде калыптандырат. Мен бардык мамлекеттик кызматкерлерибизге мындай деп айтам: сиздер бардыгыңыздар тең лидерсиздер, дал ошондуктан сиздер өзүңүздөрдөн күтүлгөн нерселердин бардыгынан алда канча жогору натыйжага жетишүүңүздөр зарыл».

**«Биринчиден, лидер катары иш-аракет кылыңыздар, анткени чыныгы жолбашчы кайсы бир кызмат орду менен эмес, лидерлик ой чабыты жана иш-аракети менен аныкталат; бул лидердин мерчеми менен максатынын залкарлыгына байланыштуу».**

Экинчиден, эгерде сиз мамлекеттик кызматты жөнөкөй гана жумуш катары бааласаңыз, анда сиз жөн гана орто саар кызматкер болмокчусуз. Сиз лидерсиз, жөн гана кызматкер эмессиз; бул роль кызмат ордунан алда канча зор мааниге ээ, бул кез келген удул. Бул өз талантыңыз менен жөндөмүңүздү тастыктай турган, өз коомуңуз үчүн сиз жаңы асыл-нарк алып келе турган удул. Бул сиздин жаныңыздагыларды бүт шыктандырып, аларга таасир тийгизе турган удул. Андан тышкары, бул өз өлкөңүздүн тарыхын жаратууга салым кошууңуздун удулу. Демек, эч качан өз жумушуңузду жөн гана кызматкер катары жүр-нары аткарбастан, ишиңизди өз өлкөсүн сүйгөн көсөмдөй, же өз өнөрүн аздектеген кол өнөрчүнүн жана өз көркөм өнөрүн ийине жеткирген сүрөткердин сыңарындай жүзөгө ашырыңыз. Биз сизден мындан азыраакты күтпөйбүз.

Үчүнчүдөн, жөндөмдүүлүгүңүздү ырааттуу өстүрүңүз, билимиңизди тереңдетип, дүйнө чабытыңызды кеңейтиңиз, эч качан көздөгөн ишиңизден тайбаңыз. Тырышчаактык менен умтулуу маалыматка караганда алда анча артык. Жумуштагы ар бир сапаттык илгерилөө, бул жылыш канчалык аз болгонуна карабастан, укмуштуудай зор натыйжаларга жеткириши мүмкүн. Демек, эч качан өзүңүздө өнүктүрүүнү токтотпоңуз жана эч качан кылчактабаңыз. Ар дайым биринчи орунга чыгууга жана өз өлкөңүз менен коомуңузга ак кызмат өтөөгө умтулуңуз.

Ылайым, Алла таалам бардыгыбызга, өлкөбүзгө жана элибизге кызмат өтөйбүз, ошондой эле БАЭнин бейнесин жогорулатуу мүдөөсүнө жетүүбүз үчүн ийгиликтерди ыроолосун!

**«Эгерде сиз мамлекеттик кызматты жөнөкөй гана жумуш катары бааласаңыз, анда сиз жөн гана орто саар кызматкерсиз».**





Шейх Мохаммед ыйык Рамазан айында «Фужайра» ооруканасынын (Fujairah Hospital) кызматкерлери менен чогуу ооз ачууда.

**«Өз ишиңизди тек гана кызматкер катары жүр-нары аткарбаңыз, ишиңизди өз өлкөсүн сүйгөн көсөмдүн сыңарындай, же өз өнөрүн аздектеген кол өнөрчүнүн жана өз көркөм өнөрүн ийине жеткирген сүрөткердин сыңарындай жүзөгө ашырыңыз».**

# Жумушчу топторду шыктандыруу

## 29

«Дүйнөлүк Өкмөт саммити» маалында өкмөттүк жумушчу тобунун бир жетекчиси мага суроо узатып, жакшыраак натыйжага жетүү үчүн кишилерди кантип шыктандыруу керектигине кызыкты. Бул өтө кызыктуу тема, ошондуктан бул туурасында мында кененирээк талдап сөз кылалы. Кишини мыктыраак натыйжага жетүүсүнө шыктандыруунун биринчи ачкычы — бул эркектин же айымдын максатка жетүүсү үчүн укуктук макамын тастыктоо. Кызматкерди өз ишинин жыйынтыгына көзү жеткенден артык эч нерсе шыктандыра албайт. Бул жаатта кызматкерге ыйгарым укуктарын тапшыруу да ишеним жана сый-урматты билдирүүнүн ыкмасы. Кээ бир учурларда менин өздүк электрондук дарегимден кызматкерлерден арыз кат алып калам, анда алар узак жылдар бою бир кызматта иштешсе да, эч кандай чыныгы ыйгарым укукка ээ боло алышпагандыгына арызданышат, ошондуктан алар «өзүм жүзөгө ашырдым деп санагандай эч кандай реалдуу жетишкендиктерге ээ эмесмин» деп белгилешет. Ушуга байланыштуу мен кесиптеш расмий жетекчилерге мындайча кайрылам: карамагыңыздардагы кызматкерлерге чыныгы ыйгарым укук берүүдөн эч чочулабаңыздар, анткени өзүңүздөр деле убагында алардын кейпин кийип жүрбөдүңүздөр беле; эгерде сиздерге өз учурунда тиешелүү жетишкендикке ээ болуу үчүн ыйгарым укуктар берилбесе, анда сиздер азыркы ээлеген кызмат ордуңуздарга жакындамак эмессиздер да.

Биз кол астыбызда иштегендердин шык-жөндөмдөрүнө ишенишибиз керек. Ар бир киши — эбегейсиз зор жөндөмдүн кенчи. Чыныгы жетекчи — өз жумушчу тобунда күч-аракет жана таланттын ачылышы үчүн ыңгайлуу шарттарды түзө алган инсан. Чыгаан лидер өзүнөн да ашкан залкар лидерлерди калыптандырат жана мекемени бир гана пенденин көзүнө каратып салбайт. Биз кээде тигил, же бул мекемеден экинчи, же үчүнчү катардагы башчыларды эч таба албай убараланган учурларга кабылабыз, анткени жетекчилик ыйгарым укуктарга ээ инсан өзүнүн карамагындагы иш тобунун өкүлдөрүнүн жетекчилик жөндөмдөрүн айгинелеп, жакшыртуу үчүн, аларга тиешелүү ыйгарым укуктарды тапшырбай келген.

Шыктандыруунун экинчи ачкычы — бул топ жарып чыккан жана жаратман кызматкерлерге сыйлык ыйгаруу зарылчылыгы. Мындай кызматкерлер бүткүл мекеме үчүн



өрнөк катары бaркталышы абзел. Кишилердин ataан-
даштыгы — турмушубуздун ар бир чөйрөсүндө чордондук
мааниге ээ. Ал тургай динибиз дагы биздин жакшы-
лыктарды атаандашып жасашыбыз керектигин талап
кылат. Эгерде сиз жаратмандык үчүн сыйлык ыйгарып,
мыкты баа бере албасаңыз, анда эч качан атаандаштык-
тын чөйрөсүн түзө албайсыз. Кызматкерлерди мактап-
сыйлоо — бул ийгилик үчүн упайды өзүңүзгө гана эмес,
ошол кызматкерлерге да берүү дегендик. Бул алардын
жетишкендиктерине сый-урмат көрсөтүүнү, ошондой эле
мекеменин ийгилиги — бул андагы кызматкерлердин ар
биринин ийгилиги деп саналарына өзүңүздүн ишени-
чиңизди шардана кылууну туюнтат. Эгерде кызматкер-
лер жетишилген ийгиликтерди лидер жеке өзүнө эмес,
жамаатка байланыштырып жатканына күбө болсо, анда
алар мындай жетекчиге өзгөчө кадырлоо менен мамиле
кылышат. Алар бул жетекчини өздөрү үчүн лидер катары
гана эмес, өрнөк катары да санап калышат.

Шыктандыруунун үчүнчү ачкычы — бул колуңуздардагы
китепти жаздыра баштаган идеяга: өкмөттүн жумушу коом-
дун жыргалчылыгын камсыз кылуу деген жобого таандык.
Демек, кызматкерлер — коомубуздун бир бөлүгү, мындан
улам кызматкерлер өз кезегинде башкаларга бак-таалай
алып келүүсүнө жетишүү үчүн, алардын өздөрүнүн да бак-
тылуу турмушун камсыздоо зарыл.

**«Кишинин жумуш орду —
анын жашоосундагы өзөккү бөлүк;
ал эми жашоо — баа жеткис нарк,
ошондуктан аны бактысыздыкта
кечирүүнүн өзү жарамсыз».**

Бактылуу кызматкер — алда канча өнүмдүү, кубаттуу жана жаратман, дал ошондуктан ар бир мекемеде бардыгы үчүн бактылуу сезим жаратчу чөйрөнү калыптандыруу зор мааниге ээ. Кызматкерлерди бактылуу сезимге балкытуу үчүн, биз алар үчүн кам көрөрүбүздү шардана кылышыбыз керек, алардын кубанычы менен кайгы-капасын бөлүшүбүз керек, аларга турмушунда тең салмактуулукту түзүүгө көмөкчү болушубуз керек, ошондой эле алардын кызмат ордуна нарктуулукту жана шыктануучулукту сунушташыбыз абзел. Өзгөчө маанилүүсү — алардын пикирин кылдат угуубуз зарыл. Байсалдуу жетекчи өз карамагындагыларды уга билет, анткени уга билүү — сый-урмат жана ишин жакшы баалоо дегенди туюнтат.

Менин үмүтүмдө, расмий жетекчилер өз кызматкерлеринин бактысына шарт жаратуу үчүн ушул нукта иш алып бармакчы; анткени ар кандай кишинин жумуш орду — анын жашоосундагы өзөккү бөлүк; ал эми жашоо — баа жеткис нарк, ошондуктан аны бактысыздыкта кечирүүнүн өзү жарамсыз.

**«Кызматкерлер өз кезегинде башкаларга бак-таалай алып келүүсүнө жетишүү үчүн, алардын өздөрүнүн да бактылуу турмушун камсыздоо зарыл».**





Шейх Мохаммед шейх Халифанын кызматкерлерди мыкты салымы үчүн сыйлоо программасынын алкагында өткөрүлгөн отурумда БАЭ өкмөтүнүн мекеме жетекчилери менен баарлашууда.

**«Чыгаан лидер өзүнөн да ашкан залкар лидерлерди калыптандырат жана мекемени бир гана пендеге баш ийдирип салбайт».**

# Бир мамлекет

## 30

Өлкөнүн ичинде да, ошондой эле чет өлкөлөрдө айрым кишилер БАЭнин федерациялык өкмөтү менен ар бир эмирликтеги жергиликтүү өкмөттөрдүн жана эмирликтердин ортосундагы өз ара мамилелердин маани-маңызын туура эмес түшүнүшөт. Айрымдар мында кызыкчылыктардын кагылышы же жагымсыз атаандаштык өкүм сүрүп жатат ко деп жоромолдоп элестетишти, ал эми бир канча чет элдик гезиттер андан ары көбүртүп-жабыртып, биздин ички кырдаалды кансыз согушка окшоштуруп сыпаттап жиберишти.

Ушинтип терең жаңылышкандар, сыягы, эмираттагы өкүмдар үй-бүлөлөрдүн ортосундагы өз ара мамилелердин табиятынан кабардар эместей. Алар биздин тарыхыбыз, келечек жаатындагы ой чабытыбыз, элибиздин кулк-мүнөзү жана лидерлерибиздин адеп-ахлактык өзөгү жөнүндө эч нерсе билишпейт. Баарынан өкүнүчтүү факт ушул — алар ал тургай биз жөнүндө маалыматтары ушунчалык аз экенинен да кабарсыз!

Биз бирдиктүү Баш мыйзамы, бирдиктүү мамлекеттик туусу жана жалпыга орток ой чабыты бар мамлекетпиз. Биздин шейх Халифа аттуу орток президентибиз бар. Абу-Дабиге эмне таандык болсо, ал нерселер Дубай жана башка эмирликтерге да таандык. Анын сыңарындай, Дубайга эмне таандык болсо, ал ошол эле учурда башка эмираттарга, анын ичинде Абу-Дабиге да таандык. Бардык жергиликтүү өкмөттөр федерациялык өкмөтүбүздүн жетишкендиктери менен, өз кезегинде ар бир эмирликтин жергиликтүү бийлигинин жетишкендиктери менен сыймыктанат.

Биз жөн гана эмирликтер эмеспиз, биз — Бириккен Араб Эмирликтерибиз. Биздин бардык жарандарыбыздын шейх Халифа менен, менин өзүм менен, эмирликтердин өкүмдарлары жана өкмөттүк кызматкерлер менен жалпы кызыкчылыктары жана артыкчылыктуу багыттары бир.

Биздин биримдигибиз туруктуу өмүр кечирүү жана гүлдөө үчүн негизделген. Шейх Зайид, шейх Рашид жана башка аларга үзөңгүлөш негиздөөчү аталарыбыз сепкен үрөн жыл өткөн сайын улам тереңдеп, тамыр жайып баратат. Биз ушундай бекем ынтымакты терең сезгени-



биз үчүн бирдиктүү өлкөбүз, демек, 1971-жылы кайсы бир келишимдерге кол койгонубуз үчүн гана бириккен өлкө болуп чектелбейбиз. Мекенибиздин бир нукум жерин сактоо үчүн, биз бардыгыбыз өз өмүрүбүздү садага чапканга даярбыз!

Жергиликтүү деңгээлде сунушталган демилгелерибиз бири-бирин толуктап турат, ал эми федерациялык өкмөт болсо мыйзам чыгаруу, укук алкактарын жана эл аралык өкүлчүлүктү камсыздоо аркылуу өлкөнүн өнүгүүсүн жана гүлдөшүн колдоого алат. Эмнеси болсо да, бардыгыбыз тең бир аруу ой чабытка баш кошконбуз: бул өлкөнүн ар бир карыш жеринде да киши өнүгүүсү камсыз кылынмакчы.

Ушул китепти жазууга мени шыктандырган «Дүйнөлүк Өкмөттүк саммити» дал ушул рухтун бир өрнөгү болду. Бул саммит федерациялык өкмөт менен ар бир жергиликтүү өкмөттүн расмий жетекчилерин маалыматтарды, адистик тыянактарды жана байсалдуу тажрыйбаларды бири-бирине бөлүшүүлөрү үчүн, бир чатыр астына баш коштурду. Биз дал ушул жыйынтыкка — бирдиктүү ой чабытка ылайык, бирдиктүү рухта иш алып барууга умтулган элек.

**«Биз жөн гана эмирликтер эмеспиз, биз — Бириккен Араб Эмирликтерибиз».**

Мен ар бир федерациялык жана жер-жерлердеги бийлик мекемелеринде иштеп жаткан кызматкерлерге минтип айтар элем: сиздер өлкөбүздүн өсүп-өнүгүшүнүн кыймылдаткыч күчтөрүсүздөр. Сиздердин бирдиктүү жумушчу тобу катары ишмердигиңиздер бизге дүйнөдөгү эң алдыңкы саптардан орун алуу удулун жеңип берүүдө. Аткарылчу амалдарды жакшыртуу, тейлөөнү өнүктүрүү, эрежелерди бири-бирине ширелтүү аркылуу сиздер өзүңүздөрдүн мекендештериңиздердин турмушун жеңилдетип, мурдагыдан кыйла мыкты жана бактылуураак кылып өркүндөтө аласыздар.

Биз ар бир жаран мамлекеттик ар кандай (федералдык да, жергиликтүү да деңгээлдеги) келишимдик амалдарын өздөрүнө ыңгайлуу ар кандай (федералдык да, жергиликтүү да) мамлекеттик мекемеде бүткөрө алуусуна мүмкүндүк жаратчу шартты түзүү долбоорун болжоп жатабыз. Биз бул мүдөөлүк мерчемге жетүү үчүн, зарыл болгон эбегейсиз зор мүмкүнчүлүккө, акылдуу системаларга, жаратман акыл-эске, жөндөмдүү кишилерге жана бекем саясий эркке ээбиз.

Биздин максатыбыз — жер жүзүндөгү эң байсалдуу мамлекеттердин сабында болуу, анткени БАЭнин эли эң мыкты середен төмөнкүгө канааттанып калбайт.

**«Биз ушундай бекем ынтымакты терең сезгенибиз үчүн бирдиктүү өлкөбүз, демек, 1971-жылы кайсы бир келишимдерге кол койгонубуз үчүн гана бириккен өлкө болуп чектелбейбиз».**





Шейх Мохаммед Борбордук дубандагы Сижи дамбасын көрүп жатат. Бул курулуш өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн БАЭнин инфраструктурасына стратегиялык инвестиция киргизүүнүн мыкты өрнөгү болуп калды.

# Убакытты текке [...] бөө

## 31

Кишилер долбоорлорду жүзөгө ашыруу үчүн ар дайым шымаланып турганымды көрүп, ал тууралуу белгилешкенде, мен «келечек мына бүгүн башталат, эртең эмес», деп жооп узатып келем. Менден кишилер: «Эмне үчүн эле бардыгын азыр болсо деп каалайсыз?» — деп сурашкан чакта, мен аларга: «Эмне үчүн антүүгө болбосун?» — деп жооп кайтарам. Күтүүнүн эч кажети жок. Эгерде биз эртеңкиге калтыра берсек, анда түбөлүккө кийинкиге калтыра беребиз. Демек, биз кайсы бир долбоор элибизге кызмат кылат, экономикабызды өнүктүрөт жана өлкөбүздү алга илгерилетет деп сезчү болсок, анда бир азга да маалкатпастан, ага шымаланып киришебиз.

Болгону кырк жыл аралыгында эле БАЭ өзүн какыраган чөлдөн дүйнөдөгү эң жогору өнүккөн мамлекеттердин бирине айлантты. Биз эч качан бош убакытка жарыган эмеспиз. Биз эч качан өзүбүздү жөн күтүп отура берүүгө кыныктырган эмеспиз. Биз өнүктүрүү долбоорлорун турмушка ашырууга өзгөчө ашыгып турабыз, анткени экономикалык кубатка ээ мамлекет саясий кубаты жагынан да пайда көрөт деп эсептейбиз.

Биздин өлкөбүздүн жетишкендиктерибиздин эч бири ар бир эмирликтеги, Абу-Дабиден Фужайрага чейинки ар бир аймактагы жумушчу топторунун аракеттерисиз же элибиздин ар бир кишисинин, президенттен эң төмөнкү баскычтагы кызматкерге чейинки ар кимдин катышуусусуз ишке ашмак эмес.

Келечек ыргылжың кишилерди күтүп отурбайт. Биз канчалык көп нерсеге жетишсек, мындан да көп нерсеге жетишерибизди ошончолук түшүнөбүз.

Ушул жерден мен өз турмушумдан бир күлкүлүү окуяны эскерип өткүм келет. Ар жылы ыйык Рамазан айында кечки намаздан кийинки ооз ачууга ЖМКлардын өкүлдөрүн чакырып койчу салтым бар. Бул иш-чарада биз ар кыл социалдык көйгөйлөрдү жана башка ар кыл окуяларды талкуулоо үчүн мүмкүнчүлүк алабыз. Мындан бир нече жыл мурда ушундай кечки ооз ачуу учурунда мага бир журналист айым басып келди да: «Сиз ой чабытыңыздагы милдеттердин канчасын жүзөгө ашыра алдыңыз?» — деп сурап калды. Ал жоопту пайыздык көрсөткүчтө билгиси келди. Мен суроодон ойт бергенге аракеттендим, бирок андан майнап чыкпады. Ошентип, бир саамга ойлоно калган соң, мен ага мындай деп жооп узаттым: «Биз эбегейсиз зор дымакка ээ болчубуз, элибиз да бизден ошончолук залкар нерсени күтүп жатты, а биз болсок, өзүбүздүн ой чабытыбыздагынын 10 пайызын гана турмушка ашыра алдык».

Бир-эки жыл өткөн соң жылдын ошол эле мезгилинде, ошол эле жерде баягы журналист айым мага келди да, ошол эле суроосун берди. Биз ал учурда «Бурж Халифа» мунарасын толук куруп бүтүп, Дубай метросун курууга киришкенбиз, ошондой эле «Майдан Сити» комплексинин ачылыш аземин өткөрүп, андан тышкары башка да зор таасир бере турган долбоорлор менен элек болчубуз. Анын суроосун бир аз акыл калчап көрдүм да (ал мурдагысындай эле пайыздык көрсөткүчкө кызыкты), өзүбүздүн ой чабытыбыздагынын 7 пайызын гана аткардык деп жооп бердим. Бул айым шаштысы кетип, кыйкырып да жиберди: «Бирок 1–2 жыл мурда Сиз 10 пайызын аткардык деп жооп бердиңиз эле го!» Ага минтип жооп узаттым: «Албетте, биздин жетишкендиктерибиз канчалык зор болсо, ошончолук ой чабытыбыз кеңейе берет, көз чаптырган теребелибиз жайыла берет, аңдоо мүмкүнчүлүгүбүз тунугураак боло берет».

**«Биздин көздөгөн мерчемибиз — элибизди бактылуу кылуу, ал эми бак-таалайды кийинкиге кечеңдетүүгө болбойт. Маалкатуунун айынан текке кеткен жылдардын эсебин чыгаруу үчүн күтүүгө жумшалган күндөрдү кишилердин санына көбөйтүп коюңуз».**

Бул — бүт өмүргө тете жол, мунун аягы жок. Ар бир долбоордук баскычты биз толук бүтүргөн сайын, көз алдыбызга улам жаңы мүмкүнчүлүктөр чыга келет. Биз эч бир маалкатпастан жана тыныгып отурбастан, ишти уланта беребиз, анткени маалкатуу — бул убакытты текке кетирүү. Биз жанган шамчыракты болочокку муундарга өткөрүп беребиз. Биз өлкөбүзгө жакшы из калтыруубузга жана алыбыздын жетишинче ага мыкты кызмат кылуубузга көмөк бер деп, Алла тааладан жалынабыз.

Темага кайрылып келсек, биздин көздөгөн мерчемибиз — элибизди бактылуу кылуу, ал эми бак-таалайды кийинкиге кечеңдетүүгө болбойт. Элибиздин кыялынын жана күтүп жаткандарынын ишке ашырылуусун кийинкиге кечеңдетүүгө коротуу үчүн убакыт өтө эле баа жеткис наркка турат. Маалкатуунун айынан текке кеткен жылдардын эсебин чыгаруу үчүн сиз тек гана күтүүгө жумшалган күндөрдү кишилердин санына көбөйтүп койсоңуз жетиштүү. Эмне үчүн олку-солкулук менен күтүүлөргө өз элибиздин жашоосунун миллиондогон күндөрүн текке кетирип салышыбыз керек? Эмне үчүн элибиздин бакубаттыгын, бак-таалайын жана жыргал жашоосун кечеңдетүүгө тийишпиз?

Айрымдар айтышат, ашыгуу — бул байсалдуу жетекчилердин мүнөздүү белгиси, анткени алардын убактысы баа жеткис келет. Эмне десем, ашыгуу — бул байсалдуу улуттун сапаттык белгиси; бул мезгил өктөмүнүн олуттуу маанисин жана өтүп кеткен күндөргө берилген упайды айгинелейт.

Байсалдуу улут өзүнүн ийгиликке карай чыйырдын айланасындагы кырдаалга шылтоо кылбастан чаап кете берет. Байсалдуу улут болочоктун келишин күтүп отурбайт, тек гана жеңин шымалана түрүнүп алып, болочокту колу менен жасап кирет. Байсалдуу улут бүгүнкү ишти эртеңкиге калтырып отурбайт, тескерисинче, эртеңки ишти бүгүн баштайт.

**«Биз эч бир маалкатпастан жана тыныгып отурбастан, ишти уланта беребиз, анткени маалкатуу — бул убакытты текке кетирүү».**



Шейх Халифа, шейх Мохаммед жана шейх Мохаммед ибн Зайид (Абу-Дабинин мураскор канзаадасы) «Шамс–1» («Күн–1») аттуу дүйнөдөгү эң ири аянтка сыйдырылган күн кубатынан электр өндүрүү ишканасынын ачылыш аземи маалында күн нурун чогултуу такталарынын маңдайында турушат. «Шамс–1» долбоору Абу-Даби эмирлигинин «Масдар» аттуу туруктуу отун-кубат өндүрүү демилгесинин алкагында курулган.



**«Келечек эртең эмес, бүгүн башталат».**

# Үй-бүлөлүк тур...

32

Ар жылы БАЭ дүйнөнүн чартарабынан 10 миллиондон ашуун туристтерди кабыл алат. Туристтик өнөр жайыбыз чоң ийгиликтерге жетишти жана өлкөбүздүн улуттук экономикасынын башкы түркүгүнө айланды.

Бир нече жыл мурда биз туризмдин жаңы түрү болгон үй-бүлөлүк туризмге өзгөчө көңүл бура баштадык. Биринчиден, биз 1996-жылы Дубай соода фестивалынын бет ачарын өткөрдүк жана ал БАЭге саякатка келген үй-бүлөлөрдүн бардык мүчөлөрү үчүн теңдешсиз мүмкүнчүлүктөрдү сунуштады. Ар жылы өтүүчү бул фестивалдык иш-чара эбегейсиз зор ийгилик менен коштолду: бүгүнкү күнгө карата фестивалдан түшүп жаткан түз киреше жылына болжол менен 15 миллиард дирхам (4 миллиард АКШ долларына жакын) каражатты түзүүдө.

Өткөн бир нече жыл аралыгында өлкөдө көптөгөн жаңы керемет жайлар пайда болду жана «Emirates» аба жолдору компаниясы ого бетер кеңейди. Натыйжада БАЭ үй-бүлөлүк туризмдин жылы бою аракетте болгон дүйнөлүк мерчемдеринин бирине айланды.

Көптөгөн араб дүйнөсүнөн жана Перс булуңундагы өлкөлөрдөн келген үй-бүлөлөр биздин шаарларды кыдырып жүргөнүнө байкоо салуу мен үчүн ыракат. Бул чөлкөмдөн келген туристтерге карата бизде өз үй-бүлөбүздү көргөндөй сезим жаралат. Башкасын айтпаганда да, биз ага-ини, эже-сиңдибиз, анан ким эле өзүнүн жакын жана сүйүктүү тууганын көргөндө бактылуу болбой коё алат! Айтууга эч муктаждыгы жок нерсе: дүйнөнүн башка чар тарабынан келген саякатчылар да биздин жергебиздин ар дайым күтүлгөн куттуу коноктору.

Жакында биз бардык өкмөттүк мекемелерге ылайыктуу шарты бар жайларды, конуш жана тамак-аш шарттарын жана ар кыл программаларды камсыз кылуу аркылуу үй-бүлөлүк туризмге өзгөчө көңүл буруу керектиги тууралуу буйрук бердик.

Биз Перс булуңунан жана башка араб өлкөлөрүнөн айылчылап келген ага-ини, эже-сиңди болгон бир туугандарыбыздын жаркын эскерүүсүндө калууну көздөйбүз; ошондой эле биз аларга гүлдөп-өнүгүүнү жана туруктуулукту тилеп, аларды чын жүрөктөн кубанып, кучак жайып тосуп алабыз.



Ар бир өлкө дүйнөлүк маданиятты байыткан өзүнүн көзгө басар тажрыйбасына ээ. Ошондуктан биз башка мамлекеттерге өрнөк гана болбостон, алардын ар биринен да үйрөнгүбүз келет. Биз курулай мактоону көксөп жаткан жерибиз жок, анткени БАЭ кандай орунду ээлерин таасын билебиз. Биздин каталарыбыз менен кемчиликтерибизди көрсөтүп бергендерге биз өзгөчө ыраазыбыз.

Мен бардык араб өлкөлөрүнө бак-таалай, гүлдөп-өсүү жана туруктуулук каалайм. Биздин чөлкөмүбүз кубаттуу туристтик өнөр жайды өнүктүрүү үчүн зарыл бардык өңүттөргө ээ. Чөлкөмүбүз мындан да мыкты пайдаланылышы зарыл болгон кенчтерге бай. Бул чөлкөм — тарыхтын башаттык чекити, цивилизациялардын бешиги жана диндердин жүрөк толтосу. Чөлкөмгө жылдын бардык мезгилдеринде тең өзгөчө кооз жана ар түркүн кубулжуган климат таандык. Чөлкөмүбүз эң бай тарыхка жана мураска ээ жана ал дүйнөдөгү эң даамдуу тамак-аштардын дасторконун жайып турат.

**«Чөлкөмүбүз мындан да мыкты пайдаланылышы зарыл болгон туристтик кенчтерге бай».**

Турист жөнөкөй эле болгон анча-мынча тейлөө шарттарынан башка дагы эмнени сурап отурмак эле?

Араб дүйнөсүндө туруктуулук менен өнүгүү — анын элинин илгери өсүшүнүн ачкычы; бул жалаң гана туризм үчүн эмес, ошондой эле өнөр жайы, айыл чарбасы, отун-кубат тармагы, илим жана билим берүү үчүн да башкы мааниге ээ. Азыркы тапта чөлкөмүбүздө орун алып жаткан тополоңдор жана чыңалуулар мени капага салат. Алла тааладан жалбарып суранарым: ылайым бизге сыймыгыбыз менен макамыбызды калыбына келтирүүгө көмөк кылыңыз жана элибизге ийгилик менен гүлдөп-өсүүнү ыроолоңуз!

**«Перс булуңундагы жана араб дүйнөсүндөгү өлкөлөрдөн келген туристтерге карата бизде өз үй-бүлөбүздү көргөндөй сезим жаралат. Башкасын айтпаганда да, биз ага-ини, эже-сиңдибиз, анан ким эле өзүнүн жакын жана сүйүктүү тууганын көргөндө бактылуу болбой коё алат!»**






Шейх Мохаммед «Араб саякаты базары — 2012» («Arabian Travel Market 2012») көргөзмөсүнүн өкүлү менен баарлашууда. Четки оң тарапта турган — «Emirates Group» компаниясынын төрагасы, шейх Ахмед ибн Саид.

**«Биз Перс булуңунан жана башка араб өлкөлөрүнөн айылчылап келген ага-ини, эже-сиңди болгон бир туугандарыбыздын жаркын эскерүүсүндө калууну көздөйбүз».**

# Лидерликтин жаңы аныктамасы

## 33

«Лидерлик тубаса берилеби же үйрөнүп алчу сапатпы?» — деген суроону берген ар бир эркек киши же айым жолбашчылыкка жетүү жолунда алгачкы кадамын таштап жатат десе болот. Лидерлик — бул акылдын, тапкычтыктын, эстүүлүктүн, күчтүү мүнөздүн жана эң залкар нерсеге умтулуучулуктун ширендиси. Бул сапаттардын көпчүлүгү чынында эле тубаса жана мурасталат, бирок айрымдарын өздөштүрсө болот. Бирок эгерде кимде-ким мындай сапаттарга тубаса ээ болсо деле, байсалдуу жетекчи катары калыптануу үчүн бул сапаттарын билим алуу, тажрыйбага ээ болуу, калайык менен баарлашуу аркылуу өркүндөтүүсү зарыл.

Лидерлик ымыркай төрөлгөндө кокустан эле ыйгарыла калбайт, эң мыкты академиялардан таалим алып келүү да жолбашчылыкка кепилдик жаратпайт. Мен мындай академиялардын көптөгөн бүтүрүүчүлөрү менен жакындан таанышмын. Алардын айрымдары билим үстүнө билим алып, өзүн өркүндөтүп, чыныгы лидер боло алышты. Айрымдары болсо кайсы бир чекитте такалып калышты, анткени алардын жеке сапаттары менен жөндөмдөрү аларга андан ары илгерилөөгө огожо боло албады.

Биз күбө болгондой, ынтызарлык кээ бир кишилерди жолбашчылыкка карай багытталган чыйырда башкалардан алда канча оздуруп коёт. Биз дагы лидерлик жобосун өзгөрткүбүз келет; жаңы маанинин негизинде өзүн өзгөртүүгө жана өз коомуна пайдалуу салым жаратууга дымагы жана эрки бар ар кандай киши лидер саналат.

Адатта биз «лидер» дегенде, калайык эреже катары өз элинин жана өлкөсүнүн тарыхынын жүрүшүн өзгөрткөн саясий, аскердик же тарыхый ишмерлерди элестетүүгө ык коюшат. Ошондой эле алар компанияларды жаңыча өзгөртүп, жаңы саамалыктар менен ойлоп табууларды жүзөгө ашырган экономика чөйрөсүндөгү байсалдуу жетекчилер жөнүндө да элестетиши ыктымал. Бул адамдардын мурасталып алынган сапаттары алардын чөйрөсүнүн өзгөчөлүктөрү жана өзүн-өзү өркүндөтүүгө болгон чексиз умтулуулары менен айкалышты да, аларды көрүнүктүү лидерлерге айлантып, өз коомун жана элин алга карай өзгөртүү үчүн аларга жөндөм беришти.



Бирок азыркы тапта лидерлик түшүнүгүнүн алкагы алда канча кеңейди. Өзүн курчап тургандардын жашоосун жакшырта алган ар кандай киши — өзүнчө жолбашчы. Анын сыңарындай, өз элине кызмат өтөп, анын бактылуу сезимге бөлөй алган ар кандай киши — өзүнчө лидер. Демек, жолбашчы — бул ошондой эле жумуш ордунда да, үйүндө да жагымдуу өзгөрүүлөрдү жарата алган жана эң жөнөкөй нерсе болсо да саамалык катары иштеп чыгып же түзө алган киши. Лидер өз кол өнөрчүлүгүн, көркөм өнөрдү, талантын же кесибин ийине жеткире аткарат.

Бардык кишилер ушундай сапаттардын уругу менен төрөлөт, аларды аз-аздан бапестеп өстүрө берсе, анда алар жолбашчылык нукка илгерилеп, акыры залкар көсөм болуп чыга келет.

> **«Биз лидерлик жобосун өзгөрткүбүз келет; жаңы маанинин негизинде өзүн өзгөртүүгө жана өз коомуна пайдалуу салым жаратууга дымагы жана эрки бар ар кандай киши лидер саналат».**

Сиз жүзөгө ашырган ар бир өзүнчө жетишкендик, сиз өзгөрткөн ар бир тагдыр, сиз өздөштүргөн ар бир чеберчилик сизди мыктыраак лидер болууга бир кадамга жакындатат. Мурдагыдан да мыкты инсан жана мыктыраак лидерге айлана берүү үчүн сиз күн сайын өзүңүздөгү лидерлик сапаттарыңызды кайрап-бүлөй аласыз.

Эгерде биз лидерликти жалаң гана саясат, экономика жана илим менен алектенгендерге байланыштырып, маңызын тарытып койсок, анда кеңири түшүнүккө ээ болгон мейкиндикти адамзаттын ичинен өтө эле чектелген бир ууч бөлүгүнө кичирейтип коймокпуз. Ар нерсени үйрөнүүгө болот жана ар бир пенде өзүн-өзү өнүктүрүүгө жөндөмдүү. Киши өнүгүүсү өз мамлекеттерин жана элдерин жогорку сереге алып чыгаруу үчүн лидерлердин бүтүндөй бир муундарын талап кылат.

Залкар ой чабыт залкар лидерге гана муктаж болуп чектелбейт, ал ошондой эле ар түркүн жолбашчылык касиеттерге ээ болгон залкар жумушчу тобуна муктаж.

Лидерлик түшүнүгүнө ушул өңүттөн караганда, «лидерлик — тубаса касиетпи же өздөштүрүлгөн сапатпы?» деп суроонун эч кажети жок, анын ордуна «киши өзү лидер болууну эңсейби же жокпу?» деп сураган жөндүү.

**«Сиз жүзөгө ашырган ар бир өзүнчө жетишкендик, сиз өзгөрткөн ар бир тагдыр, сиз өздөштүргөн ар бир чеберчилик сизди мыктыраак лидер болууга бир кадамга жакындатат».**





Шейх Мохаммед шейх Зайидди бардык расмий сапарларда коштоп жүрчү. Бул архивдик сүрөт алардын чогуу жүргөн кезин чагылдырат.

**«Лидерлик — бул акылдын, тапкычтыктын, эстүүлүктүн, күчтүү мүнөздүн жана эң залкар нерсеге умтулуучулуктун ширендиси».**

# Өкмөттү жаңы

34

Ушул китепти жазууга шыктандырган «Дүйнөлүк Өкмөт саммити» учурунда бир кабарчы, ал менин досум да болуп эсептелет, менден: «Өкмөттүн ишинин натыйжалуулугу жаатына ыраазысызбы же анын курамын жакынкы болочокто кайра алмаштыруу ниетиңиз барбы?» — деп сурап калды. Албетте, бул эч нерседен 100 пайызга бейкапар сунушталган суроодой эмес болчу, анын үстүнө бул өз ара жандуу баарлашуу отурумуна бардык министрлер жана маалымат каражаттарынын өкүлдөрү катышып жаткан эле.

Мен сөзүмдү өкмөттүн ишинин натыйжаларын жакшыртуудагы соңку өзгөрүүлөр жана ага мен канчалык деңгээлде канааттанып тургандыгым жаатындагы кебим менен баштадым. Инфраструктураны жана технологияларды өнүктүрүү, ачык инвестициялык чөйрөнү түзүү жана көптөгөн бюрократтык амалдарды жүргүзүүнү өзгөчө тездикте аяктоону камсыз кылуу багытында БАЭ дүйнөдө эң бийик середеги өлкөлөрдүн катарына чыга алгандыгын эч ким тана албайт. Биздин өкмөт ошондой эле көптөгөн шериктери менен кызматташуу аркылуу тышкы соода жана дипломатиялык мамилелерибизди өнүктүрүүдө, аялдардын укуктук макамын чыңдоодо, коопсуздук менен эсенчиликти камсыз кылууда, дагы башка толуп жаткан тармактарда алдыга ири кадамдарды жасадык. Ушунун бардыгы бүтүндөй өлкөнүн өрнөктүү окуялары катары катталды.

Ошол эле учурда билим берүү, саламаттык сактоо жана эмиратташтыруу сыяктуу айрым тармактар мындан аркы өнүктүрүүнү талап кылары шексиз, ошондуктан биз ушул көйгөйлөрдү өкмөттүн ишмердүүлүгүнүн кийинки баскычтары үчүн артыкчылыктуу багыттардын башкысы деп баса белгиледик.

Биз өкмөттүк расмий жетекчилерди ар дайым көбүрөөк ийгилик жаратууга шыктандырып турабыз. Биз аларга өз өлкөбүздөгү, чет жердеги, кесиптик жактан машыктыруу, өзүн өнүктүрүү, билим жана адистик тажрыйба алмашуу мүмкүнчүлүктөрүн ырааттуу түрдө сунуштап келебиз. Биз расмий жетекчилерге өздөрүн өстүрүү үчүн улам жаңы удул сунуштап турабыз, бирок мындай сунуш чексиз улана



бербейт. Андан соң, мезгил жетсе, расмий кызматкерге буга чейинки аткарган иши үчүн соңку ыраазычылык айтылып, андан соң ордуна келчү башка кимдир бирөөгө биздин мекемелерибизге жаңы дем алып келүүсүнө удул тиет. Турмуш деген ушундай, өкмөттүк иш ыргагы деле дал ушундай.

Максатынан тайбагандар гана — өзгөрүүлөргө тик багып, чакырыктарды кабыл алып, өз жумушчу тобунун мыкты дареметин иш жүзүндө тастыктоого жөндөмдүү болгон-дор гана өз иш орундарын сактап кала алат. Бир гана саамалыкчыл, жаратман болгон жана көз карашы кенен, чечкиндүүлүгү бекем, маанайы жаркын, келечекке үмүт менен караган расмий жетекчилер гана кызматын сактап кала алат. Ар бир расмий жетекчи өзү тууралуу билет деңизчи, бирок эл гана анын жетишкендиктерине күбө боло алат. Ошондуктан, жалгыз өзүм гана баалап кал-боло алат. Ошондуктан, жалгыз өзүм гана баалап калбашым керек. Келгиле, расмий жетекчилерди өз иш-арабашым керек.

**«Өлкөбүздүн кызыкчылыгы өзгөрүүнү талап кылган чакта, мен мындай чечимге барuудан эч олку-солку болуп отурбаймын».**

«Демек, өлкөнүн тарыхында өз изин калтыргысы келгендерге: «Мына, сахна эми сиздердин карамагыңыздарда!» — деп айтмакчымын. Ал эми жеке керт башынын атак-даңкын гана көксөгөндөргө айтарым: «Сиздер өзүңүздөрдүн атыңыздарды унуткартууга өкүм чыгарып алдыңыздар!»

Өкмөттөгү кадрдык өзгөрүүлөр жөнүндөгү суроого келсек, менин ар дайым кайталап айтарым ушул: өлкөбүздүн кызыкчылыгы өзгөрүүнү талап кылган чакта, мен мындай чечимге баруудан эч олку-солку болуп отурбаймын. Биздин мүдөөбүз — иши кылып өзгөртүүгө баруу эмес, мыктыраак натыйжага жетишүү үчүн өзгөртүү. Эгерде биз буга чейинки эле жумушчу тобубуз менен ийгиликке жетише алсак, анда ого бетер жакшы болот. Эгерде анте албасак, анда жумушчу тобун өзгөртүү жөнүндө ойлонуштурмакчыбыз.

**«Биздин мүдөөбүз — иши кылып өзгөртүүгө баруу эмес, мыктыраак натыйжага жетишүү үчүн өзгөртүү. Эгерде биз буга чейинки эле жумушчу тобубуз менен ийгиликке жетише алсак, анда ого бетер жакшы болот. Эгерде анте албасак, анда жумушчу тобун өзгөртүү жөнүндө ойлонуштурмакчыбыз».**



2013-жылы жаңыдан куралган өкмөттүн мүчөлөрү ант берген соң, шейх Халифа, шейх Мохаммед жана башка расмий жетекчилер алар менен чогуу сүрөткө түштү.



**«Өлкөнүн тарыхында өз изин калтыргысы келгендерге: „Мына, сахна эми сиздердин карамагыңыздарда!“ — деп айтмакчымын».**

# Баланын кыялы

# 35

Жандуу баарлашуу отуруму маалында бир баланын тестиерге таандык таза пейили жана каармандыгы менен: «Кантип мен сиз сыяктуу чабандес боло алам?» — деп суроо узатканы мага өзгөчө таасир берди.

Мен ага: «Ушул суроону берүү менен сен туура багыттагы туңгуч кадамыңды жасай алдың», — деп айттым. Анткени суроо узатыштын өзү эле кишинин билиминин жарымына татыйт деп коюшат эмеспи. Ат чабуу — жөн гана спорт түрү эмес, ал жогорку адеп-ахлактык, айкөлдүк, жигиттик рух жана мыкты чеберчилик дегенди туюнтат. Чабандестик жан дүйнөнүн түпкүрүнөн башталат.

Мен бул балага: «Чабандестиктин биринчи сабагы — бул ата-энеге болгон сүйүү, алардын тилин алуу, мектепте мыкты окуу, улууларды сыйлоо жана чыныгы чабендеске мүнөздүү чечкиндүүлүк менен тайманбастык сыяктуу сапаттарга ээ болуу», — деп айттым. Качан гана ал ушундай сапаттарга ээ болсо жана качан гана ата-энеси, мугалимдери жана башка анын жанындагы кишилер анын өзгөчө адептүүлүгүнө канааттанган болушса, дал ошондо гана ал үчүн алда канча жеңил бөлүмгө — устаттык көрсөтмөгө ылайык, ат чапканды үйрөнүү жана машыгуу иш-аракеттери сыяктууларга өтүүгө мүмкүн болот.

Баланын ат спортуна болгон сүйүүсү анын дымагы өтө бийик жана максатка умтулуусу чексиз экендигин туюнтуп турат. Мен дайыма жаш мекендештеримди ат спорту менен алектенүүгө шыктандырам, анткени спорттун бул эң мыкты түрү мүнөздүн калыптануусуна таасир этэрине мен өз тажрыйбамдан ынанган элем. Мындан болжол менен 1400 жылдай илгери, исламдагы төрт такыба халифтин бири болгон Омор ибн Хаттаб мындай деп айткан экен: «Өз балдарыңарды сууда сүзүүгө, жаа атууга жана ат чабууга үйрөткүлө». Ал өзү араб чабандеси, акылман лидер жана тарыхтагы чыгаан инсандардын бири болгон. Демек, анын ат чабууну үйрөнүү жөнүндөгү кеңеши жөндөн жөн айтылган эмес; тескерисинче, бул осуят ат чабыш менен ар-намыс, сыймык, жигитчилик жана жогорку адеп-ахлак тыгыз байланышта экендигин аныктап турат.

Ат чабыш — чабандес менен аргымактын бири-бирин жазгырбай түшүнүүсүн, ошондой эле чабандестин кыймыл-аракети менен жылкынын илгерилешинин ортосундагы



шайкештикке жетишүү дегенди туюнтат. Бул өнөр чабандести чыдамкайлыкка, чымырдыкка, көзөмөл жүргүзүүгө жана тездикке үйрөтөт; балдарыбыз дал ушул сапаттарга тарбияланышы абзел. Ички адептүүлүк сырткы сапаттар менен ширелишет, ошондой эле өзүнө ишенгендик тез кыймыл жана кара күч менен айкалышып калат. Чабандести аргымагына байлаган сезимдик кубат чыдамкайлык жана токтоолук сыяктуу сапаттарда чагылдырылган.

Эмираттардын элинин аргымакка болгон ышкысы араб тектүү экендигибизден улам; дал ушул жагдай бабаларыбыз мурастаган бул спорт оюну түбөлүктүү экенин тастыктайт. Азыркы тапта ат чабыш биздин арабдык жана мусулмандык кимдигибизди, бабаларыбыздын маданий мурастарына болгон биздин сыймыктануубузду жана биздин жогорку адеп-ахлагыбызды шардана кылып турат. Биз жаш муундарыбызды дал ушул сапаттарга тарбиялап келебиз. Жылкыдан жакшылыктарды гана күтүүгө болот. Мухаммед пайгамбар, Алла таала ага бейпилдик ыроолосун, мындай деп айткан эмеспи: «Кыямат кайым күнүнө чейин жылкынын көкүлүнө кут байланган!» Ат чабыш — бул түбөлүктүү спорт. Ак эдил кишилер гана жылкыга мээр төгүп мамиле кылат, руху күчтүүлөр гана ат чабышты эңсеп, ат чабуу менен алектенет.

**«Ак эдил кишилер гана
жылкыга мээр төгүп мамиле кылат,
руху күчтүүлөр гана
ат чабышты эңсеп,
ат чабуу менен алектенет».**

# Чымыр денеде — чыныгы лидер

36

Жандуу баарлашуу отуруму маалында менден: «Жолбашчылык менен спортко катышуунун ортосунда кандайдыр бир байланыш барбы?» — деп сурап калышты. Мен төмөнкүдөй жооп узаттым: «Сиз өзүңүз жалкоо же борпоң лидерди элестете аласызбы?» Лидер деген чымыр, саламаттыгы бекем, машыккандыгы сезилгендей болушу керек. Ал акыл эмгеги менен да, кара күч эмгеги менен да жигердүү алектениши зарыл. Анын денеси чымыр, эс-акылы курч болууга тийиш. Ошондуктан мен: «Чымыр денеде — чыныгы лидер», — деп айтып келем.

Жеке өзүм үчүн спорт менен алектенүү — демейдеги күн тартибимдин өзөккү бөлүгү. Эгерде мен күч-кубаттуу жана деним сак болбосо, анда жумушчу тобумдун аракетин сүрөөнгө ала албайт элем. Дене тарбия сиздин булчуңдарыңызды гана чыңдабастан, акыл-эсиңиздин да булчуңдарын бекемдейт. Мен бир күндө үч чакырымдан кем эмес, аптасына 10 чакырымдан жана эки аптада бир жолу 20 чакырымдан жөө басам. Мындан тышкары, чабандестик жана велосипед тебүү сыяктуу бир нече хобби менен алектенем. Менин күнүмдүк машыгууларым ишимдин натыйжалуулугун эч төмөндөтпөйт, анткени мен машыгуу учурунда телефон аркылуу деле иштей берем.

Бардыгыңыздарга спорт менен ырааттуу алектенүүнү сунуштайм, анткени сиздердин жашооңуздардын сапаты саламаттыгыңыздардын сапатына байланыштуу, ал эми турмуштук жетишкендигиңиздин деңгээли өзүңүздөрдү канчалык шайдоот жана жигердүү сезгениңиздерге багыныңкы. Ден соолук — бул байлык. Кандай десем, эгерде мезгил — бул өмүрдүн өзү болсо, анда ден соолук доорубузга маңыз берет жана жашообузга ыракат тартуулайт.

Азыркы мезгилде дене тарбиянын көңүлдөн сыртта калып калгандыгынын айынан жүрөк-кан тамыр оорулары, артериалдык кан басымдын жогору болушу жана диабет оорулары көбөйүп жаткандыгын угуп жана окуп зээним кейийт. Азыркы заманадагы турмушубуз ыракатка батуунун бардык түрлөрүнө карк кылат. Биздин бабаларыбыз бүгүн гана кеңири тараган далай оорулардан жапа чегишкен эмес; мунун негизги себеби — алардын жигердүү жашоосу жана аткарган жумуштарынын табияты.

Айрым учурларда мен дене тарбия үчүн жөө басып жүргөн айымдар тобун учуратып калам. Мен аларды көрүп аябай кубанам да, саамга токтой калып, алардын татына салтты улантуусу керектигине шыктандырам жана учкай пикирлеше да калабыз. Кайсы бир жолу мен ушул учурлар жаатында, ошондой эле машыгуулардын мааниси жана тамактануудагы өзүн-өзү тартипке чакыруу жөнүндө айтып калдым. Менин аңгемелешип отурган адамым тамакты көргөндө кармана албай каларын жана спорт залда машыгууга өзүн мажбурлай албасын мойнуна алды. Мен ал маектешке: «Кимде-ким өзүн-өзү жакшы көзөмөлдөй алса, анда ал, өзүн-өзү кармап башкара албай тургандардан айырмаланып, өзүн курчап турган дүйнөнү деле көзөмөлдөп башкара алат», — деп айттым.

**«Кимде-ким өзүн-өзү жакшы көзөмөлдөй алса, анда ал, өзүн-өзү кармап башкара албай тургандардан айырмаланып, өзүн курчап турган дүйнөнү деле көзөмөлдөп, башкара алат».**

Айрымдар өзүнүн күнүмдүк тыгыз иш жадыбалын дене тарбиядан баш тартуу үчүн шылтоо кылышат, анда мен: «Деги алардын саламаттыгы начарлап кетсе, анда алар тапкан акчанын өздөрүнө канчалык үзүрү тиет?» — деп өзүмчө ойго батам. Айрымдар болсо илимий изилдөө, таалим жана китеп окуу аракеттерин шылтоо катары көрсөтүшөт, анда мен: «Деги алардын дени сак болбогон шартта алардын алган билими өздөрүнө канчалык жакшылыгын ыроолойт?» — деген ойго чөмүлөм. Бул дүйнөдө эч бир нерсе, ал тургай биз өз үй-бүлөбүз менен өткөрүп жаткан эң сонун учурларыбыз дагы саламаттыгың начар болсо, телегейиңди тегиз кыла албайт.

Ошондуктан мен бул китебимди эң жөнөкөй кеңеш менен аяктагым келет: жашооңузда дене тарбиялык машыгуу үчүн убакыт таба билиңиз, анткени ал — сиздин ден соолугуңузга, келечегиңизге жана бак-таалайыңызга карата эң сонун капиталдык салым.

**«Эгерде мезгил — бул өмүрдүн өзү болсо, анда ден соолук доорубузга маңыз берет жана жашообузга ыракат тартуулайт».**



Автордун жарык көргөн башка эмгектери:

- Mohammed bin Rashid Collection of Poems (1990)
- Al Umsiah Collection of Poems (1997)
- My Vision: Challenges in the Pace for Excellence (2006)
- Poems from the Desert (2009)
- 40 Poems from the Desert (2011)
- Spirit of the Union: Lecture on the Occasion of the United Arab Emirates' Fortieth National Day (2012)
- Flashes of Wisdom (2015)

# Кыскача түшү… сөздүк

Аал Мактум (арабча «аал» (آل) — «урпактары», «үй-бүлөсү» сөзүнөн жана Мактум (مكتوم) генониминен турат) — араб шейхтеринин сулалеси. Мактум урпактары 1833-жылдан тартып, Дубайдын бийлөөчү катмарын түзгөн жана алардын өкүлдөрү 1971-жылдан тартып, азыркыга чейин Дубайдын эмири кызматын ырааттуу ээлеп келишет. Алар БАЭнин жалпы федерациялык өкмөт башчысы жана вице-президенти кызматтарын укумдан-тукумга аркалап келүүдө.

Аал Нахйан (арабча «аал» (آل) — «урпактары», «үй-бүлөсү» сөзүнөн жана Нахйан (نهيان) генониминен турат) — араб шейхтеринин сулалеси. Нахйан урпактары 1761-жылдан тартып, Абу-Дабинин төбөлдүк катмарын түзүп келген жана алардын өкүлдөрү иш жүзүндө 1971-жылдан тартып, азыркыга чейин Абу-Даби эмирлигинин эмири жана БАЭнин жалпы федерациялык президенти кызматтарын укумдан-тукумга аркалап келүүдө.

Абу-Даби — Жакынкы Чыгыштагы шаар. Ал БАЭнин жана Абу-Даби эмирлигинин борбор шаары болуп эсептелет.

Абу-Даби — БАЭнин курамындагы эң ири эмирлик.

Араб булуңу — Перс булуңунун арабча аталышы. Кээде адабиятта тек гана «Булуң» (الخليج) деп аталып келет. Булуң Иран менен Арабстан жарым аралынын ортосунда жайгашкан. Ормуз кысыгы аркылуу Оман булуңу, Арабстан деңизи жана Инд мухити менен байланышат. Булуңду жээктей жайгашкан өлкөлөр: Бахрейн, БАЭ, Ирак, Иран, Кувейт, Оман, Сауд Арабстан. Аянты — 239 000 км², узундугу — 926 км, туурасы — 180–320 км. Ири аралдары: Кешм, Бубиян, Бахрейн. Булуңдун аймагы мол мунайзат кендерин камтыйт.

БАЭ — толугураак караңыз: Бириккен Араб Эмирликтери.



БАЭнин президенти — Бириккен Араб Эмирликтеринин жалпы мамлекет башчысы. Өлкөнүн эң ири федерациялык мүчөсү — Абу-Даби эмирлигинин башчысы бир эле учурда БАЭнин президенти болуп саналат.

БАЭнин премьер-министри — Бириккен Араб Эмирликтеринин жалпы өкмөт башчысы. Өлкөдөгү экинчи ири федерациялык мүчө — Дубай эмирлигинин башчысы бир эле учурда БАЭнин өкмөт башчысы болуп саналат.

БАЭге чектеш мамлекеттер — Жакынкы Чыгыштагы Арабстан жарым аралынын чыгышындагы жети эмирлик түзгөн федерациялык мамлекетке чектеш өлкөлөр: батышында жана түштүгүндө — Сауд Арабстан; түштүк-чыгышында жана түндүк-чыгышында Оман.

БАЭнин түпкү калкы — негизинен сунний мусулмандардан турган арабдар. Албетте, жалпы калктын басымдуу бөлүгү (70 пайыздайы) — Түштүк, Түштүк-Чыгыш Азиядан жана дүйнөнүн башка өлкөлөрүнөн келген эмгек мигранттары. БАЭнин жалпы калк саны (мигранттарды кошкондо) 10 миллион 208 миңден ашуун кишиден турат. XXI кылымдын башынан тартып бул мамлекетке кыргыз мигранттар да көчүп келүүдө.

Бириккен Араб Эмирликтери (БАЭ; арабча: ал-Имараат ал-Арабиййа ал-Муттахида, англисче: United Arab Emirates) — Жакынкы Чыгыштагы Арабстан жарым аралынын чыгышындагы жети эмирликтен турган федерациялык мамлекет. Ал Перс жана Оман булуңдарынын жээгинде жайгашкан. Бул федерациядагы Абу-Даби, Ажман, Дубай, Рас-эл-Хайма, Умм-эл-Кайвайн, Фужейра жана Шаржа деп аталган эмирликтердин ар бири чексиз жеке бийлик өкүм сүргөн мамлекет болуп саналат. Кээде кыскача «Эмираттар» деп да аталат.

«Булуң Кызматташтык Кеңеши» (Gulf Cooperation Council, кыскача GCC/БКК) — Перс булуңундагы араб мамлекеттеринин чөлкөмдүк жабык эл аралык уюму. 1981-жылы 25-майда негизделген. Уюмдун башкы катчысынын кеңсеси Эр-Рияд шаарында (Сауд Арабстан) жайгашкан. Мүчөлөрү: Бахрейн, БАЭ, Катар, Кувейт, Оман, Сауд Арабстан. Негизги максаты — мүчө өлкөлөрдүн өз ара экономикалык, социалдык, маданий ж.б. кызматташтыгын багыттоо.

Дубай эмирлиги — БАЭнин курамына кирген эмирликтердин ичинен аянтынын чоңдугу боюнча (4114 чарчы чакырым) экинчи орунда турган жана калк саны жагынан (2,1 миллиондон ашуун киши) биринчи орунда турган жеке бийликтик мамлекет. Ал Перс булуңунун түштүгүндө жайгашкан.

Дубай (арабча: دبي) шаары — БАЭнин курамындагы ушундай эле аталган эмирликтин борбору. Ал БАЭдеги эң ири шаар болуп саналат. Ал суусу терең деңиз портуна ээ жана БАЭнин гана эмес, жалпы Жакынкы Чыгыштын маанилүү соода жана каржы борбору катары маалым.

Эмирлик (арабча: имаара; إمارة) — «эмир» («амир»; орто кылымдарда бул сөзгө түрктөрдүн «бек» сөзү маанилеш болгон) титулун алган мамлекет башчы башкарган жеке бийликтик мамлекет. Адатта мындай мамлекеттерде чексиз монархиялык түзүлүш үстөмдүк кылат. Бул сөздүн арабча көптүк түрү — «имаараат» (إمارات). Аны кыргызча «эмирликтер» деп которуу абзел. «Каганат» сөзүнө окшоштуруп «эмират» деп которгондо мындагы бир нече эмирликтен турган федерациялык мамлекет мааниси жуулуп кетиши ыктымал. XI кылымдагы чыгаан түрколог, сөздүкчү жана этнолог Махмуд Кашгари Барскани өзүнүн арабча жазган «Дивану лугат ат-түрк» («Түрк тилдеринин сөз жыйнагы»; 1072–1077) эмгегинде арабча «эмир» сөзүн түрк тилдериндеги «бек» сөзүнө маанилеш катары көрсөткөн. Тарыхта «эмир» титулу менен эле чыныгы өкүмдар болгондор арбын чыккан. Мисалы, Борбордук Азиядагы Эмир Темир, Бухара эмирлиги.

Түзгөн Т. К. Чоротегин



Мохаммед ибн Рашид ал-Мактум

# Ой учкундары

Долбоордун координатору *К. Усупова*
Долбоордун ассистенти *А. Осмоналиева*

Басууга 12.02.2021-ж. кол коюлду. Форматы 70×100 1/16.
Офсет кагазы. Montserrat гарнитурасы. Офсеттик басма.
Көлөмү 9,5 б. т. Нускасы 2000. Буюртма №399.

Редактору *Ж. Медералиева*
Корректору *С. Рысбекова*
Техникалык редактору *Ж. Жолдошева*
Компьютерде калыпка салган *В. Вихарев*

ARCUS PUBLISHING

Басууга «Издательство «Аркус» ЖЧК тарабынан даярдалды
720016, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Самойленко көч., 7в

ПОЛИГРАФИЧЕСКИЙ КОМПЛЕКС ST.art Ltd

«ST.art LTD» ЖЧКнын басмаканасында басылды
720040, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Тыныстанов көч., 199-46




БАЭнин картасы

тектери:

н ырлар

гы (1997)

арыштагы

теринин

дарс (2012)
2015)

Автордун жарык көргөн эмгектери:

- *Мохаммед ибн Рашиддин ырлар жыйнагы* (1990)
- *"Ал-Умсия" ырлар жыйнагы* (1997)
- *Менин көз карашым: кемтиксиздикке карай жарыштагы чакырыктар* (2006)
- *Чөлдүн ырлары* (2009)
- *Чөлдүн 40 ыры* (2011)
- *Биримдиктин руху: Бириккен Араб Эмирликтеринин көз карандысыздыгынын 40 жылдыгына арналган дарс* (2012)
- *Акылмандык учкундары* (2015)

**Узак мөөнөттүк тажрыйбасы бар, иши байсалдуу жүргөн араб лидеринин жетекчилик жана турмуш жаатындагы идеялары менен жекече тажрыйбасы ширетилген көп тарамдуу китеби.**

Халифа ибн Зайид Аал Нахйан
БАЭнин президенти

Мен БАЭде өткөрүлгөн "Дүйнөлүк Өкмөт саммитинин" бир бөлүгү катары жандуу баарлашуу отурумун жетектедим. Биз башкаруу жана жолбашчылыктан жекече турмуш, ийгилик жана анын кыймылдаткыч күчтөрү сыяктуу маселелерге чейин өтө кеңири пландагы темаларды иликтөөгө алдык.

Бул отурум көптөгөн омоктуу ой-пикирлер үчүн да, анын ичинде өз мамлекетибиздин болочогу тууралуу ой чабытыбыздын жүрөк толтосундагы идеялар үчүн да, аныктоочу учур болуп калды.

"*Ой учкундары*" эмгегимде мен бул баарлашууну даректештирдим жана кеңейттим. Мен эч кандай илимпоз же даанышман ойчул эмесмин. Тажрыйбалардын, идеялардын жана көз караштардын бул топтомунун мүдөөсү — тек гана өлкөгө кызмат кылып, элге бак-таалайлуу турмушту камсыз кылуу.

Мохаммед ибн Рашид ал-Мактум